Алымкул лашкер башы болжол менен Кокон хандыгында жети жылга жакын 1858-1865-жж чейин мамлекеттик кызматта турган. 1862-63-жж. Бухара эмири Музаффардан Кокон хандыгынын көз карандысыздыгын сактаган [14,193-94-бб.] жана алардын хандыкты ээлөөгө болгон аракетине катуу сокку берген [17, 213-б.].

“Ак жолборстой Алымкул,
Айкырып атка мингенде.
Аччыгы чындап келгенде,
Азахардай залым кул.
Кызыл чаар шер эле,
Кыргыздан чыккан эр эле.
Кара-чаар шер эле,
Карадан түшкөн эр эле.
Алыскы жоо душманга,
Айдыңы көп зор эле...” [9, 60-б.]
– деген саптарда Алымкул лашкердин марттыгы сүрөттөлөт.

Кудаяр хандын жүргүзгөн саясатына каршы 1862-жылдын сентябрь айында Алымкул лашкер башы кыргыз, кыпчактарды жетектеп Хал датка, Алибай датка, Жумабай, Мамет, Мырзабек, Ташбек сыяктуу бийлер баштаган [18, 43-44-бб.] кыргыз, кыпчак уруулары Алымкулдун жетекчилиги астында хандын сарбаздары менен ийгиликтүү кармашкан. Алар Наманган, Маргалан, Кожент шаарларын убактылуу каратып алышкан.

1863-жылы 9-июль күнү Маллабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка олтургузулган. Кыргыз-кыпчактардын жамаатындагы эң таасирдүү мамлекеттик ишмер жана таланттуу кол башчы Алымкул [8, 125-б.] Султан Сейитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алган [12, 126-б.; 18, 44-б.; 8, 125-б.].

1863-жылдын жайындагы Кокон көтөрүлүшүнөн кийин пайда болгон Алымкул аталыктын өкмөтү жылдын экинчи жарымында орус жүрүшүн тосуу үчүн катуу даярдыкка өткөн. Алымкул лашкер башчы Кашкардагы саясий иштерди да жөнгө салып тургандыгын [3, 160-б.] булактар ырастайт. Демек, Алымкул лашкер башы Кашкарда “Жети-Шаар” мамлекетин негиздөөгө да салым кошкон. Себеби, ал жиберген Бакдөөлөт Жакыпбек мамлекет кура алган.

Падышалык Россиянын 1864-жылы Түркстан, Олуя-Ата, Чимкент шаарларын алгандагы мусулман - орус беттешүүсүнүн күбөсү болгон Молдо Нияз Алымкул жөнүндөгү казалында Кокондун аскер башчысы Алымкул жети күндө Чимкентке жетип, катуу уруш салганы, ишенген баатыры Миңбай датка жардамга келгенде душманды жакшы эле сүрүп барганы жөнүндө айтып келип:

“Эл давлати эссиз эр,
Эр Миңбайдан баш кетти.
Алымкулдун көзүнөн
Үч күнгөчө жаш кетти” [9, 16-б.] - дейт, башкача айтканда жеңишке жетип бараткан Алымкулдун ишенген канаты кайрылганын, ошондон улам согуш токтоп, эки жак келишим түзүп, тарап кетишкенин белгилейт:

“Эч муратка жете албай,
Элчи коюп арага,

Эки жакка айрылды.
Олуя - Ата, Пишкеги
Орус кафир ол кетти” [9, 7-б.] - деп баяндалат.

Алымкул лашкер башы өлкөнүн тынчтыгын ойлоо менен Кокон-Россия мамилелеринин курчуп кеткенинен Англияга (Улуу Британия) Молдо Кожобек элчи алып барган катты [10, 17, 226-б.], ошондой эле М.Д.Черняевге бир нече жолу элчилерин жана кат жиберип, жоолашпай ынтымакка келүүнү, алар караткан шаарларды кайра кайтарып берүүнү өтүнгөн [17, 228-б.].

Ушундай эле элчиликтер Петербургга жана Англия королуна жөнөтүлгөндүгү тууралуу материалдар Х.Турсунматов жана Р.Шамсутдиновдордун тарыхый романында да айтылат [16, 100-101-бб.]. Бирок бул өтүнүчтөрдөн майнап чыкпай 22-сентябрда Чымкент шаары да М.Г.Черняевдин колуна өткөн. 2-4-октябрда Ташкентке жүрүш жасалган, бирок М.Г.Черняев жеңишке жетише алган эмес [17, 228-б.]. Бул окуя тууралуу Молдо Нияздын Алымкул казалында төмөндөгүчө айтылган:

“Коргон салып Алымкул
Коруп калды Чимкентти,
Тахкын кылды Ташкентти” [9, 62-б.] - деп сүрөттөлөт.

1864-ж. 4-6-декабрда Ыкан (Икан) кыштагынын алды жагында согуш болуп жеңиш Алымкул тарапта болгон. Мындагы Алымкул лашкер башынын согуштук искусствосу боюнча есаул Серовдун 1864-ж. 8-сентябрда Түркстан шаарынын комендантына жиберген билдирүүсүндө берилген [102, 80-83-бб.]. Ошондой эле М.Хорошиндин топтогон архивдик материалдарында да Икан согушунун жүрүшү жана орус - казак аскерлеринин курмандыктары тууралуу кеңири баяндалат [19].

“Кулан сындуу Алымкул,
Хан болду чыгып карадан.
Баатырдыгын барчага,
Азаматтыгын ааламга,
Бүтүндүгүн Бухарга,
Үрүстөмдүгүң Урумга.
Маалим болуп жетти эле.
Балли сизге Алымкул” [9, 64-б.]

- деген саптарда Алымкул лашкер башынын согуштук искусствонун чебери экендигин ырастайт.

1865-жылдын жазында Кокон - Бухара арасында жаңы жаңжалдын башталышын ыңгайлуу учур деп санаган генерал М.Г.Черняев 29-апрелде Ташкентке жакын турган Ниязбек чебин басып алып, шаарды суусуз калтырган [16, 149-б.]. Ташкентти коргогон Алымкул аталыктын негизги күчтөрү менен орус аскерлеринин ортосунда 9-май күнү каттуу салгылашуу болуп, кандуу кармашта Алымкул аталык оор жарадар болгон жана анын өлүмү Кокон күчтөрүнүн чегинүүсүнө алып келген [7, 142-б.]. Бул учурдагы душмандардын сүйүнүчү менен күйүнүчүн Молдо Нияз Алымкул жөнүндөгү казалында төмөндөгүчө сүрөттөйт:

“Ордодон туйгун учту” - деп
Оруска чапты сүйүнчү.
Кыргыздын ханы өлдү деп
Кытайга чапты сүйүнчү.
Бутпарас маңгыт аралаш
Бухарга чапты сүйүнчү.
Ак жолборс көзүң өттү эде
Саратанда кыш түштү.
Сан журтуңнун башыга
Кыяматтай күн түштү...” [9, 17-18-бб.]

– деп журт башына келген кайгыны айтат.

Баш аламан түшкөн шаарга 14-15-июнь күндөрү чабуул жасалып, 17-июнь күнү Ташкент багынып берген.

Ошентип, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу кол башчы жана кыргыз элинин ичкилик кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Алымкул аталык 1865-жыл-

дын 9-майында Мекен үчүн шейит болуп Ташкенттеги Шейхантаур (Шейх Хованд Тахур) мазарына коюлган [11, 16, 154-бб.].

Эфакта жаның үзүлдү,
Чырактай көзүң жумулду.
Мусафир Ташкен шаарына,
Беит болдуң, Алымкул [9, 65-б.].

Алымкул аталык журт азаттыгынын курманы өз элинин чыккынчыларынын колунан шейит кеткендигин бир канча тарыхый эмгектер жана информаторлор [2] да ырасташат.

Мундуз уруусунан чыккан Молдо Калбек Муса уулу да Алымкул аталыктын эрдиктерин даңазалап, анын өлүмүнө кайгырып, жаназасына катышканын өз ырында жазып калтырган [13, 12-б.]. Анда төмөндөгүдөй арман берилет:

“Жок эми Фергана сендей дүйнө сакчы,
Ферганын жалгыз коргоочусу, кош бол!
Токсон эки жерден издеп, сендей аганы таппайбыз,
Деп, колбашчылар турушат ыйлашып.
Берген тузуңа раазы бол, жакын тууганым, кош бол!
Айрылып калды сенден Мулла Халбектей пенде,
Перзенттериң, малы мүлкүң калды, кош бол! [1, 78-б.]

Демек, Алымкул лашкер башы Кокон-кыргыз мамлекетиндеги кыргыз, өзбек, кыпчак, тажик жана казак элдеринин орус падышачылыгына көз каранды эместиги үчүн журт азаттыгынын курманы болгон. Кокон хандыгын өз мамлекетиндей, өз өлкөсүндөй сактап калууну, ага ээлик кылууну көздөгөн Алымбек датка менен Алымкул лашкер башы хандыкты коргоп, азаттык үчүн каны-жанын беришкен.

Колдонулган адабияттар

1. Алымкул Аталык: тарыхый булакнаамалык бейне / түз.Т.Кененсариев; Өзбек тилинен котор. А.Топчуев. – Ош: [Б-сыз], 1999.
2. Акматов, Мамасалы. – Жалал-Абад шаары, 2016.
3. Валиханов, Ч.Ч. Народонаселение / Ч.Ч.Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1985. – Т. 3.
4. Донесение есаула Серова от 8 декабря 1864 г. [Текст] // Русский Туркестан. – М., 1872. – С. 80-84. – (Прил. к 3 вып. сб. Рус. Туркестан).
5. Ибрат, И.Т. Фаргона тарихи / И.Т. Ибрат // Мерос. Тарихий эссе. – Ташкент, 1991.
6. Кененсариев, Т. Еще раз об Алымкуле Лашкер башы. [Электронный ресурс] / Т. Кененсариев. – Режим доступа: //http:
7. Кененсариев, Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясий өнүгүүсү / Т. Кененсариев. – Бишкек: Бийиктик, 2009.
8. Кененсариев, Т.К. Кыргызстандын Орусияга каратылышы (1855, 1863, 1868, 1976). / Т. Кененсариев. – Бишкек: Кыргызстан, 1997.
9. Молдо Нияз. Санат дигарасттар / Молдо Нияз. – Бишкек: Мамл. Учкун концерни, 1993.
10. Молдокасымов, К. Алымкул Аталыктын теги жана өспүрүм кези [Электронный ресурс] / К. Молдокасымов. – Режим доступа: //http: //www. azattyk.org/a/1219017.html. – Загл. с экрана.
11. Мухаммед Салих Кори Ташкенди. Новая история Ташкента./ Мухаммед Салих Кори Ташкенди // Ташкент, ташкентцы и Россия. – Ташкент, 1965.
12. Молдокасымов, К.С. Кыргыз айымдары тарых таразасында (X1X к.): илимий-публ. тарыхый чыгарма / К.С.Молдокасымов, А.Т.Абасбеков. – Бишкек: [Б-сыз], 2004.
13. Мусабеков, А. Мамырбек баатыр. / А.Мусабеков. – Ош, 2012.
14. Наливкин, В. Краткая история Кокандского ханства / В.Наливкин. – Казань: Тип. Императ. ун-та, 1886.
15. Набиев, Р.Н. Из истории Кокандского ханства (феодальное хозяйство Худояр-хана) / Р.Н.Набиев. – Ташкент: Фан, 1973.

16. Турсунматов, Х. Жалын / Х.Турсунматов, Р.Шамсутдинов; (“Елкин” кыргызчага котор. А.Исраилов. – Бишкек, 2013.
17. Өмүрбеков, Т. Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу – XX кылымдын башы) / Т.Н. Өмүрбеков. – Бишкек: Бийиктик, 2003.
18. Усенбаев, К. Общественно–экономические отношения киргизов в период господства Кокандского хансва (XIX век до присоединения Киргизии к России) ./ К. Усенбаев. – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1961.
19. Хорошин, М. Геройский подвиг уральцев. Дело под Иканом 4-5 и 6 декабря 1864 года. – Уральск: Тип. Урал. казачьего войска, 1895 [Электронный ресурс] / М.Хорошин. – Режим доступа: regiment.ru/Lib/A/26/1.htm. – Загл. с экрана.

УДК: 39: 573.2 (575.2) (04)

БАТЫШ ЖАНА ОРУС ОКУМУШТУУЛАРЫ ТАРАБЫНАН ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ФЛОРАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ (XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫ)

Абдиева А.М.[1], Миталип у.А.[2], Сүйүнбай к.А.[3]
[1,2,3]Баткен мамлекеттик университети, Сүлүктү ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, көл өнөрчүлүктө, сулуулук каражаты катары, элдик медицинада, элдик ветеринарияда ж.б. флораны пайдалануунун кылымдар бою топтолгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан азын-оолак изилденип келе жаткандыгы туурасында маалыматтар берилген. Автор XIX к. аягынан тарта батыш жана орус окумуштууларынын жана саякатчыларынын Орто Азияга байма-бай келиши, анын ичинде кыргыз жерине кызыгуулары, бул аймактардын флора жана фаунасы боюнча илимий эмгектерине токтолот. Ошондой эле, постсоветтик республикаларда XX к. акырынан тарта бул багытта атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлүүсү жана жарыяланган бир топ илимий эмгектер жөнүндө берилет. Илим жаатындагы "Этноботаника" илимий багытынын калыптанышы, этнология илими менен тыгыз байланышы жөнүндө жана бул багытта Кыргызстанда алгачкы кадамдардын жасалышы, бирок атайын изилдөөлөрдүн жок экендигине токтолот.

Ачкыч сөздөр: чарбачылык, элдик медицина, этноботаника, этнология, маданият, орус окумуштуулары, фольклор, флора, фауна.

ИЗУЧЕНИЕ ФЛОРЫ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ ЗАПАДНЫМИ И РОССИЙСКИМИ УЧЕНЫМИ (КОНЕЦ XIX - НАЧАЛО XX ВЕКА)

Абдиева А.М.[1], Миталип у.А.[2], Сүйүнбай к.А.[3]
[1,2,3]Баткенский государственный университет, г. Сулукта, Кыргызстан

Аннотация

В данной статье рассматривается многовековой народный опыт кыргызского народа об использовании флоры в хозяйстве и быту, как средство красоты продлевания молодости, народной медицине, народной ветеринарии и др., этот вопрос мало изучен представителями общественных и естественных наук. В материалах о частых визитах западных и российских ученых и путешественников в Центральную Азию, в том числе на кыргызскую землю в XIX веке отражены в том, что их интерес сосредоточены на флоре и фауне этих регионов. В статье также представлены специальные исследования в этой области и ряд опубликованных научных работ в постсоветских республиках в XX в. Автор рассказал о формировании научного направления «Этноботаника» в области науки, его тесной связи с наукой этнологии и первых шагах в этом направлении в Кыргызстане, но и об отсутствии специальных исследований.

Ключевые слова: хозяйство, народная медицина, этноботаника, этнология, культура, русские ученые, фольклор, флора, фауна.

STUDY OF THE FLORA OF THE FERGHANA VALLEY BY WESTERN AND RUSSIAN SCIENTISTS (LATE XIX - EARLY XX CENTURY)

Abdieva A.M.[1], Mitalip u. A.[2], Suyunbai k. A.[3]
[1,2,3]Batken State University, Suluktu city, Kyrgyzstan

Annotation

This article discusses that the centuries-old folk experience of the Kyrgyz people in the use of flora in the economy, everyday life, as a means of beauty, folk medicine, folk veterinary medicine, etc. has been little studied by representatives of social and natural sciences. Shown are the frequent visits of Western and Russian scientists and

travelers to Central Asia, including the Kyrgyz land in the 19th century, their interest is focused on the flora and fauna of these regions. There will also be presented special studies in this area and a number of published scientific works in the post-Soviet republics in the twentieth century. The author spoke about the formation of the scientific direction "Ethnobotany" in the field of science, its close connection with the science of ethnology and the first steps in this direction in Kyrgyzstan, but also about the lack of special research.

Keywords: economy, folk medicine, ethnobotany, ethnology, culture, Russian scientists, folklore, flora, fauna.

Өсүмдүктөрдү пайдалануу маселесине кызыгуу байыркы мезгилде эле башталган. Античтик доордогу авторлордун эмгектеринин негизинде орто кылымдардагы Европада да, Чыгыш өлкөлөрүндө да чөптөрдүн дарылык касиетине арналган эмгектер пайда боло баштайт [1, 136-468].

Улуу географиялык ачылыштардан кийинки экспедициялар учурунда ар кайсы континенттердеги жергиликтүү калктардын өсүмдүктөрдү пайдалануусу тууралуу эскерткен эмгектер пайда болот [2, 504].

Американын жергиликтүү калкынын маданияты, анын ичинде, өсүмдүктөрдү пайдалануусу тууралуу маалыматтарды алгач эч кандай илимге тиешеси жок кишилер-саякатчылар, католик миссионерлери, аскер кызматкерлери чогулткан [3, 748].

XIXк. ортосунан баштап бул багытта этнологдордун жана ботаниктердин биргелешкен изилдөөлөрү жүргүзүлө баштайт. Европада өсүмдүктөр менен түрдүү элдердин маданиятынын өз ара мамилелери тууралуу көптөгөн эмгектер пайда болот [4, 174].

Россияда бул багытта атайын маалыматтар чогултулуп изилденген эмес. Жарык көргөн басылмаларда саякатчылардын, түрдүү багыттагы окумуштуулардын тигил же бул элдердин өсүмдүктөрдү пайдалануусу тууралуу кыскача маалыматтар кезигет [5, 319].

XIX к. аягынан тарта этноботаникалык материалдарды чогултууга, талдоого илимий мамиле жасоо башталат. XIX-XXкк. чегинде америкалык окумуштуулар Түндүк Америкадагы индейлер пайдаланган өсүмдүктөр тууралуу маалыматтарды чогултуп, алар тууралу баяндамаларды бере баштаган. Ошондон тартып этнологдордун бул маселеге кызыгуусу пайда болот [4, 173].

Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын да, ар кайсы аймактарынын жаратылышы, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, аларды пайдалануу жөнүндөгү XIXк. аягы – XXк. башына тиешелүү маалыматтарды россиялык авторлордон кезиктиребиз.

Фергана өрөөнүнүн жаратылышы, өсүмдүктөрү жана фауналары окумуштууларды байыркы мезгилдерден бери эле кызыктырып келгендиги маалым [6, 5].

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башынан баштап Орто Азияга, анын ичинде кыргыздар жашаган аймакка, падышалык Россиянын кызыгуулары арткан. Анын бир көрүнүшү катары орус окумуштууларынын бул аймакка байма-бай каттап, түрдүү багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүсүн айтсак болот. Атап айтканда Ч.Ч. Валиханов, П.П.Семенов-Тяньшанский, Н.М.Пржевальский, А.П.Федченко, И.В.Мушкетов, Н.А.Северцев, Г.И.Краузе, А.А.Кушакевич, А.Регель, В.В.Радлов, Н.А.Аристов, Д.А.Клеменц, В.В.Бартольд, С.Е.Малов, Б.А.Федченко, А.Диваев, З.А.Минквиц ж.б. у.с. окумуштуулар тарабынан экспедициялар уюштурулуп, кыргыз элинин тарыхы, географиясы, табияты, фольклору, маданияты, флорасы, фаунасы ар тараптан изилденип, баалуу материалдар топтолгон. 1903-1917-жж. белгилүү ботаник Б.А.Федченко жетектеген экспедиция тарабынан Фергана өрөөнүнүн өсүмдүктөрүнүн үстүнкү катмары изилденип, кеңири мүнөздөмө берилген [7, 25].

Кыргыздар өздөрүнүн көчмөн жашоо турмушунун мүнөзүнө ылайык турмуш-тиричилигинде жыгачтан жасалган буюмдарды пайдалануу ыңгайлуу болгон. Анткени, алар биринчиден-жеңил; экинчиден-пайдалануда бекем; үчүнчүдөн-экологиялык таза; төртүнчүдөн-ысык-муздакка колдонуу учурундада курамынан эч кандай зат бөлүп чыгарган эмес. Андай буюмдарды колунан көөрү төгүлгөн кол өнөрчүлөр жасаган.

Белгилүү окумуштуу, географ А.П.Федченко кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен тиричилик кылышат, мындан бөлөк элде кол өнөрчүлүк да өрчүгөн. Бирок кол өнөрчүлөрдүн жасашкан эмеректери да күнүмдүк турмушта гана пайдаланылат. Маселен, аялдар тигишкен элдик оюм-чийими бар кийимдер кийилип, же үй ичинде төшөнчү катары кызмат кылат. Ал эми эркектер ат жабдыктарын-ээр токум, үй-турмушунда керектүү аспаптарды жасашат деп белгилеген [8, 371].

Орто Азия элдерибайыркы мезгилдерден бери өсүмдүктөрдү тамак-аш үчүн гана пайдаланган эмес. Ошол эле мезгилдерде дарылык касиети бар өсүмдүктөр турмуш-тиричиликте кеңири пайдаланылган. Мындан сырткары, ошол мезгилге таандык ачык түскө боёлгон кездемелерге түшүрүлгөн орнаменттер байыртадан эле өсүмдүктөрдү боёочу каражат катарында да пайдаланып келгендигинен кабар берет [9, 15].

Кыргызстандын аймагы кеңири изилденүүгө XIX кылымдын экинчи жарымынан орус саякатчылары жана окумуштуулары тарабынан алына баштаган. Тилекке каршы алар негизинен кыргыздардын жашоо турмуш-тиричилигинин абалына, жүргүзүп келе жаткан чарбачылыгына жана көркөм маданий оозеки чыгармачылыгына көбүрөөк көңүл бурушкан. Ал эми кыргыздар жашаган чөйрөдөгү табигый өскөн жана эгилме флорага, аны таанып билүүсүнө, флорадан жасалган буюм-тайымдар жана алардын жасалышына, эмгек шаймандарына, тамак-аштарына, оору-сыркоолордо, мал ылаңдарына дары катары колдонуу ыкмаларына, боёк жана адамды сулууландыруучу каражаттар катары пайдаланып келгендиги жөнүндө изилдөөлөр жетишсиз болгон.

XIX кылымдын орто ченине чейин орус саякатчылары жана окумуштуулары И.Унковский, Ф.Ефремов жана Ф.Назаровдор Кыргызстанга мезгили менен саякаттап келишкен. Алар алгачкылардан болуп чөлкөмдүн жаратылышы жана анын өсүмдүктөр жана айбанаттар дүйнөсүн камтыган баалуу маалымат байкоолорун жазышкан [9, 16].

Кыргызстандын жана анын ичинде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагынын жаратылышындагы тоо дарыясын жээктеп өскөн тал, терек, зараң, ак кайың, четин, кайрагач, жапайы алма, жапайы өрүк бак-дарактуу өсүмдүктөрү, арча, сары гүлдүү ит мурун, карагат, долоно, чычырканак, табылгы, бөрү карагат, шилби, бадам караган-буталуу өсүмдүктөрү, топ-тобу менен өскөн, токойду түзбөгөн карагайлары жана чөптөрдүн түрлөрү, анчалык бийик эмес, жылуу жерлерде жасалма жол менен өрчүтүлгөн өрүк, алча, шабдалы, алма, грек жаңгагы, жүзүм өсүмдүктөрү жана жасалма суугат жолу менен убайымдуу жүргүзүлгөн бакчачылык жумуштары жөнүндө баалуу маалыматтарды Загряжский Г. С. калтырган [10, 8-11].

Көрүнүп тургандай XIX кылымдын орто ченинде жогоруда аталган орус окумуштуулары тарабынан кыргызстандын жаратылышы жана анын флорасы жөнүндө айрым фактылык маалыматтар топтолгон.

XIX кылымдын экинчи жарымынан кыргыздардын Россиянын курамына кошулушунан баштап, кыргыздардын жаратылышын жана анын флорасын изилдөөнүн жаңы этабы башталган.

Кыргызстандын жаратылышын жана анын флорасын Орус географиялык коомунун көрүнүктүү ишмери П.П.Семёновдун жетекчилигинде биринчилерден болуп орус экспедициясы Тянь-Шань тоолоруна, ойдуң-түзөңдөрүнө, тоо ашууларына, ал жерде өскөн бак-дарактарга, өсүмдүктөрүнө, бийиктеген сайын өсүмдүктөрдүн өзгөрүүлөрүнө изилдөөлөр жүргүзүлгөн жана бир миң даана өсүмдүктөрдүн коллекциясы, бир нече илимде формалары белгисиз өсүмдүктөр жыйналган. Мындан сырткары Фергана өрөөнүндө жаңгак, кара жыгач жана өрүк токойлорунун өскөндүгүн кабарлайт [11, 87]. Анын эмгеги Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө илимий изилдөөгө жалпы доорго жол ачты.

Окумуштуу-саякатчы Ч.Ч.Валиханов Кашкарга жасаган саякатында Тянь-Шандын түндүгүнөн түштүгүнө өтүп, Ала-Бел сыртына, андан чоң Нарындын жана Борколдой тоосуна баргандыгы жөнүндө токтолуп, кыргыздардын чарбачылыгына, уруулук коомдук түзүлү-

шүнө, жаратылышы жөнүндө бай материалдарын берип, физикалык географияга өзгөчө өзүнүн салымын кошкон. Кыргыздар жашаган чөлкөмдүн жаратылышына, анда өскөн сейрек кездешчү карагай токойлоруна, түркүн табигый талаа өсүмдүктөрүнө биринчилерден болуп географиялык адабиятта туура мүнөздөмө берген [12, 26].

Кийинчерээк, көрүнүктүү окумуштуу, саякатчы географ, ботаник Н. А. Северцов Тянь-Шанды жана Ысык-Көлдү айланып, флора жана фауна боюнча талаа изилдөөлөрүн жүргүзүп, Тянь-Шанда өсүмдүктөрдү алкактар боюнча бөлүп чыккан. Өсүмдүктөрдүн мелүүн жана ысык алкакта өсүү өзгөчөлүктөрүн белгилеген. Кыргыздар өсүмдүктөрдү мыкты өздөштүргөндүктөн турмуш-тиричиликте колдоно турган буюм-тайымдарын обьектисине, максатына карай түрдүү алкакта өскөн өсүмдүктөр материалдарын сапатына жараша пайдаланышкандыгын көрсөтөт. Алар бири-биринен катуулугу, жумшактыгы, ийилчектиги жана нымдуулугу менен айырмалангандыгын айтып кеткен [13, 304].

Түштүк Кыргызстанда, айрыкча Фергана чөлкөмүндө А.П. Федченко тарабынан маданиятка кирген сонун гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн бай картографиялык материалы жана этнографиялык коллекциясы жыйналгандыгын белгилөөгө болот [8, 190].

Кыргызстанда совет мезгилинде этнографиялык изилдөөлөр россиялык илимий мекемелердин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн. Кыргыздардын флораны пайдалануусу тууралуу кол өнөрчүлүк боюнча жазылган монографияларда аздыр-көптүр чагылдырылат. Бирок алардын көпчүлүгү Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздардын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн материалында жазылган. Кыргызстандын түштүк-батыш райондоруна тиешелүү материалдарды чагылдырган эмгектер саналуу гана жана толук картинаны бере албайт. Ошентсе да аларга токтолуу кажет.

Кыргыз элинин салттуу чарбачылыгын, тиричиликте пайдаланган буюм-тайымдарын, ырым-жырым жөрөлгөлөрүн, элдик салттуу дарыгерчилигин илимий этнографиялык өңүттө изилдеп, таасын баасын берген, кыргыз этнография илимине негиз салуучуларынын бири С.М.Абрамзондун [14, 896] эмгегин белгилөөгө болот. С.М.Абрамзондун көп жылдык изилдөөнүн натыйжасында топтогон материалдары эл арасынан жыйналгандыгы менен баалуу болуп саналат.

Кыргыз элинин жыгачтан жасалган буюмдарына жана жыгачты иштетүү ыкмаларына А.Ф.Бурковскийдин эмгеги далил боло алат [15, 94]. Бир катар экспедицияларга окумуштуу Е.И.Махова [16, 45-47] жана К.И.Антипина [17] катышкан. Алардын чогулткан жана иштеп чыккан материалдары коллективдүү да жана монографиялык да изилдөөлөрдө жарыяланган. Е.И.Махованын материалдарында түрк элдери тиричиликте пайдаланып жүргөн боз үйлөрдү салыштыруу менен экиге ажыратып, аймактык айырмалыктарын ачып көрсөтсө, К.И.Антипина түштүк кыргызстандын аймагындагы жыгач иштетүү кол өнөрүнө айрыкча көңүл бөлгөн. Ал кыргыз элинин жашаган боз үйлөрүнүн жасалыштарына, пайдаланган идиш-аяктарына, турмуш-тиричиликте пайдаланган жыгач буюмдарына жана алардын жасалыш ыкмаларына, аны менен катар тактайларга түшүрүлгөн оюуларга өзгөчө көңүл бурган [16], [17].

Адамдарга жана малдарга карата өсүмдүктөрдү кыргыздар салттуу түрдө дары-дармек катары мурдатан бери пайдаланыпкелгендиги жөнүндө кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында [18, 345] жана айрым окумуштуулардын этнографиялык эмгектеринен [10, 78] көрүүгө болот. Акыркы жылдарда кыргыздардын салттуу билимдерин изилдөөнүн үстүндө ар түрдүү багыттагы окумуштуулар эмгектенүүдө. Алар салттуу билимдер боюнча окуу колдонмолорду, монографияларды жарыялашууда [19], [20], [21], [22]. Бул эмгектерде кыргыздардын өсүмдүктөр дүйнөсү жөнүндөгү элдик түшүнүктөрү, жапайы өсүмдүктөрдү тамак-ашка, дарылыкка (элдик медицина, элдик ветеринария) пайдалануу ыкмалары тууралуу маалыматтар топтолгон.

Колдонулган адабияттар

1. Макьявелли Н. Рассуждения о первой декаде Тита Ливия // Сочинения исторические и политические. Сочинения художественные. Письма.– М.: НФ «Пушкинская библиотека», ООО «Издательство АСТ» 2004. – С. 136-468.
2. Юнкер В. В. Путешествия по Африке (1877–1878 и 1879 - 1886). М.: Государственное изд-во географической литературы, 1949. - 504 с.
3. Инка Гарсиласо де ла Вега. История государства инков. Л.: Наука, 1974. – 748 с.
4. Ткаченко К.Г., Лебедева Т.П. 173-б.
5. Крашенинников С.П. Описание земли Камчатки в двух томах. – СПб.: Наука, Петропавловск-Камчатский, «Камшат», 1994. Т. 1 – 438 с.;Т. 2 – 319с.
6. Кадыров А. А. Баткен тарыхы. - Ош.:2014. - 5-б.
7. Ганыбаева М.Р. Флора междуречья Исфана и Ляйляк (северный склон туркестанского хребта), автореф. дисс. на соискание учен. степ.канд. биолог. Бишкек, 2010. - 20– 25., - 12-13 с.
8. ФедченкоА. П. Путешествие в Туркестан. Т.1.вып.II-СПб.,- М.: 1950. – 371 с.
9. Ботбаева М. М. Растительный мир Кыргызстана – Б.: 2007. – 15 с., – 16 с.
10. Зеланд Н.Л. Киргизы. Этнологический очерк. Запр. СО РГО, кн. УП, Вып. II. 1885. – 8-11 с., - 78 с.
11. Семёнов-Тянь-ШанскийП. П. Путешествие в Тянь-Шань в 1856-1857гг.– М.: 1946. – 87 с.
12. Валиханов Ч.Ч. Сочинения “Записи русского географического общества по отд. Этнография”, под ред. Акад. Веселовского, Т. XXIX, Спб., 1904. -26 с., - 29 с., - 23-37.
13. Саркашкаев Э.А.Кыргыздардагы мал ылаңдарын дарылоонун элдик салттары (XIX кыл. аягы – XX кыл. башы. Кыргызстандын түндүгүнүн материалдарынын негизинде) тарых илим. канд., дисс. авторефераты. – Б.: 2015.
14. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча таңдалма эмгектер. “Кыргызстан – Сорос” фонду, -Б.: 1999. – 896-б.,
15. Бурковский А.Ф. Из истории техники обработки дерева у киргизов // УЗИФ КГУ. Вып. №3. Ф.: 1954. - 94 с.
16. Махова Е.И. Материальная культура киргизов как источник изучения их этногенеза. ТКАЭЭ. Т.III. – Ф.: 1959. –45-47 с.
17. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южной части Ошской области Киргизской ССР. Ф.: 1962. – 124 с.,- 143 с.,-12 с.,
18. Орозбаков С. “Манас” эпосу. Т.III.- Ф.: 1981.- 345-б.
19. Кыргыз элинин уюткулуу сырлары. Өсүмдүктөр дүйнөсү. – Б. 2013.
20. Кыргыз элинин уюткулуу сырлары: нукура кыргыз даамы. –Б. 2013.
21. Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздери. Окутуучулар үчүн колдонмо. Б.: 2014.
22. Ботоканова Г.Т. Традиционные знания кыргызов. – Б. 2015.

УДК: 39: 573.2 (575.2) (04)

КЫРГЫЗДАРДЫН ФЛОРАНЫ ДАРЫ КАТАРЫ ПАЙДАЛАНЫШЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАСАЛЫШЫНЫН ЭЛДИК ЫКМАЛАРЫ (XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ-XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮК-БАТЫШ ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ КЫРГЫЗДАРДЫН ТАЛАА МАТЕРИАЛЫНДА)

Абдиева А.М.[1], Кочкорбаева Э.Э.[2], Кузиева И.Н.[3], М.Д Саитмуратова.[4]
[1,2,3,4]Баткен мамлекеттик университети, Сүлүктү ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын флораны дары катары адамдарды дарылоодогу салттары байыркы мезгилге таандык экендигин далилдеген окумуштуулардын маалыматтары жөнүндө, кыргыздардын башка элдер менен болгон алака-мамилелеринин натыйжасында, алардын таасири тийгендигине карабастан, өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги белгиленди.

Ошондой эле, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары дары өсүмдүктөрдө адамдардын ден соолугуна пайдалуу биологиялык активдүү заттар бар экенин мыкты билишкендиги жана бул заттар менен ооруларды организмден кантип тазалоонун ыкмаларын да жакшы өздөштүрүшкөндүгү жөнүндө автор тарабынан жыйналган талаа материалдары берилген. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүндө ар түрдүү өлчөмдө болорун, ал эми кээ бир бөлүктөрүндө жок болорун аңдап билишкендиги жана аларды жасоо ыкмалары жөнүндө малыматтар берилди.

Ачкыч сөздөр: түштүк-батыш чөлкөмү, флора, фауна, табият, дары, Фергана өрөөнү, салттуу, кыргыздар.

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КЫРГЫЗАМИ ФЛОРЫ В КАЧЕСТВЕ ЛЕКАРСТВ И НАРОДНЫЕ МЕТОДЫ В ИХ ИЗГОТОВЛЕНИИ (В ПОЛЕВЫХ МАТЕРИАЛАХ КЫРГЫЗОВ ЮГО-ЗАПАДНОГО РЕГИОНА ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВЕКА)

Абдиева А.М.[1], Кочкорбаева Э.Э.[2], Кузиева И.Н.[3], М.Д Саитмуратова.[4]
[1,2,3,4]Баткенский государственный университет, г. Сулукта, Кыргызстан

Аннотация

В данной статье отмечается, что использования флоры в качестве лекарств кыргызов в юго-западном регионе Ферганской долины имеет свои особенности, несмотря на их влияние в результате взаимоотношений кыргызов с другими народами. А также, доказано учёными что традиционное народное лечение кыргызов принадлежит к древнему периоду.

Автором были предоставлены собранные полевые материалы о том, что юго-западные кыргызы Ферганской долины прекрасно знали, что лекарственные растения содержат биологически активные вещества полезные для здоровья человека и как они хорошо усваивали способы очищения организма от многих болезней. Даётся полезные информации о том, что лечебные свойства флоры бывает в различных частях растений в различных размерах, а в некоторых частях отсуствует и о способах изготовления лекарств юго-западных кыргызов Ферганской долины.

Ключевые слова: юго-западная зона, флора, фауна, природа, медицина, Ферганская долина, традиционно, кыргызы.

KYRGYZ USE OF FLORA AS MEDICINES AND FOLK METHODS IN THEIR MANUFACTURE (IN THE FIELD MATERIALS OF THE KYRGYZ IN THE SOUTHWESTERN REGION OF THE FERGHANA VALLEY IN THE LATE XIX - EARLY XX CENTURIES)

Abdieva A.M.[1], Kochkorbaeva E.E.[2], Kuzieva I.N.[3], M.D. Saitmuratova.[4]
[1,2,3,4]Batken State University, Suluktu city, Kyrgyzstan

Annotation

This article notes that the use of flora as medicine by Kyrgyz people in the South-Western region of the Ferghana valley has its own characteristics, despite their influence as a result of the relationship of Kyrgyz people with other peoples. It is also proved by scientists that the traditional folk treatment of the Kyrgyz belongs to the ancient period.

The author provided the collected field materials that the South-Western Kyrgyz of the Ferghana valley knew perfectly well that medicinal plants contain biologically active substances useful for human health and how they well assimilated ways to purify the body from many diseases. Given useful information about what medicinal properties of the flora is in various parts of plants in different sizes, and in some parts is not available and about how to make drugs the South-West of the Kyrgyz Fergana valley.

Keywords: South-West area, flora, fauna, nature, medicine, the Ferghana valley, traditionally, the Kyrgyz people.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны салттуу дары-дармек катары пайдаланууну жакшы өздөштүрүшкөн. Орто кылымдын ойчулу, лингвист-энцклопедисти М.Кашкаринин “Дивану лугати-т түрк” [1, 3-4] жана Ж. Баласагындын “Куттуу билим” [2, 2015] аттуу лексикографиялык жана тарыхый-салттык баалуулуктар жөнүндө эмгектеринде түрк элдеринин өсүмдүктөрдү дары катары пайдаланып келгендигин белгилеген.

Захир ад-дин Мухаммед Бабурдун XV кылымдын аягы XVI кылымдын башында Орто Азия элдеринин тарыхын, турмуш-тиричилигин, кол-өнөрчүлүгүн, табияттын флора жана фаунасы жөнүндө автобиографиялык, тарыхый жана этнографиялык “Бабур Наме” эмгегин далил катары белгилөөгө болот [3, 5].

Элдик дарылоо (чөп-чарлар аркылуу табыптык жана эмдөө жолу). Фергана өрөөнүндөгү түштүк-батыш аймакта жашаган адамдар социалдык-тиричиликтик инфекциялык (жугуштуу) жайылтылган төмөнкү оорулар менен оорушкан: безгек, богок (зоб), тиш түшүүчү оруу (цинга), эн оорусу (золотуха), жугуштуу көз ооруу (трохома), кургак учук (туберкулёз), ысытма, тамак ооруу (скарлатина), келте ооруу (брюшной), темгилдүү келте (сыпной тиф), кызылча (корь), сынык, бүдүр (бөрү жатыш), кычыткы ж. б. Эпидемиялык оорулардын ичинде кеңири жайылтылганы: ич өтмө, ич келте, темгилтүү тип, суу чечек (оспа), кайталама келте, тамак ооруу, кызылча, күйдүргү жарасы, тамак шишип оруусу, көк жөтөл (коклюш). Албетте, мындай оорулардын алдын алуу боюнча белгилүү ченде чаралар көрүлүп турган [4, 156; 5, 3-18; 6, 457].

Мүмкүн, бирден-бир себептеринин бири болуп, жашаган жеринин табиятынын-климаттык шарттары эсептелет. Бул толук мыйзам ченемдүү, анткени түштүк-батыш аймакта жашаган кыргыздар кеңири жайылган тоо кыркаларынын этегинде түрдүү-түркүн өсүмдүктөргө бай түзөңдөрдө, колоттордо жайгашкан, өсүмдүктөр алар үчүн тамак-аштын негизи катарында кызмат кылган, жана турмуш-тиричилик предметтерин, эмгек куралдарын, кийим-кечектерди даярдоого пайдаланылган. Мисалы, бир эле чалкан: эки үйлүү чалкан муун ооруларын кубалаган кызыл жүгүрүк (суставной ревматизм) оорусу жана бел оорусу үчүн жана баш ооруу, ашказан жарасы, жүрөктөгү кызыл жүгүрүк (ревматизм сердце) ж. б. оорулар үчүн пайдаланылган. Кыргыздар чалканды кайнатып тундурмасын бел жана муундарга ысык тери күйбөй турган даражада ооруган жерлерге бир нече жолу басып тер менен чыгарышкан. Ошондой эле, дарылык катары чөп чай кылып, жүрөк, аш казан жарасын айыктыруу үчүн элдик дарыгерлердин (табыптардын) көрсөтмөсү менен ичишкен [7, 1638].

Дары өсүмдүктөрү-оорулардын алдын алуу жана дарылоо үчүн медицинада жана ветеринарияда пайдаланыла турган жапайы өсүүчү жана топ өсүүчү өсүмдүктөр. Дары өсүмдүктөрүнүн дарылык таасирлери алардын тамырларында, сабагында, жалбырагында, бүчүрүндө, топ гүлүндө, мөмөсүндө, уругунда, кабыгында кездешет [8, 292].

Түштүк-батыш чөлкөмүнө караштуу Лейлек жергесинде кыргыздар XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында дары өсүмдүктөрдү негизинен Жети Көпүрө, Алтын Бешик,

Тегирменти, Шооваз деп аталган жайлоолордон терип, дары катары пайдаланышкан. Бийик тоолуу жайлоолордо мөңгүлөр жай мезгилинде гана эригендиктен, дары чөп өсүмдүктөрү жай айында көгөрүп өсө баштаган. Кыргыздар дары чөптөрдү малга жедирип койбостон, дары чөптөрдү мал жайлоого чыкканча терип алганга аракеттенишкен.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары дары өсүмдүктөрдө адамдардын ден соолугуна пайдалуу биологиялык активдүү заттар бар экенин мыкты билишкен жана бул заттар менен ооруларды организмден кантип тазалоонун ыкмаларын да жакшы өздөштүрүлгөн. Бул жөнүндө академик А. А. Алтымышев: "...дарылоо практикасында табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери дагы да чоң ишеним артып бара жатат", - деп белгилейт [9, 4]. Табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүндө ар түрдүү өлчөмдө, кээ бир өсүмдүктөрдө бүчүрлөрүндө, жалбырактарында, гүлдөрүндө же мөмөсүндө, кээ бириники кабыгында, сабагында же тамырында топтолорун, ал эми кээ бир бөлүктөрүндө жок болорун элдик дарыгерлер билишкен, ошондуктан өсүмдүктүн дарылык касиети бар бөлүгүн гана пайдаланышкан.

Кыргыздар дары өсүмдүктөрдүн сырьёсун чогултканда өсүмдүктүн бир бөлүгүн калтырышып, жалбырактарын да толук жыйнап алышкан эмес. Чөптү жерден тамыры менен жулбай, оруп алышкан, анткени, дары чөптөрдүн тамыры жулунуп калса, кийинки жылы ал жерде өспөй каларын эске алышкан. Гүлдөрүн да жыйнаганда бутактарын бүтүндөй сындырбай, калтырып коюшкан. Алар өсүмдүктөрдү жыйноо, кургатуу, сактоо иштерин эң жакшы билишкен. Гүлдөрдү кол менен үзүшкөн, жалбырактарды өсүмдүк жаңыдан гүлдөй баштаган кезде, жай бою, жалбырактар кууранганга чейин үзүп алышкан. Көпчүлүк учурда кол менен жыйнашып, кээде бычак же кескич менен кесип алышкан.

Негизинен, дары чөптөрдү өсүмдүк жетилип гүлдөгөндө чогултушуп, мөмөлөрдү толук бышканда кол менен үзүп жыйнашкан. Өсүмдүктөрдүн дарылык касиетин терең изилдеп чыккан А. Алтымышев: "Айрыкча суулуу мөмө-жемиштерди жыйнап кургатуу бир канча татаалыраак келет. Эрте менен эрте же кечинде жыйнап албаса, күндүзү, күн ысыкта жыйналган мөмө-жемиш бат эле айнып, дарылыгын жоготкон. Жыйнаганда да жемишти кол менен кармаса карарып кеткендиктен, өтө абайлап теришкен", -деп белгилеген [9, 235-236]. Ал эми өсүмдүктөрдүн тамырларын, тоо пияздарынын түптөрүн, күзүндө өсүмдүктүн чөбү куурап калганда же эрте жазда сабак, жалбырактары өсө электе, кээде өтө керек болгондо кышында да казып алып келишкен. Алардын топурагын силкип, жер үстүндөгү бөлүгүн кесип таштап, муздак сууга чайкап алышкан. Дары өсүмдүктөрдүн жалбырагын, гүлүн, чөбүн, кабыгын күндүз, кургак мезгилде же жаандан кийин кургаган соң, же эртең мененки шүүдүрүмдөн кийин түшкө чейинки, түштөн кийин кеч киргенге чейинки убакытта жыйнашкан, ал эми жер астындагы бөлүктөрүн шүүдүрүмдө да, жаанда да казып алышкан.

Кыргыздар жыйналган өсүмдүктөрдү өзгөчө гүл, жалбырак, чөптөрдү кошундулардан тазалап, тезинен кургатууга аракет жасашкан. Анткени, тез кургатканда өсүмдүктөгү активдүү заттарды бузуучу таасири токтотулат. Өсүмдүктүн дарылык касиетин жакшы сакталуусу жана сапатынын жогору болгондугу үчүн тез кургатуу зарыл болгон.

Күн тийбеген жайда кургатканда гүлдөрдүн, жалбырактардын өңү өчпөйт дешип, тобурсуган сайын дары өсүмдүктөрдү оодарып турушкан, бүчүрлөрдү кургатканда тез-тез аралаштырып турушкан. Жакшы кургаган гүлдөр менен жалбырактарды колунун алакандары менен майдалап, күкүмгө айлантышкан. Жакшы кургатылбаса, көгөрүп, чирип жаман жыттанып кеткен. Кээде өсүмдүктөр өтө эле кургап кеткенде, аларды нымдуу жайда 1-2 күн сакташкан.

Кургатуудан мурда өсүмдүктөрдү сорттоп, кээде кургатылгандан кийин тазалап, башка чөптөрдү, өсүмдүктүн бузулган бөлүктөрүн, топурак, кум, ташты алып ташташкан.

Кургатылып даяр болгон кээ бир дары өсүмдүктөрдү дары даярдоодон мурда майдалап, эки кат чыт баштыкчада, жыгач идиштерге салышып, караңгы, салкын жайда сакташкан.

Кээ бир өтө жыты күчтүү өсүмдүктөрдү (көкө мерен, жалбыз ж. б.) алардын жыты башка чөптөргө өтүп кетпеши үчүн өз алдынча бөлөк жайда сакташкан. Кургатылган долоно, ит мурундун, ж. б. өсүмдүктөрдүн мөмөлөрү тез бузулгандыктан, аларды тез-тезден текшерип турушкан. Жалбырак, гүлдөр, чөптөр 1-2 жылга чейин, кабыктар, тамырларын 2-5 жылга дейре сакташкан. Уулуу өсүмдүктөрдү жыйнашкан эмес. Мисалы, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар сыркоологон адамдарды дары чөптөр менен элдик ыкмада дарылоону төмөнкүдөй тартипте жүргүзүп келишкен. Алардын кээ бирлерине токтолуп кетсек.

Тоо эндик–бийиктиги 20–30 см жеткен, тоолордун таштак беттеринде, аска-зоолордун жаракаларында кенен таралган көп жылдык дары өсүмдүк. Көз тикенге окшош келип, жалбырактары түктүү келген, тамыры жоон, тик жана кыпкызыл боёктуу болот. Кыргыздар тоо эндиктин тамырын дары катары колдонушкан. Август айында тоо эндиктин тамырын казып алышкан. Бул өсүмдүктүн тамырын сууга жуубай, сая жерге 15 күн жайып кургатып алышкан. Тоо эндиктин кургатылган талкан тамырын сүткө 1 чымчым салып, 15 мүнөт кайнатып, 1 күндө 2 маал ачкарын ичишип, жөтөлгө, тамак оорусуна (бронхит, ангина жана какырыкка), өпкөсүн шамалдаткандарга (туберкулёзго), сасык тумоого (гриппке) дары катары пайдаланышкан. Кургатылган тоо эндикти сүткө 1 чымчым салып, 15 мүнөт кайнатып, 1 күндө 2 маал ачкарын ичишкен. Учурда Лейлек аймагында жашаган кыргыздар ала пес (ветелиго) оорусуна тоо эндикти 100 грамм этил спиртине салып, 40 күн караңгы жерге коюп тундурмасын даярдап, дененин пес түшкөн жерине сүйкөшөт. Ошондой эле, тоо эндикти кыргыздарда аялзаты сулуулук каражаты катары да кеңири пайдаланып келишкен [АТД] .

Алтын тамыр –мөңгүлүү бийик аска-зоолуу жерлерде өскөн, бийиктиги 20-30 см ге жеткен бир жылдык өсүмдүк. Февраль-март айларында өсүп чыгат, чачылап сабак алат. Август айынын аяк ченинде бышып жетилет. Аты айтып тургандай эле бул өсүмдүктүн тамыры алтынга тете дары. Кыргыздар бул дары чөптүн тамырын (тамыры күрөң түстө болуп, жыттуу келет) казып алышып, көлөкө жерде 20 күн кургатып, тамыры жоон болгондуктан сокуга салып жанчып алышып, ашказан жарасына (язва), ашказандын тырпы кетип калганда, ичеги ооруларга, нерв ооруларына, ичтен кан өткөндө, аялдардын айызы келип токтобой калса жана пес (ала) оорусуна (ветелиго) ооруларына колдонушкан. Тер буулуп чыкпай калганда алтын тамырды чай катары кайнатып ичишкен. Алтын тамыр оорулуу адамды тердетип, дене бойун жумшатып, көңүлүн ачкан. Өпкө шамалдаганда (туберкулёзго) 1 кесе сүткө 1 чымчым алтын тамырды салып, кызарганча кайнатып, 3 маал ичиришкен. Азыркы убакта Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган элдер кургатылган алтын тамырдын 100 граммын 1 литр сууга салып 0,5 литр калганча акырын жай кайнатып, муздатып, 100 грамм спирт кошуп 1 жума койуп, күнүнө бир маал ачкарын бир аш кашыктан ичип ашказан, ичеги-карын ооруларын дарылап келишет [АТД] .

Эрмен - бою 1м ге чейин өсөт. Шыбакка окшош келет. Сөңгөгү жалбырагы менен алынат. Май айында чыгып, июлда дарылыкка колдонууга даяр болот. Кыргыздар эрменди көлөкө жерге кургатып алышкан (20 күндө кургайт). Эрмендин тамырын майдалап, соку менен жанчып алышкан. Эрмен куртка, денеге чыкчу ар кандай чыгууларга дары. Бир күндө эки жолу 4 чымчым эрмендин кургатылган талканын 0,5 литр сууга 2 жолу салып ичиришкен. Жаш балдарга ширеге, айранга кошуп беришкен, анткени даамы ачуу келген. Орто кылымдардагы улуу лингвист-энциклопедист, ойчул Махмут Кашкаринин “Дивану лугати-т түрк” аттуу илимий эмгегинде эрмен чөбүнүн жогору дарылык касиетин “Эрмендүү жерде, эр өлбөйт,” - деген макал менен туюндурулушун көрүүгө болот [10: 511].

Эрмендин адамдын ден-соолугуна пайдасы көп болгондуктан, эл ичинде “Эрмендүү жерде, эл өлбөйт,” - деп бекеринен айтылбаса керек. Эрмендин адамдан сырткары малга да тиешелүү айтылган “эрмен жеген мал, боор куртуна, кыл куртуна учурабайт”, - деп да эрмендүү жайга мал жайышкан.

Эрмен тери ооруларына, кычыткыга (котурга) дары болуп эсептелет. Котур эң бир жугуштуу оруулардын бири болуп саналгандыктан, кыргыздар адам котур менен орууганда, башка адамдарга жуктурбаш үчүн башкалардан ажыратып өзүнчө карашкан. Эрменди сууга кайнатып, ысыгын кайтарып котур адамдарды жуундурган.

Ошондой эле, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары жүндөн жасалган буюмдарды күбө куртунан сактоо үчүн эрмен бышкан кезде терип алып, кошо ороп, жыйнап коюшкан. Эрмендин даамы ачуу болгондуктан эл ичинде: "...ачуу эрмен чайнап алган немедей, каш-кабактарын тырыштырып, оң жооп беришпейт", - деген сөз калган [12: 962].

Эрмен жөнүндө замана акындарынын казалдарында жолуктуруп, анын дарылык касиети бар өсүмдүктөр жөнүндө белгиленгендигин көрүүгө болот:

Калың болоор эрмени,
Карга тырмак, терскен
Кыйын болоор чыгышы.
Кызыл гүлү, серени,
Көкөмерен, эрбазын.
Бар жаныбар биледи,
Тамырынын дарысын [12: 18].

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары жогорудагы дары чөп өсүмдүктөрдү ар кыл ооруга билгичтик менен колдонуп келген табигый өсүмдүктөрдүн мааниси, адамдардын организмине тийгизген таасири туурасындагы маалыматтар, эң жөнөкөй жол менен даярдоо жолдору жана айырмачылыктары, ыкма-сырлары муундан-мууна оозеки өтүп келет. Унутта калып бараткан бул табигый дарыларды жазып калтыруу зарыл. Жаратылыштын бул дарылары азыркы фармацевттик каражаттардан зыяны азыраак экени талашсыз.

Пайдаланылган адабияттар

1. Кашгари, М.Түркий тилдер сөздүгү [Текст] / Кашгари, М. - Б:, 2011. - 3-4- беттер.
2. Баласагын, Ж. Куттуу билим [Текст] / Ж. Баласагын. - Б:, 2015.
3. Бабур, З. М. Бабур-Наме. [Текст] Записки Бабура. / З. М. Бабур. - Т.: 1993. - 5 с.
4. Никонов, Л. И. Традиционная медицина тюркских народов Повожья и Приуралья как часть системы жизнеобеспечения [Текст] / Л. И. Никонов. - Рузаевка: Тип. "Рузаевский печатник", 2000. -156 с.
5. Бромлей, Ю. В. Народная медицина как предмет этнографических исследований. [Текст] Советская этнография. / Бромлей, Ю. В., А. Воронов. - М:. 1976. №5. - 3-18 с.
6. Погодин, А. Несколько замечаний о народной медицине [Текст] (В разделе критика и библиография) / А. Погодин. Отиск из журн. "Министерство народного просвещения". - СПб., 1875, - С. 457.
7. Нуров, Г. Киргизская народная медицина [Текст] Г. Нуров. / КИА. Кол жазмалар фонду. Инв. 1638.
8. Обухов, А. Н. Лекарственные растения, сырье и препараты– Краснодар. [Текст] / А. Н. Обухов. Кн. изд., 1960. - 292 стр.
9. Алтымышев, А. А. Природные целебные средства [Текст] / А. А. Алтымышев. - Ф.: "Кыргызстан" 1985. - 4 с., - 235-236 с.
10. Кашгари, М. Дивану лугатит - т түрк [Текст] / М. Кашгари. - Б.: 2013-ж. - 511- б.
11. Юдахин, К. К. Русско-киргизский словарь [Текст] / К. К. Юдахин, - М:. 1957. - 962 - б.
12. Кылыч, М. Казалдар [Текст] / М. Кылыч. Ф.: 1991. - 18-б.

УДК 947, 083 (575. 25) (043.3)

ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ МУРАСТАР, ОКУЯЛАР ЖАНА ИНСАНДАР (КӨК-АРТ ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА)

Авазов Э.А.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Изилдөөнүн практикалык мааниси учурдагы кыргыз коомунун тарыхый-маданий мурастарга жана инсандардын тарыхына болгон кызыгуусунун байкалаарлык жогорулашы менен аныкталат. Мындан улам макалада Көк-Арт өрөөнүнүн мисалында айрым тарыхый жана зыяраттык жайларга, археологиялык, архитектуралык, фольклордук эстеликтерге сереп салынды. Аталган чөлкөмдө байыркы мезгилдерге жана орто кылымдарга таандык тарыхый маданий эстеликтердин изилденүүсү толук колго алынбагандыгы белгиленди. Падышачылык доордо Көк-Арт өрөөнү орус тектүү келгиндердин байырлаган аймактардын бири катары 1898-жылдагы Анжяин көтөрүлүшүнүн бир очогу болгондугу көрсөтүлдү. Жыйынтыгында Көк-Арт өрөөнүндөгү жерге тааануучулук изилдөөлөрү үчүн милдеттер коюлду. Изилдөөнүн маалыматтар жерге тааануучулук мүнөздөгү билимдерди байытат жана колдонулууга сунушталат.

Ачкыч сөздөр: Тарых, маданий мурастар, окуялар, инсандар, Көк-Арт өрөөнү.

ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНЫЕ НАСЛЕДИЯ, СОБЫТИЯ И ЛИЧНОСТИ (НА ПРИМЕРЕ КУГАРТСКОЙ ДОЛИНЫ)

Авазов Э.А.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

Практическая ценность исследования определяется заметным повышением интереса современного кыргызского общества к историко-культурному наследию и к истории исторических личностей. В связи с этим представлен обзор некоторых историко-паломнических мест, археологических, архитектурных и фольклорных памятников на примере Когартской долины. Отмечено, что изучение памятников истории и культуры, относящихся к древности и средневековью в указанном регионе, проведено не в полной мере. Показано, что в царское время Кок-Артская долина была одним из районов заселенными с русскими переселенцами, и одним из очагов Андижанского восстания 1898 года. В результате были поставлены задачи для краеведческого исследования в Кугарсткой долине. Данные исследования обогащают знания краевведческого характера и рекомендуются к использованию.

Ключевые слова: История, культурное наследия, события, личности, Кугартская долина.

HISTORICAL AND CULTURAL HERITAGE, EVENTS AND PERSONS (BY THE EXAMPLE OF THE KUGART VALLEY)

Avazov E.A.[1]
[1]Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

Annotation

The practical value of the study is determined by a noticeable increase in the interest of modern Kyrgyz society in the historical and cultural heritage and in the history of historical figures. In this regard, an overview of some historical and pilgrimage sites, archaeological, architectural and folklore monuments is presented on the example of the Cogart Valley. It is noted that the study of historical and cultural monuments related to antiquity and the Middle Ages in the specified region has not been carried out in full. It is shown that in tsarist times the Kok-Art valley was one of the areas

populated with Russian settlers, and one of the centers of the Andijan uprising in 1898. As a result, tasks were set for local history research in the Kugarst valley. These studies enrich the knowledge of local history and are recommended for use.

Keywords: History, cultural heritage, events, personalities, Kugart valley.

Көк-Арт жергеси кооз табияты жана баалуу жаратылыш байлыктары менен катар эле ар кандай доорлордо болуп өткөн тарыхый окуяларды кубөлөндөрүп турган баалуу тарыхый эстеликтери, руханий мурастары жана кыргыз журтчулугуна таанымал инсандары менен да белгилүү экендиги талашсыз. Алардын ичинен кылымдарды карыткан карт тарыхтын көөнөргүс булактарынын катарында Азирет-Аюб, Тотуя-Дөбө, Лавдан-Кара, Курманбектин күмбөзү жана башка учурдагы зыяраттык жайларга айланган эстеликтерди белгилөөгө болот. Сузак районунун дал ортосунан Көк-Арт жана Кара-Дарыя сууларынын аралап өтүүсү байыркы мезгилде калыптанган өзөн цивилизациясы болуу мүмкүнчүлүгүн да жокко чыгарбайт. Тилеке каршы көөнө тарыхтын көп эстеликтери көмүскөдө калды. Андыктан бул макалабызда аталган аймактагы белгилүү тарыхый эстеликтер, окуялардын жана инсандардын тарыхына азыноолак тарыхый сереп салуу максаты коюлду. Кыргызстандын аймагында, анын ичинде каралып жаткан аймакта көчмөн коомдун мурастары менен катарлаш отурукташкан маданияттын эстеликтери орун алгандыктары тууралуу бир катар кыргыз археологдорунун соңку изилдөөлөрү белгилүү. Мындан улам кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн же болбосо аралаш жашоо кечиргендиктери тууралуу пикирлер жаралып жаткандыгы тегин жерден айтылбагандыгын аңдоого болот. Аталган аймакта байыркы кушан жана түрк мезгилдерине таандык тарыхый археологиялык дөбөлөрдүн болгондугун кыргыз тарыхынын археологиялык булактарын кынаптап жазган, кыргыз элине бери эле дегенде 3-4 миң жыл болгондугун алгачкылардан болуп сунуштаган белгилүү советтик окумуштуу Бернштам баса көргөзүп, илимий жактан тастыктоого аракет кылган. Ал 1946-жылы СССР илимдер академиясынын демилгеси менен кыргыз бөлүмү тарабынан уюштурулган Борбордук Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын тарыхый-археологияясын изилдөөгө арналган илимий экспедицияда иш алып барган. Мында негизги көңүл Кыргызстандын түштүк аймакатарына бөлүнгөн. Анын жыйынтыгы боюнча толук отчет «Борбордук Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын тарыхый-археологиялык очерки» (СССР ИА Материалдык маданият тарыхы институту) аттуу китепке басууга даярдалган. Мында автор Куршабдын оң жээгинде жаткан эки башка типтеги коргондорго токтолуп, аларды сырткы көрүнүшү боюнча V-VIII кылымдардагы кушан-түрк мезгилине таандык болуусу мүмкүн деп божомолдогон. Учурда бул пикир тастыкталып, аталган тилкедеги Шагым маданияты тууралуу учкай пикирлерлер айтылып келүүдө. Ушул өңүттө автор: «Кошумча белгилеп кете турган нерсе, биринчи типтеги коргондор Чөкө-Дөбө (Жалал-Абаддан батышта 64 км ченде (Барпы айыл өкмөтү,6-4 км-А.Э), Масы (Ленинжол), (Совет-Масы жолунун аймагында),-Наукент (Ноокен–А.Э.)жана Наукент-Сакалды жолдорунун бойлорунда жатканын байкадык. Экинчи типтеги коргондор Багыш станциясы ченде (Жалал-Абад—Көк-Жаңгак темир жолунан түндүктө) жана Наукент кыштагынын жанында жатат» [1, 120],- деп жазган. Ал жалпы эле Кара-Дарыя—Нарын дарыяларынын арасында байыркынын эстеликтери өтө мол» экендигин белгилеп келип, сөзгө алынып жаткан Чөкө-Дөбө тайпасына кирген 16, Акманда 13, Кербенде 24, Ала-Букада 17 ири дөбөлөр бар экендигин белгилеген[2, 108]. Автордун жазганына караганда аталган аймактарда мындай дөбөлөр байыркы мезгилдерде да болгондугун: «Чөкө-Дөбө тобунда Давань мезгилине салыштырмалуу кушан тибинин сандык жактан алтыга көбөйгөнүн, алгачкы орто кылымдар мезгилинде азайгандыгын жана кийинки бардык мезгилдерде жалгыз дөбөнү байкайбыз. Акман тобу үчүн да ушундай эле көрүнүш: кушандар тушунда алты дөбөгө көбөйүшү, орто кылымдын башталышында бир аз көбөйүшү жана өнүккөн орто кылымда жалгыз дөбөнүн болушу»[1,120],- деп

жазган. Ушундай өңүттө башка чектеш аймактар менен бир катарда Көк-Арт жергесиндеги тарыхый-археологиялык эстеликтерди ачкан жана ага илимий назар салган алгачкы жана жападан жалгыз окумуштуу Бернштам болгон деп боолголоого болот. Тилеке каршы илимде жылдызы жанып турган мезгилде жаш кеткен окумуштуунун артынан ушул нукта анын иликтөөлөрүн улаган окумуштуулар болбогон. Мындан улам аталган окумуштуу тарабынан сөзгө алынган тарыхый жайлар боюнча маалыматтар сейрек учурайт. Ал гана эмес кечки орто кылымдарга таандык эл арасында уламыш катары айтылып келген Тотуя-Дөбө тууралуу да маалыматтар чектелүү. Эл арасында ал жерге айтылуу Амир Темирдин кытай күңү коюлгандыгы тууралуу учкай гана маалыматтар сакталган. Тотуя-Дөбө аталган инсан менен байланыштуу жайлардын бири, Сузак районунун Ырыс айыл өкмөтүндө жайгашкандыгы маалым. Эскерте кетсек, Амир Темирге байланыштуу жерлер түштүк аймактарындагы башка чектеш аймактар да да учурайт.

Дагы бир уникалдуу жайлардын бири Сузак жергесинде орун алган диний зыяраттык жай катары таанылган Азирет Аюб саналат. Эл арасында Азирети-Аюбга зыярат кылгандан кийин оор дартка чалдыккан адамдардын айыгып кетиши жөнүндө уламыш маалым. Тарыхый маалыматтарда ал тууралуу падышачылык доордогу эмгектерде учурайт. Белгилүү болгондой падышалык доордо басып алынган бул аймактар «экономикалык өздөштүрүү» деп аталган саясаттын жүрүшүндө көптөгөн изилдөөчүлөрдүн жана саякатчылардын көңүлүн бурган. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү элдердин турмуш-тиричилигин жана салт-санаасын изилдөө боюнча алгачкы этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, атап айтканда, байыркы диний ишенимдик мурастардынэстеликтерин илимий изилдөөгө оңтойлуу өбөлгөлөр түзүлгөн. Биринчилерден болуп ошол кездеги санитардык врачтардын бири В.И.Кушелевский (1891) [3,113-114]. Фергана облусунун медициналык географиясы боюнча материалдарында Аюб-Пайгамбар, Тахт-Сулайман, Абы-Шыпаа мазарлары жөнүндө кыскача маалымат берген. Жалал-Абад гигиеналык станциясынын ишмердүүлүгү боюнча сүрөттөөлөрүндө М.Рождественский (1902) Азирет Аюб мазарынын жылуу сууларынын келип чыгышы жөнүндө уламыштарды баяндаган [4, 66-69]. Ушундай эле маалымат В.П. Вощининдинэскерүүлөрүндө учурайт. В.П. Вощинин бул жердин келечегине ишенип, мындай деп жазган: «Даары булактардын жанында аскердик оорукана уюштурулган, жалпысынан бул жерде жергиликтүү тургундардан башка орусиялык оорулуулар көп, ошондуктан жетишсиз болсо пайдалануу үчүн айрым ыңгайлуулуктар менен жабдылган. Кандай болгон күндө да, жуунучу жай бар, ал абдан таза сакталат. Жакында Жалал-Абадга темир жол тартылат деп жатышат. Анан да, бул туземдик курортко тиешелүү көңүл бурулса, балким гүлдөп, атагы артышы боюнча ойлонуу керек" [5, 176]. Автор белгилегендей падыша өкмөтү бул жайга маани берип, аскерлердин саламаттыгын чыңдоого пайдалана баштаган. Бул максатты орундоодо 1915-жылы Жалал-Абадга темир жолдун тартылып келиши да өзүнүн пайдасын берген. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында да ушул максатта пайдалануу улантылган. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы айларында Жалал-Абадга оор жарадар болгон жоокерлерди жана Кызыл Армиянын командирлерин дарылоо үчүн батыштан эвакуацияланган аскердик госпитальдар жайгаштырылган Эмгекчилер депутаттарынын Жалал-Абад областтык Советинин аткаруу комитетинин 1942-жылдын 26-августундагы № 24-в 3 § «Батыштан келген эвакуациялык госпиталдарды жайгаштырууга даярдоо жөнүндө» токтому менен аскер госпиталдары жайгашкан. Алар педагогикалык окуу жайынын имараттарында-No 4441 эвакуациялык оорукананын, №3 орто мектепте-№ 1055 эвакуациялык оорукананын жана курортто — № 4442эвакуацяиланган ооруканасынын госпиталдары орун алган. Бирок, кийинки убактардагы советтик ашынган атейисттик саясаттан улам Азирет Аюбдун мазары бузулгандыгы маалым. Бүгүнкү күндө

Жалал-Абад курорту катары иш алып барууда. Ошондой эле зыярат кылуучулардын ыйык жайы катары каралып келет.

Көк-Арт жергесинде кыргыз элинин баалуу маданий мурастарынын бири болгон Курманбек дастаны менен байланышта каралып келген Курманбек баатырдын күмбөзү орун алган. Тилеке каршы ал да кайрадан оңдоп түзөөдөн кийинкиси болуп саналат. Демейки түшүнүктө Курманбек эпикалык каарман катары каралгандыгы менен анын тарыхыйлуулугу шек жаратпайт. Соңку убактарда анын ойрот-жунгар басып алуулары мезгилинде жашап өткөн тарыхый инсан болгондугу тууралуу изилдөөлөр орун алып жаткандыгы маалым. Алсак изилдөөчү О.Ахмедов бул тууралуу өз оюн мындайча билдирген: “Курманбектин «калмак доорунда» жашаган тарыхый инсан экендиги башка тарыхый булактарда да маалымдалат. Түрк, иран авторлорунун кабарларында Курманбек казак каны Эшим менен бир доордо жашап, калмак төбөлдөрүнө каршы күрөшүп турат. Тарихи-Кашкариде Ишим (Эшим) кыргыз мырзалары Курбанбек (Курманбек) жана Малик Касим (Касым) менен жолугушкандыгы тууралуу маалымат орун алат» [6]. Ал эми Курманбектин кыйышпас Аккан досунун тек жайын тарыхый эмгектерге таянуу менен XVII кылымдын 30-80-жылдарында Кашкардын башкаруучулары болушкан Аппак-хан же Аппак-кожо деген эки тарыхый инсандын бири болушу ыктымал [5]”,- деп белгилеген. Өз изилдөөсүндө «Аппак-хандын өз аты Абд ал-Латиф, Аппак кожо өз аты Хидаятолла болгондугун жана ал 1681-1694- жылдардын аралыгында Кашкардын башкаруучусу - акими болуп тургандыгын[6] сөзгө алган. Кыргыз Республикасынын Президенттинин жарлыгы менен 2001-жылы Курманбек баатырдын 500-жылдыгы Жалал-Абад шаарында белгиленгендиги маалым. Бул учур акаевдик тарыхый мааракелерди өткөрүү дооруна туура келет.Бул жерде маселе мааракенин маңызында эмес анын 500 жыл деп белгилениши жөнүндө десек болот. Анткени 500 жыл илгери кыргыз жергесинде моголдордун бийлиги өкүм сүрүп турган. Ал эми Курманбектеги окуялар калмак мезгилине, тактап айтканда дээрлик 100 жылдан кийинки окуяларга шайкеш келет. Мааракенин маанилүү жагы Жалал-Абад шаарынын кире беришинде «Курманбек» – кылымдар мурасы» деп аталган эстелик комплекс – шаар дарбазасынын, окуя орун алган Калмак-Кырчында баатырдын күмбөзү курулуусу болгон. Эл оозундагы санжыра, аңыз-аңгеме, уламыштык материалдарга караганда кадимки Шырдакбек Курманбектин небереси катары белгилүү. Ага байланыштуу жазма маалыматтар учурабагандыгына карабастан нарындагы “Шырдакбектин чеби”, лейлектеги “хан Шырдактын коргону” деп аталган, азырынча илимий баасын ала элек тарыхый эстеликтердин болгондугу бул багытта алдыда изилдөөлөрдүн зарылдыгын айгинелеп турат. Курманбектин окуясы Калмак-Кырчында болгондугу айтылып келет. Аталган аймакты Кашкардан келчү соода жолунунун бир багыты тепчип өткөн болуусу мүмкүн. Анткени азыркы учурда Көк-Арт өрөөнүндө азырынча изилдене элек археологиялык баалуу эстеликтердин орун алгандыктары тууралуу кыргыз археологдору чалгындоо иштеринен улам айтып келишүүдө. Кандай болгон учурда да Курманбек жашаган мезгилде ушул аймакта калмак менен кыргыздардын ортосунда катуу согуштун болгондугу реалдуу окуя деп айтууга болот. Ага аталган аймактын соода жолунда жайгашуусу, аталышы, уруулук санжыраларда орун алышы ж.б. жагдайлар толук негиз боло алат.

Белгилей кетүүчү нерсе калмактардын басып алуулары учурунда, андан кийинки Кокон өкүмдарлыгынын мезгилдеринде да Көк-Артта баскынчыларга каршылык көргөзүүлөр башка аймактарга караганда арбын учурайт. Ушундай көрүнүш колониалдык мезгилде андан кийинки совет бийлигинин алгачкы күндөрүндө, басмачылык күрөштөрдө да улантылган. Отор доорунда элге таанылган инсандардын ири, 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнүн Көк-Арт очогунун башчысы Чыйбыл болуш Абдилла бий уулу болгон. Абдылда бийдин балдары Чыйбыл агасы Нусуп ошол учурдагы таанымал инсандардын катарында болушкан. Алар жөнүндө акын Молло Нияздын да кабары болгондуктан, санаттарда учкай да бол-

со эскерилген [7, 16].Отор бийлиги орногондон кийин Чыйбыл болуш башкаруучусу болуп кызмат кылып, кийинчерээк бийликтен четтетилген. Отор саясатына болгон наарызычылыктан улам ал таасирдин дин ишмери Мадали-Дукчи эшенди болочоктогу көтөрүлүштү жетектеп берүү сунушу менен кайрылган. Көтөрүлүштүн пландары ойрон болгондон кийин Чыйбыл болуш да бийликтер тарабынан колго алынган. Алгач ага өлүм жазасы белгиленип, кийин сүргүн менен алмаштырылган. Түркстан аскер округу боюнча кабыл алынган 277-278-буйруктарда соттун өкүмүнө ылайык Атабек Паңсат Халназар уулу жана Чыйбыл Абдиллабиевдердин өлүм жазасы мөөнөтсүз каторгалык иштерге сүргүнгө айдоо менен алмаштырылып саясий өлүм жазасы берилген, калган күнөөкөрлөрдүн өкүмдөрү ар бирине 20 жылдык мөөнөттө каторгалык иштерге сүргүнгө айдоо менен өкүм өзгөргөн. Чыйбылдын сүргүнгө айдалгандыгы жөнүндө Токтогул сүргүндөн кайтып келип Эшманбет ырчы менен учурашып ырдаган ырында Чыйбыл көгарттык “күмүш боолуу туйгун” катарында сыпатталуусу анын фергана тургундарына көбүнө таанымал болгондугун айгинелейт. Бул жогоруда айткандай Чыйбыл болуштун өлүм жазасына тартылбастан сүргүнгө Токтогул Сатылганов менен бирге айдалгандыгынан дагы бир кабар берип турат [7, 50].

Анжиян көтөрүлүшү басылгандан соң падыша өкмөтү фергананын тургундарына 1 млн.рубль чыгым салып, кийинчерээк 300 миңге түшүрүлгөн. Бул чыгымды төлөө боюнча 1898-жылдын 3-сентябрында чыккан буйрукта көтөрүлүшкө катыштыгы бардыгына карата областын аймактары түрдүү категорияларга бөлүштүрүлгөн. Мында Көк-Арт болуштугу “эң күнөөлүү” деп аталган аймактардын катарына киргизилген [8].Маалым болгондой көтөрүлүш басылгандан кийин Көк-Арт жергесинде орус кыштактарын жайгашуусу пландуу түрдө күчөтүлгөн. Көтөрүлүштөн кийинки 10 жыл аралыгында Көк-Арт өрөөнүнүн Таран-Базар, Кара-Чолок, Жерге-Тал жана Мазар-Булак аймактарында бир нече орус кыштактары пайда болгон Тарыхый документалдык булактарда «Бул жерлерде биринчи жолу 1905-1906-жылдары өз бетинче келген орус келгиндери пайда болгон жана жайгашышкан. Ошондон баштап Көгарт өрөөнү Анжиян уездиндеги орус калкынын борбору болуп калды» [9], -деген маалыматтар кездешет. Мындан көп узабай эле алар совет бийлигин орнотуу мезгилинде большевиктерге каршы генерал Монстровдун «Дыйкандар Армиясын» түзүшкөндүгү белгилүү. Албетте бул тарыхый окуялар өзүнчө изилденүүчү маселелердин бири.

Жыйынтыктап айтканда аймактардын тарыхынын жерге таануу максатында изилдениши Кыргызстандын тарыхынындагы тарыхый маданий мурастар, тарыхый окуялар жана инсандар жаатындагы изилдөөлөрдү байытуу аркылуу илимий маниге ээ болсо, аларды сактоо жана жайылтуу жаатында практикалык, тарбиялык мааниси бар маселе экендиги шек жаратпайт. Андыктан аталган аймактын соңку жаңы мезгилге чейинки тарыхында төмөнкү жагдайлар келечекте изилденүүсү максатка ылайык келет:

Чөлкөмдүн тарыхый-географиялык шарты, тарыхый топонимикасы, жер-суу аталыштары менен байланышкан тарыхый жайлар;

Улуу жибек жолунун алкагындагы соода жолдору тепчип өткөн Көк-Арт жана ага чектеш аймактардагы тарыхый археологиялык эстеликтер;

Көк-Арт жергесинин тарыхый жазма булактарда ж.б. маалыматтарда эскерилиши, материалдык жана рухий маданияттын мурастары, тарыхый окуялар жана инсандар тууралуу изилдөөлөр.

Албетте бул маселе тигил же бул аймактын тархый маданий мурастарын ашыра даңазалоо дегендик эмес, тек кана жерге таануучулук мүнөздөгү изилдөөлөр аркылуу тарыхыбыздын белгисиз жактарын ачып берүүгө салым кошот деп ойлойбуз.

Пайдаланылган адабияттар

1. Бернштам А.Н. История кыргыз и Кыргызстана с древнейших времен до монгольского завоевания. Электронная версия печатного издания: Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II Сост.: К. Ташбаева, Л. Ведутова. - Б.: Айбек, 1998, С.120
2. Бернштам А.Н. Вестник древней истории. Издательство Академии наук СССР, 1949, -№1.- С. 108
3. Кушелевский В.И. Материалы для медицинской географии и санитарного описания Ферганской области. - Новый Маргелан, 1981. - Т.1. - С. 113-114.
4. Рождественский М. Хазрет Аюбские теплые воды и Джеляль-Абадская санитарно-гигеническая станция / Ежегодник Ферганской области. – Новый Маргелан, 1902. - С. 66-69.
5. Авазов Э. Историко-культурные памятники Джалал-Абадской области Кыргызстана//Материалы межрегиональной с международным участием научно-практической конференции 26 марта 2020 года. Часть II. СПб.: ЛОИРО 2020. С. 176
6. Ахмедов О. Курманбек баатыр жана «Курманбек» эпосу. https://muras.turmush.kg/unews/un_post:21286
7. Авазов Э. Чыйбыл болуш жана Анжиян көтөрүлүшү. —Жалал-Абад, 2014.-16-50 .б.
8. Приказы по Туркестанскому краю. г. Ташкет. 30 сентября 1898г №176. / Туркестанские ведомости.- 1898г. №1693
9. Обзор Ферганской области за 1913 г.- Новый Маргелан; Скобелев: Тип. Ферган. обл. правления. 1914.С.13.

УДК 409.34

SPECIAL FEATURES OF EUPHEMISMS

Alieva N.N.[1]
[1]Kokand State pedagogical institute, Kokand University, Kokand city, Uzbekistan

Annotation

The article provides general information about the origin of euphemism, one of the social and special features of language, euphemistic phenomena, euphemistic use of language units, tasks and linguistic tools. It is concluded that the use of euphemisms in speech often depends on the values, moral standards and socio-cultural norms of speech formed in a particular society.

Keywords: euphemism, phenomenon euphemism, linguistic tools, synonym, examples, functional euphemism

ОСОБЕННОСТИ ЭВФЕМИЗМОВ

Алиева Н.Н.[1]
[1]Кокандский государственный педагогический институт, Кокандский университет, г. Коканд, Узбекистан

Аннотация

В статье представлены общие сведения о происхождении эвфемизма одной из социальных и особенных черт языка и эвфемистическом употреблении языковых единиц задачах и языковых средствах. Делается вывод о том что употребление эвфемизмов в речи часто зависит от ценностей нравственных норм и социокультурных норм речи сложившихся в конкретном обществе.

Ключевые слова: эвфемизм, явление эвфемизма, языковые средства, синоним, примеры, функциональные эвфемизмы.

ЭВФЕМИЗМДЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Алиева Н.Н.[1]
[1]Кокон мамлекеттик педагогикалык институту, Кокон университети, Кокон ш., Өзбекстан

Аннотация

Макалада тилдин социалдык жана өзгөчө белгилеринин бири катары эвфемизмдин келип чыгышы жана тилдик бирдиктердин, милдеттердин жана тилдик каражаттардын эвфемисттик колдонулушу жөнүндө жалпы анализ берилген. Сөздө эвфемизмдердин колдонулушу көбүнчө белгилүү бир коомдо калыптанган моралдык нормалардын баалуулуктарына жана сөздүн социалдык-маданий нормаларына жараша болот деген тыянак чыгарылды.

Ачкыч сөздөр: эвфемизм, эвфемизм кубулушу, тилдик каражаттар, синоним, мисалдар, функционалдык эвфемизмдер

We use positive words in our speech to avoid negative words and to minimize and hide the negative impact of situations that affect human dignity, cause discomfort, disrespect or violate moral standards. This is called a euphemism, and euphemisms are used to convey and express unpleasant and hurtful messages and statements. A euphemism is a bitter medicine in a sweet shell.

A euphemism is a substitution used for a word or expression that is socially offensive or in bad taste. They can substitute different kinds of terms, for example, with words that may be vulgar, eschatological, or obscene. It is observed that the phenomenon of euphemism is manifested at different language levels. Euphemisms, for other reasons, are usually used to replace: To express that something is socially accepted or liked by society. For example, 'Senior Citizen' (old).

Linguistic euphemisms are unusual actions associated with the desire to speak politely. With euphemisms, on the one hand, we can show courtesy to our interlocutor and eliminate unpleasant moments for him. On the other hand, euphemisms represent the main content expressed allegorically. M: "wrong" (you're wrong, you're wrong), "don't stray from the truth" (don't say wrong), "that dress looks great" (old) and etc.

The English word “euphemism” is found for the first time in a book written in 1656 by Thomas Blount, Glossographia (Burchfield 1985: 13) it comes from Greek euphèmismos, which is itself derived from the adjective euphèmos, “of good omen” (from eu, ‘good’, and phèmi, ‘I say’).

Lexicographer O.S. In the linguistic dictionary published under the editorship of Akhmanova, a comment is given to euphemism as "a word and phrase without emotional coloring that seems impudent, rude, ugly to the speaker, and can be used instead of its synonym".

DN .Shmelev also uses a euphemism for the speaker in accordance with this content - in certain circumstances, it seems inappropriate, extremely sharp, it is polite to say. It is an uncountable expression that serves to express the same meaning and is softened in order to avoid inappropriate words.

Euphemism serves to avoid calling negative reality, to mitigate the negative impact of such reality, and to describe situations that touch a person's dignity, inconvenience him, express disrespect, contradict moral norms, or directly to reduce the negative impact of hidden realities, to hide and cover them; it is used to convey and express an unpleasant message in a more gentle and cheerful way. There are also euphemisms in the language that arise due to the requirements of a specific speech situation, the meaning of which is often clarified through the text. Euphemism is widely used in scientific and formal styles.

Etymologically speaking, a euphemism is linked to taboos, and traditionally consists in replacing the original signifier, perceived as being offensive or unpleasant, by another one; it is often referred to as a “veil” or a “shroud” thrown over the signified, as if to conceal it.

Euphemism is defined as follows in the "Annotated Dictionary of Linguistic Terms" republished in 2002 by A. Hojiyev: - "Euphemism is the expression of something-phenomenon in a softer form; Using non-obscene, indecent words and expressions instead of rude, indecent words, phrases and taboos".

Euphemisms have several semantic properties:

• Euphemisms about the profession
• Euphemisms for illness
• Euphemisms for death
• Euphemisms for crime
• Opportunities for politics are a euphemism and others.

Here are some examples of euphemisms related to death and illness from these groups: - euphemisms for the word "died" in Uzbek include euphemisms such as died, passed, closed his eyes, and stopped heart. will be - and in English - we can say examples like I passed, I went with my beloved, I went to sleep, I put on cement shoes.

Euphemisms for disease:

in English: - "long illness" instead of "cancer"; "social disease" for "syphilis and aids"; euphemisms such as "lung problem" are used instead of "tuberculosis".

Euphemisms are used in many situations where speaking plainly just doesn’t feel right.

For example, instead of saying someone is obese, we use the term overweight. Instead of saying someone has cancer, we use the term contracted cancer or has been diagnosed with cancer.

The euphemisms are terms used to replace something that we want to express, but may be a little rude or rude to the ears of others. For example: work downsizing (laying off).

Euphemisms are then used to soften or reduce the negative, pejorative or offensive charge that certain words may have. The use of euphemisms thus deals with the great tabu objects of mankind. Also, so-called "politically correct" discourse has introduced many euphemisms related to race or ethnicity, social, age, and even physical disability into speech.

The use of euphemisms is also present in our daily life. For example: instead of saying the word "died", "he slept in an eternal dream", "passed away", instead of the word "sick" it is possible to say "patient". Euphemisms are associated with the development of customs, cultural level, aesthetic taste and ethnic norms in nations. With the development of the language, its euphemistic layer also develops. New forms of euphemism appear on the basis of new standards of morality and worldview.

Euphemism is a process that takes place in the speech layer of the language - name change is a phenomenon related to the formation of a stylistic semantic group in the full sense. and reflects the uniqueness of femininity and communication culture. The use of euphemisms with shades of meaning in artistic, scientific, colloquial speech indicates the wide possibilities of the language. In particular, the Uzbek language has about 300 euphemisms for death. Finding an option is important.

At the end of our article, it should be said that euphemisms are still important in the process of human speech as an important language tool that positively conveys certain negative thoughts to the listener.

Euphemisms are words that appear as synonyms for words and phrases that make the speaker feel uncomfortable, out of place, or rude. Euphemisms avoid saying negative reality, serve to soften the negative impact of such reality, reduce the negative impact of situations that affect human dignity, cause discomfort to him, show disrespect, contradict moral standards or hidden realities that cannot be expressed directly, hide them. , close them, used to convey and express unpleasant messages in a softer form.

Used literature

1. Ad. Shomaqsudov A., Rasulov I., Qo‘ng‘urov R., Rustamov H., O‘zbek tili stilistikasi, T., 1983; Omonturdiyev A., O‘zbek nutqining evfemik asoslari, T., 2000. Ne’mat Mahkamov.
2. Aliboeva, N. "THE EXPRESSION OF COMPARATIVE ANALYSIS." Science and innovation 1.B7 (2022): p 93-95.
3. Allan, Keith & Kate Burridge. 1991. Euphemism and Dysphemism: Language Used as Shield and Weapon. New York: Oxford University Press.
4. Ismatullaev N. Euphemism in contemporary Uzbek language: Autoref....kand.filol.nauk. -T., 1963. 19 p.
5. Linguistic encyclopedic dictionary O.S. Akhmanova -2+ from ster-M URSS Editorial YPCC 2004-571p.
6. Shmelev D. N. Euphemisms Russian language encyclopedia pod ed. F.P. Feline - M.: Soviet encyclopedia 1979.
7. Hajiyev A. Explanatory dictionary of linguistic terms. - Tashkent: OME, 2002. -B. p 131.

УДК 947(575.2):39:398

ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВДИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ФОЛЬКЛОРДО ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫНА ТАРЫХЫЙ СЕРЕП

Абдалимова А.Ж.[1], Анарбаева Г. А.[2]
[1,2]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

Аннотация

Сунушталып жаткан чакан макалабызда көп кырдуу талант, коомдук ишмер, саясатчы Дооронбек Садырбаевдин басып өткөн жолу фольклордук чыгармаларда, тагыраак айтканда жоктоо, арман жанрында кандай таризде чагылдырылгандыгы тууралуу тарыхый анализ берилет.

Ачкыч сөздөр: Дооронбек Садырбаев, саясатчы, арман, керээз, жашоо философиясы, мекенчил атуул.

ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ОТРАЖЕНИЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ДООРОНБЕКА САДЫРБАЕВА В ФОЛЬКЛОРЕ

Абдалимова А.Ж.[1], Анарбаева Г. А.[2]
[1,2]Ошский государственный университет, г. Ош, Кыргызстан

Аннотация

В представленной небольшой статье дается исторический анализ того, как прошел путь многогранного таланта, общественного деятеля, политика Дооронбека Садырбаева в фольклорных произведениях, в частности, в жанре оплакивание и арман.

Ключевые слова: Дооронбек Садырбаев, политик, горе, завещание, философия жизни, гражданин-патриот.

HISTORICAL ANALYSIS REFLECTIONS OF ACTIVITY DORONBEK SADYRBAYEV'S IN FOLKLORE

Abdalimova A. Zh.[1], Anarbayeva G.A.[2]
[1,2]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

Abstract

The presented short article provides a historical analysis of how the path of the multifaceted talent, public figure, politician Doronbek Sadyrbayev passed in folklore works, in particular, in the genre of mourning and grief.

Keywords: Doronbek Sadyrbayev, politician, grief, testament, philosophy of life, citizen-patriot

Мисалы, тарых барактарына кайрылсак, көптөгөн тарыхый инсандар тирүү мезгилинде өзүнө-өзү кошок кошкон, керээз айткан – Боромбайдын керээзи, Медет датканын керээзи, Шабдан баатырдын керээзи ж.б., ошондой эле арман ырларын да калтырган. Ал эми Садырбаевдин "Арман" деген ыры да ушул жанрлардын катарын толуктагансыйт.

Деги эле арман, керээз, жоктоо ырлары деген эмне? экендиги жөнүндө азыраак мүнөз бере кетели. Кошок жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Өлүмгө байланышкан ырым-жырымдардын, салт-санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, бирок өз алдынча поэтикалык жанрдын негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муң-зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл-насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон. Ал эми аны жайылтуу, эл арасындагы сөзгө чечен, жамакчы акындар тарабынан аткарылган [1].

Арман жана жоктоо ырлары да кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында өзгөчө өнүккөн түр болуп, ал кийинки акындар поэзиясына чоң таасир тийгизген. Арман ырлары кесиптин түрүнө карай койчунун арманы, төөчүнүн арманы, мергендин арманы деп бөлүнсө, тарыхый жагдайдын, күндөлүк турмуштун, тагдырдын жазмышынан улам чыккан армандар карылыктын арманы, сатылган кыздын арманы, эзилген эрдин арманы, жетимдин арманы болуп бөлүнөт [2]. Ал эми автордун арман деген ыры да ушул тариздеги жанрды камтыгандыгында шек жок жана эки мазмунду камтыйт. Мисалы, биринчисинде -

Ааламдын агын-көгүн иргей албай,
Ата-Журт ыргактарын түрдөй албай.
Боз улан тилектерим бүчүр байлап,
Бозоруп кала берди бүрдөй албай.
Кыялдын кызыл атын темине албай,
Кыйырга ак таң болуп төгүлө албай.
Кер мурут эңсөөлөрүм тамчы сыгып,

Кейиште кете берди төгүлө албай – деген ыр саптарында инсандын жаш мезгилинде койгон максаттарынын объективдүү жол менен ишке ашпай калган учурун сүрөттөгөнсүйт. Ал эми экинчи маанисинде -

Алкынып аламанга чабыла албай,
Булкунуп бууркандап агыла албай.
Өнөрүм өксүп калды, өксүп калды,
Өмүргө чырак болуп жагыла албай.
Басыгым баштагыдан чаңы азайып,
Баратат үмүттөрдүн таңы азайып.
Кабагым-кашым дебей кете аламын,
Калса эгер тирүүлүктүн шамы азайып.
Кайгырам жалгыз гана калаарына,

Калкымдын бир кыргызга саны азайып... [3] – деген саптарда болсо жалпы эле жашоо философиясы камтылган. Адам болмушундагы турмуштун мыйзам ченеми өмүр жана анын оппозициясы өлүмдү өтө мыкты сүрөттөгөн. Ошондой эле Ата Журттун баалуулугу, кыргыз деген этностун жашап, мыктыларынын кези келгенде оо дүйнөгө аттанаары кайгырарлык иш экендигин баяндаган.

Ал эми тарых барактарына кайрылсак, Карахандар доорундагы Улуу ойчул атыккан Махмуд Кашгаринин “Дивани лугати т-түрк” сөздөр жыйнагында дагы -

Заман күндү шаштырар,
Адам күчүн кемитер.
Ааламдан эрди түгөтөр,

Качса деле ал жетер-замана күнүгө пендесин алдастатып, күч-кубатын кайтарат, жалган дүйнөнү адамдардан арылтат, (Афрасиаб менен анын жолдоочулары сымал) өлүмдөн (ким) качса деле, аны ээрчип жүрүп табат [4] деген саптар менен мааниси жагынан үндөшкөнсүйт.

Дооронбек Садырбаевдин улут үчүн күйгөндүгүн жана улуттун патриоту экендиин Мелис Айдаркуловдун эскерүүсү ырастайт. Раматылык Дооронбек Садырбаев төшүнө ар кандай жазуусу бар төш белгилерди (значокторду) алмаштырып тагынып жүрчү. Бирок бетинде "Я-ИДИОТ" деген жазуусу бар значокту көпкө түшүрбөй тагынып жүрдү. Аны байкап калып, бир жолу азил-чыны аралаш сурап калдым:

- Төшүңүзгө эмне тагып алгансыз? Докем адатынча мурутун кыймылдатып-кыймылдатып алып:

- Жубармек, окуганды билесиң да, окубайсыңбы!..- деди. Мен оюмда эч нерсе жок үнүмдү чыгарып:

- “Я – ИДИОТ” - деп окудум. Ал болсо:

- Ии, мага жолуккан ар бир кыргыз сага окшоп өзүнүн ким экенин билип жүрсүн деп тагынып жүрөм муну... - десе болобу... деп айтканы массалык маалымат каражаттарында айтылып келет.

Дооронбек Садырбаевдин дагы бир ыр саптарынан мисал келтирсек,

Укканга узун сабак ырымды айтып.
Тамым жок кабат-кабат көк тиреген,
Малым жок маараке жетти деген,
Жол салып, мектеп куруп бере турган,
Ааалым жок ашып-ташып кетти деген.
Мал-пулдун мааниси жок болгон менен,
Майышпас кайратка ээлик кылып келем,
Кыйланын кылыч мизин майтарсам да,

Кыргызга кынк этпестен сынып берем [3] – деген ыр түрмөктөрүндө автордун прагматикалык көз карашын байкоого болот. Материалдык байлыктын жок болгондугу менен руханий байлыгынын кең экендигин, кыргыз коому үчүн жасаган иштери келечек муундар үчүн иликтөөгө алынып, ар тараптан анализ бериле тургандыгын алдын ала айткандыгын белгилөөгө болот.

Бул жарык дүнүйөгө келген ар бир пенденин арманы болбой койбойт. Дооронбек Садырбаев өзүнүн «Арманында» белгиленип кеткендей, артында «туяк калтырып», заңгырата үй-жай куруп кетпегенине карабастан, бир нече кербендин жүгүнө тете көөнөрбөс мурас калтырып кетти.

Дооронбек Садырбаевдин чакан аңгемелеринде, жөнөкөй сүрөттөмөлөрүндө, кыска метраждуу, даректүү жана көркөм фильмдеринде эң так, кыска жана нуска этнографиялык сюжеттер, көркөм сүртүмдөр арбын учурайт. Анын бардык чыгармаларынан жалпы кыргыз элине мүнөздүү болгон менталитетти, кыргыз этносу деген аталышты алып жүргөн элдин өзгөчөлүгүн байкоого болот.

Дооронбек Садырбаев: сценарист, актер, режиссер, жазуучу, акын.

Кыргыздардагы урук-тууганчылыкка мүнөздүү болгон «ата-бала», «тага-жээн», «эже-синди», «абысындар» ж. б. маселелер.

Ошондой эле сексенге жакын хроникалык-даректүү фильмдерди, 16 көркөм тасма тарткан. Мындан сырткары кыргыз жана орус тилдеринде жарык көргөн жыйырмадан ашык китептин жана миңге чукул публицистикалык макалалардын автору. Баса белгилөөчү жагдай жараткан ролдору тарыхый-этнографиялык маанидеги документалдуу тасмаларды жаратуусу менен уникалдуу. Айрыкча Памирлик кыргыздар тууралуу даректүү тасмасы жана 1916-жылдагы элдик боштондукту, 1937-жылдагы саясий окуяларды жана 1990-жылдагы кыргыз-өзбек коогалаңын чагылдырган “Кайран эл” тасмасын белгилөөгө болот. Тилекке каршы убагында көрсөтүлбөй калган.

Элдин муундан-муунга, укумдан-тукумга өтүп, сакталып келе жаткан салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жырымы адам өмүрү, жашоо ыңгайы, шарты, тутунган дини, дүйнө таанымы менен тыгыз байланыштуу экендиги талашсыз. Ар бир жарык дүйнөгө келген адам, ал өзү каалайбы же каалабайбы, өз өмүрүнүн этаптарында, өз коомчулугунда, өз элинде калыптанган салт-санаа, үрп-адат, ырым жырымдарды тутунуу менен бул жарык дүйнөдөн өтөт. Күндөлүк турмуш-тиричилигибизде аларга анчейин маани бербегенибиз менен алардын философиялык мааниси терең.

Күндөлүк турмуш-тиричиликтин мыйзамына айланган жол-жоболор, түшүнүктөр, көз караштар, элдин аң сезиминде, ички дүйнө таанымында терең тамыр жайган. Албетте, алар өзгөрүлбөс догматикалык нерсе эмес: кылымдар алмашып, доорлор өтүп, жаратылыштын

сыйкырдуу табышмактары ачылган сайын ата-бабалардын салттары да революциялык эмес, эволюциялык өзгөрүүлөргө, жаңылануларга, алымча-кошумчаларга учурап келген.

Дооронбек Садырбаев 2008-жылдын 28-майында 69 жашында оорудан каза болгон жана сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган. Эл арасында салтка айланган кошок ырлары аркылуу маркумду узатуу аземинде төмөндөгүдөй кошок айтылганы белгилүү.

Долононун чоңунда,
Жайнайт бир белең, агамжан.
Көп жыйындын ичинде,
Сайрайт бир белең, агамжан [5] – деген саптарда маркумдун чечкиндүү инсан, коомдук ишмер, белгилүү саясатчы ж.б. сапаттары сүрөттөлгөн.

Колдонулган адабияттар

1. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.// котор. С. Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С. Макенов. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999.
2. Махмут Кашгари. Дивану лугати-т түрк. 1-том. Б.:Бийиктик, 2013.
3. Садырбаева Чынаранын эскерүүлөрүнөн.
4. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. / түз. ж-а баш сөздөрүн жаз. С.Егембердиева, А.Акматалиев; А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 2002. – (“Эл адабияты” сер. 19-т.).
5. Кошок-кыргыз элинин салттык мурасы (Материалдардын жыйнагы) .//түз. В.Э.Анарбекова., Э.А.Авазов., Г.А.Анарбаева ж.б. – Жалал-Абад, 2019.

УДК 94(575.2) (04)

«МАНАС» ЭПОСУ ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАРДА

Арзыбаев Т.К[1].
[1]Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту, Бишкек ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада Кыргыздар тарыхта эң улуу, байыркы калк экендиги бизге жеткен тарых булактары да айгинелеп турат. Ал жөнүндө кытай архивинде сакталып калган жазма маалымат биздин заманга чейинки мезгилдерге таандык экени жалпы журтубузга белгилүү. Кыргыздар тарыхта улуу эл болуу менен, маданияты менен да, дүйнөгө руханий байлыгы болгон Манас эпосу менен да, даңазаланып келет.

Түйүндүү сөздөр: тарых, Караханиддер, эркиндик, эпикалык баян, эпос, булактар, түрк, арстан

ЭПОС “МАНАС” В ИСТОРИЧЕСКИХ ДАННЫХ

Арзыбаев Т. К.[1]
[1]Национальная академия наук Кыргызской Республики, Институт истории, археологии и этнологии им. Жамгерчинова, г. Бишкек., Кыргызстан

Аннотация

В данной статье дошедшие до нас исторические источники показывают, что кыргызы - величайший и древнейший народ в истории. Общеизвестно, что письменные сведения о нем, сохранившиеся в китайских архивах, относятся к периоду до нашей эры. Кыргызский народ прославился в истории как великий народ, своей культурой и эпосом «Манас», который является духовным сокровищем для всего мира.

Ключевые слова: история, Караханиды, свобода, эпическое повествование, эпос, источники, тюрк, лев.

THE EPIC «MANAS» IN HISTORICAL DATA

Arzybaev T. K.[1]
[1]National Academy Sciences of the Kyrgyz Republic, Institute of History, Archeology and Ethnology named after Zhamgerchynov, Bishkek city, Kyrgyzstan

Annotation

In this article, the historical sources that have reached us show that the Kyrgyz are the greatest and oldest people in history. It is common knowledge that written information about it, preserved in Chinese archives, belongs to the period before our era. The Kyrgyz nation has become famous in history as a great nation, with its culture and epic "Manas", which is a spiritual treasure for the whole world.

Keywords: history, Karakhanids, freedom, epic narrative, epos, sources, Turk, lion.

Кыргыздар тарыхта эң улуу, байыркы калк экендиги бизге жеткен тарых булактары да айгинелеп турат. Ал жөнүндө кытай архивинде сакталып калган жазма маалымат биздин заманга чейинки мезгилдерге таандык экени жалпы журтубузга белгилүү. Кыргыздар тарыхта улуу эл болуу менен, маданияты менен да, дүйнөгө руханий байлыгы болгон Манас эпосу менен да, даңазаланып келет. Манас эпосу Кыргыздын маданиятын, каада салты менен бирге тарыхын кылымдардан кылымдарга, муундан муунга карай сактап келген улуу эл. «Манас» кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларын бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы. Жанрдык белгилери жактан «Манас» баатырдык эпоско жатат. Бирок анын

камтыган мазмуну берген маалыматы алда канча терең жана кеңири. Эпосто элдин үрп- адатынан тартып кылымдар бою жашоосундагы калыптанган салттары, тиричилиги, көрүнүктүү окуялары, жашоо, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдери чагылдырылган. Манастын» мазмунунан биз элдин санжырасын, эл тагдырынын түрдүү учурларын көрө алабыз. Академик Ч.Валиханов сыяктуу окумуштуулар «Манасты» бекеринен «кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы» деп аташпаган.

Эл арасында «Манастын» кадыр-баркынын далилдери катары буларды айтууга болот: бул эпостун материалдарына кыргыздар кылымдар бою көркөм чыгарма катары эмес, болгон чындык катары мамиле кылышкан. Андагы айтылган ар бир маалыматка тарыхый факты катары ишенишкен. Узак убакыттар бою эл азаматтары манастын аты менен жоого киришкен. Жомоктогу оң каармандардын иштеген иштеринен таалим-тарбия алышкан; Кыргыз жергесинде учураган белгилүү, кооз ар бир нерсе манастын аты менен аталган же ошол жомок окуяларына байланыштырылган.

Манас эпосундагы тарыхый окуялар Кыргыз эли үчүн баалуу булак деп айтсак жаңылышпайбыз. Эпостогу тарыхый окуяларды бамдап карасак караханид мезгилиндеги тарыхый окуяларга да жакындыгы бар экендигин көрөбүз. Адатта, Огуз-хан деп биринчи карахан Сатук Абдь аль-Керимди эсептешет. «Манас » эпосунда Манас Огуз-хандын урпагы болуп айтылат.

Биздин оюбузча, «Манас» эпосунун баш каарманынын образында кыргыздардын башынан өткөн же аларга кандайдыр тиешеси бар тарыхый окуялар жана инсандардын таржымалдары чагылдырылган. Манастын образынан караханилердин колбашысынын айрым белгилерин байкабай коюуга болбойт. Албетте, Манастын образы эң байыркы доордо, байыркы кыргыз этносу жарала баштаган кезде, кыргыздарда болгон тарыхый инсандын таржымал негизинде пайда болгон. Ошол эле мезгилде, кыязы, «Манас» эпосунун прототиптик формалары жарала баштаган болуу керек. Бирок мезгил өткөн сайын эпос да, анын каармандарынын образдары да өсүп-өнүгүп отуруп, өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, анткени ал кыргыз коомчулугунун өзүнүн да, курчаган чөйрөсүнүн да өнүгүшү жана өзгөрүшү менен байланыштуу Караханилердин сыйынган жаныбарлары арстан менен кош өркөчтүү төө болгону маалим. Ардак наамдары «арстан-хан», «нар-хан» болгон [1]. «Манас эпосунда Манас жортуулга чыкканда аны арстан менен нардын (буура) сүрөт элеси коштоп жүрөт эмеспи [2]. Мындан тышкары, Манастын колу арстан менен нар тартылган желектери бар уруу жана урук аскерлеринен турат [3].

Караханилер мамлекетинин эли ар кандай уруу, уруктардын курамынан турса да, жалпысынан «түрк» термини менен аталган. «Манас» эпосунда Манас баатырдан тегин, ким деп сураганда: «уругум кыргыз-түрк болот» деп айтканы бар. Караханилер алгачкы мусулман түрк сулалеси жана исламдын таралышына өбөлгө болгон. Алардын «ыйык согуш» (газават) деп аталган «каапырларга» каршы диний ишенимдеги күрөшү «Манас» эпосунда да чагылдырылган, анда кыргыздар диний ишеним менен казатка чыгып, исламдын таралышына байланышкан. Баш каарман Манас да динге бекем ишенген (Бул Сагынбайдын вариантында Манастын Мекеге ажылыкка барышынан байкалат). Манастын Айкожо жолугуп, исламды кабыл алышы Сатук Абд-аль Керим кара-хандын Абу Наср менен жолугуп, алардын исламды кабыл алышына окшошуп кетет. «Манас» эпосунда Сатык (Сатук Абд-аль-Керим), Абу Наср, Санжы (Санжар султан) ж.б. кездешет. «Манста» ошондой эле караханилердин чакан шаары Баласагын «Булагасын» түрүндө айтылат. Махмуд Кашгариде (XI к.) бекеринен бир жеринде кыргыздар таза түрк тилинде сүйлөгөн урууларды курамында эскерилип кетпегенд [4]. Башка жеринде ал кыргыздарды түрктөрдүн катарына кошот [5]. Караханилер Чыгыш Түркстан, Жети-Суу аймактарына чабуул жасап, көптөгөн жерлерди каратып алган. Алар Баласагынды каратып, аны борборунун бири деп атап, Чүй өрөөнүнө жайгашкан. Анан караханилер түндүк-чыгышка бет алып, Жети-Суу аймактарын караткан.

Борбордук Теңир-Тоо менен Жети-Сууга орун очок алгандан кийин, караханилер батышка кол салышкан. Алар Фергана, Самаркан, Букара, Шашты (Ташкен) каратып, атүгүл Аму-Дарыядан да өтө чапкан, баары «Маназта» бар, анда Манас башында турган кыргыздар Чыгыш Туркстанга, Батыш Туркстан аймактарына (Ысык-Көл, Чүй, Алматы, Таластан Наманган менен Анжыян, Ташкенте, алыскы Букара менен Самарканга), Ооганстанга жортуул жасайт [1].

«Мажму ат-таварихтин» маалыматтарындагы Ибрахим Ибн Ахмедди Чыгыш Караханилердин улуу каны Ибрахим ибн Ахмед менен окшоштурса болот, бирок Ибрахим ибн Ахмеддин образынын кээ бир белгилери жогоруда айтылган Чыгыш Караханилердин улуу каны Ахмедден да байкалат. Чыгыш Караханилердин башчысь: Ибрахим ибн Ахмеддин жана имам Ибрахим ибн Ахмеддин башкарган кези жана өлгөн жылдары болжол менен бирдей [2].

Чыгыш Карахан мамлекетинин ханы Ибрагим ибн Ахмеддин бийлиги кара-кытайлар чыгыштан каптап басып кирген мезгилге туура келет. Ошол кармашта ал каза болгон. Жазма булактарда ал ислам дини үчүн курмандыкка кеткен шейит (шахид) делинет [3]. Демек, ал «каапырларга» (неверные) каршы күрөшкөн акыркы чыгыш Карахан каганы болушу мүмүнкүн. «Манас» эпосу боюнча дагы Манас курман болгон согушта кыргыздардын душманы кара-кытай (кийинчерээк каракалпак) болгон [4]. «Мажму ат-таварихте» Ибрагим ибн Ахмед кыргуз менен чыгат, Манас болсо эпосто кырк чоро (жоокер) менен жүрөт. Чыгыш Карахан мамлекетинин жогорку каганы Ибрагим ибн Ахмед Карахан династиясынан чыккан, демек, Огуз Карахандын урпагы, ошондой эле эпос боюнча Манас деле Огуз-Карахандан тараган уулдарынан экен.

«Мажму ат-таварихте» султан Санжардын тушунда (Xll к) Хожент тоосунда жаралган кыргыз эли тууралуу уламыш бар. Бул уламыш Xll кылымда Орто Азияда кыргыздардын оң жана сол канатынын түзүлүш тарыхын ырастайт. Эгер оң канат кыргыздары мусулман болсо, сол канат–ислам дининде болгон эмес. Айтмакчы, бул факт «Манас» эпосундагы эпизоддор аркылуу да бекемделет. «Чоң казаттын» алдында кара-кытайлардын артынан жөнөй турган кол Манастын буйругу менен оң жана сол тарапка тизилет. Оң жакка – мусулмандар, сол тарапка-мусулман эместер (ислам түшүнүгүндө – каапырлар) турат.

Ибн аль-Асирдин кабарында (Кутаб аль-камил фит-тарих) Чыгыш Карахан ээлик кылган жерлерге 1128-жылы кара-кытайлардын басып киргени, бирок улуу каган Ахмед алардын ташын талкан кылганы айтылат. Ошондон кийин ал каган өлүп, анын ордун уулу Ибрагим баскан. Елүй Данил баштаган кара кытайлардын кыргындан аман калганы Орхонго качкан болуу керек. Ал жакта Хотон сепилине 20 миң жоокер-ардагерлерден кол жыйнап, алардын катарын кытандык (кара-кытайлык) качкындар менен толтуруп Бейтинге (бешбалыкка) келишти. Бул жерден жети улустун жана он сегиз уруунун көмөгү менен дагы он миң колдон турган атчан аскер жыйнап, кара-кытайлардын башчысы өзүн гурхан жарыялады. Сыягы, болжол менен 1130-ж. башында кытандардын (кара-кытайлар) бир бөлүгү Уйгур өлкөсүн басып өтүп, Эмил дарыясынын боюндагы гүлдөгөн өзөнгө жетишкен окшойт». 1128-1130 же 1130-1133-жылдардын аралыгында Чыгыш Карахан мамлекетинин баш каганы Бейтинге (Бежин – Беш Балык) чоң казатка аттанышы мүмкүн. Бул окуя жөнүндө 1133-жылдын июнунда Багдад визирине жазган катында султан Санжар жөнүндө сөз болуп жатышы да ыктымал. Ал катта жакында эле «каапырларды» жеңип, алардын кол башчысын туткундап алган Кашкар ханы тууралуу кабар жазылган бул окуя биздин болжолубузда, «Манас» эпосунун «Чоң казатынын» негизги өзөгүн түзгөн болуу керек. Арийне, «Чоң казаттын» негизги тутумунда баш каган Ахмеддин 1128-жылкы Чыгыш Карахан каганатына кол салган кара кытайларды талкалагандыгы жөнүндө сөз болуп жатышы да ажеп эмес. Кандай болгондо да бул эки тарыхый окуя экөө тең «Манас» эпосунун саптарында сүрөттөлүшү толук мүм-

күн, же болбосо жогоруда көрсөтүлгөн «Шаджара аль-атрактагы» маалыматтар Карахан кыргыздары (Отуз уул) менен Эртыш кыргыздарынын бириккен мезгилиндеги оң жана сол канат кыргыздарга тиешелүүдүр. Кыргыздардын [1] ушул эле бирикмеси (эли) ошол кезде журт башында турган оң канат элдин атынан Отуз уул аталышы мүмкүн эле. Кыргыздардын келип чыгышы тууралуу жогорудагы уламыш кыргыз этнонимии «кырк-кыз», ошону менен бирге ушул эле кыргыздар Отуз уул аталышы элдик этимологияга негизделген.

«Маджму ат-таварихтеги» бир баянда Жакып бек, анын уулу Манас экөө моголдор менен бирдикте калмактарга каршы согушкан эпизоду келтиирлет. Анда: «Оң-хан могол кошууну менен сол кошуунду алып Чоңгуну көздөй жөнөйт. Оң-хан Кара-Кыштакка келди. Чоңгу Кара-Кыштактан чыгып жоокерлерин тизди, (бирок) Чоңгу качып жөнөдү. Оң-хан канча калмакты өлтүрдү, Кара-Кыштакты Жакып-бекке берди, өзү Ташкентке кетти» [5]. Мында «сол кошуун» термини менен кыргыз уруусунун «сол канаты» аталууда. «Маджму ат-таварихтен» алынган тексттен көрүнүп тургандай, «оң кошуун», б.а. «оң канаттын» жоокерлери могол кошууну делинип, ал эми «сол кошуун» могол деп аталган эмес» [6].

«Маджму ат-таварихтеги» бул маалыматтар Xll кылымдын биринчи жарымындагы окуяларга тиешелүү болушу мүмкүн. Мында Чыгыш-Карахан каганатына кол салып кирген кара-кытайларды талкалап мизин кайтаруу тарыхы сүрөттөлүп жатса керек. Бул жеңиштин башында Чыгыш-Карахан мамлекетинин башчысы Ахмед каган жана анын уулу Ибрагим турган. Бул баяндагы калмактар делинген элден кара кытайларды, ал эми моголдор кошууну же «Оң канат» же «Оң кошуундан» Карахан кыргыздарын түшүнүү туура болот. Бул баянда «Оң» хан деп сөз болгондо жогоруда эскертилген Чыгыш каганатынын башчысы Ахмед каганды же анын уулу Ибрагимди билүүгө тийишпиз. Сыягы, кыргыздардын «Оң» жана «Сол» канатынын бирикмесинин пайда болушу Ахмед каган менен байланыштуу окшойт.

«Маджму ат-таварихте»: имам Ибрагим ибн Ахмед Лур ханды оң канаттын сардары, Лур-Бузургду сол канаттын сардары кылып дайындады. Имам Ибрагим Касанга жеткенде, Гурхан аскерлери менен чыгып чабышка даярданып калды.

Иман аскерлерин мындайча жайгаштарды: оң каната Лур-хан, сол каната Лур-Бузург. Согуш башталды бир күн, бир түн салгылашышты, айоосуз кыргын болду, Гурхан курчоодо калды. Калмактар аны куткарып качып кетишти. Имам Касанды ээлеп, аны Исламдын ордосуна айландырды. Андан соң өз адамын (аскерлери менен) Жидгилге жөнөттү: алар Мургабды, Фургабды жана Дунгалды басып алышты. Гурхан Миң-Жубуга кетип жатып, Чинге (Хитайга) кошулду, алардан аскер алып Хитайга жөнөдү… оң канаты (имам Ибрахим) – оң; сол канаты – Сол деп атады. Демек кыргыздардагы оң жана сол канаттын түзүлүшү Ибрахим имамдын жардамы менен болгон иш (ибн Ахмед) [7]. Султан Заранджиш бул 527 (1727-ж) болгон. Анын жер жүзүндө жашаганына 96 жыл болгондо ал айтты: «Баргыла, алып келгиле. Анал-Хактын балдарын Лур хан, Лур-Бузургду, Могол Ахмад-бекти… (Ибрагим имамды) ак мүйүздөн жасалган бунчук бар эле. Ага ак желек байлап, аны Могол Ахмад беке берди (35-тиркеме) … Мүрүддөрүнө жана ишеничтүү кызматчыларына сыйынуу менен (Ибрахим имам) 530 жылдын 27-рамазан айында түн ичинде көз жумду (29-июнь, 1136-жыл)» [2].

Улуу каган Ахмед кара кытайларды 1128-жылы жеңген. «Маджму ат-таварихтеги» кабарга караганда кыргыздын Оң жана Сол канатынын биригиши 1127-жылы, кара кытайларга аттануу алдында болгон. Тарыхый маалыматтар боюнча Ахмед каган кытайлар жеңилип качкандан кийин дүйнөдөн кайткан. Анын көзү өткөн соң Чыгыш Карахан мамлекетинин башкы бийлиги уулу Ибрагимге өткөн.

Ибрагим каган Бейжинге (Бешбалык) «Чоң казатка» аттанган болу керек. Ошондон кийин ал курман болгон. Тарых булактарында аны ислам дини үчүн өмүрүн кыйган шейит (шахид) аташат. Сыягы, мында Ахмед каган өзү өлгөн соң бийлиги өткөн өз уулу Ибрагим-

дин аты менен эскерилип жатса керек. Андыктан жогоруда эскерилген «Маджму ат-таварихтин» маалыматтарында Ибрагим ибн Ахмеддин ысмы эскерилет. Бул чыгарманын автору аталган окуяларды Фергана аймагында болгон сыяктуу сүрөттөйт. Болжолу автор эзелки өткөн окуяларды кийинки тарыхый фактылардын таасири астында чыгармачылык менен кайра иштетип, өз тарабынан көркөмдөп чыккан болу керек. бул мүнөздөгү маалыматтар аталган жазма булактын көп баяндарына тиешелүү. Андыктан бул эмгекти илимпоз изилдөөчүлөр – «Маджму ат-таварих» жарым тарыхый, жарым легендарлуу, «фактылар менен даталар уламыштар жана ойдон чыгарылган чыгармалар менен чиеленишкен» китеп катары мүнөздөшөт [8].

Колдонулган адабияттар

1. Караев О. Арабские и персидские источники IX-X вв. о кыргызах и Киргизии. Ф. 1968. с. 52.
2. Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Соч. Т. 1. М. 1963. с. 269-270.
3. Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Тексты. Спб. 1898. с. 130.
4. История Киргизской ССР. Т. 1. Ф., 1984. с. 250.
5. Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Соч. Т. 1. М. 1963.с. 51-б.
6. Мокеев А. М. Этапы этнической истории и социальной организации кыргызского народа на Тянь-Шане в XVI - сер. XVIII вв. Изв. АН Респ. Кыргызстане №4. 1991. Серия Общественных наук. с. 51.
7. Атаханов А. "Маджму ат-таварих" - как исторический источник. В сб.: Источники по Средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии. Тез. докл. и сообщ. межреспублик, научной конфер., посященной памяти В. А. Ромодина. - Бишкек. КГУ. 1991.
8. Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973.с.205.

УДК 81’42

ЛИНГВОКОГНИТОЛОГИЯ И ЛИНГВОЭТНОКУЛЬТУРОВЕДЕНИЕ КАК ОТРАСЛИ АНТРОПОЛИНГВИСТИКИ

Арсланбекова Н.Э.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

Данная работа посвящена исследованию эмоционального концепта в художественной литературе, изучаемого в рамках гуманитарных, лингвистических исследований, частных и смежных областях наук и написана в русле антрополингвистики. Антрополингвистика-полипарадигмальная научная дисциплина, включающая в свой состав ряд вновь возникших направлений языкознания-лингвоэтнокультурологию, лингвопрагматику, психолингвистику, лингвоконцептологию, когнитивную лингвистику, менталингвистику и др., которые выдвигают на первый план производителя и реципиента вербальной информации, их цели, интересы, устремления, социальные и индивидуальные особенности. В качестве основных объектов этого направления в лингвистике выступают человеческое сознание, мышление, эмоции и те ментальные процессы и состояния, которые с ними связаны, обеспечивают содержание речевых произведений и регулируют ход общения, поведение участников коммуникации.

Ключевые слова: концептосфера, антрополингвистика, полипарадигма, лингвоэтнокультурология, лингвопрагматика, психолингвистика, лингвоконцептология, когнитивная лингвистика, менталингвистика.

ЛИНГВИСТИКАЛЫК ТААНЫМ ЖАНА ЛИНГВОЭТНОМАДАНИЯТ ТААНУУ АНТРОПОЛИНГВИСТИКАНЫН ТАРМАКТАРЫ КАТАРЫ

Арсланбекова Н.Э.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул эмгек көркөм адабияттагы эмоционалдык концепцияны изилдөөгө арналган, гуманитардык, лингвистикалык, жеке жана ага жакын илим тармактарынын алкагында изилденип, антрополингвистика менен бир катарда жазылган. Антрополилингвистика – полипарадигмалуу илимий дисциплина, ал тил илиминин жаңыдан пайда болгон бир катар тармактарын-лингвоэтнокультурология, лингвопрагматика, психолингвистика, лингвоконцептология, когнитивдик лингвистика, ментлингвистика ж. социалдык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрү. Тил илиминдеги бул багыттын негизги объекттери болуп адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, эмоциялары жана алар менен байланышкан, кеп чыгармаларынын мазмунун камсыз кылган жана баарлашуунун жүрүшүн, баарлашуунун катышуучуларынын жүрүм-турумун жөнгө салуучу психикалык процесстер жана абалдар саналат.

Ачкыч сөздөр: концептосфера, антрополингвистика, полипарадигма, лингвоэтнокультурология, лингвопрагматика, психолингвистика, лингвоконцептология, когнитивдик лингвистика, менталингвистика.

LINGUO-COGNITOLOGY AND LINGUO-ETNOCULTURAL STUDIES AS A BRANCH OF ANTHROPOLINGUISTICS

Arslanbekova N.E.[1]
[1]Zhalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

Annotation

This work is devoted to the study of the emotional concept in the literature, studied in humanitarian, linguistic research of special and related fields of science and is written in line with anthropolinguistics. Anthropolylinguistics is a polyparadigmatic scientific discipline that includes a number of newly emerging areas of linguistics-linguoethnoculturology, linguopragmatics, psycholinguistics, linguoconceptology, cognitive linguistics, mentalinguistics, etc., which highlight the producer and recipient of verbal information, their goals, interests, aspirations, social and individual features. The main objects of this field in linguistics are human consciousness, thinking, emotions and those mental processes and states that are associated with them, provide the content of speech works and regulate the course of communication, the behavior of communication participants.

Keywords: conceptosphere, anthropolinguistics, polyparadigm, linguoethnoculturology, linguopragmatics, psycholinguistics, linguoconceptology, cognitive linguistics, mentalinguistics.

Лингвистический антропоцентризм представляет человека как субъекта действующего, воспринимающего и продуцирующего информацию в соответствии со своими психологическими (мышление, память, внимание, характер, интерес, способности и т.д.), социальными (возраст, пол, вера, статус, профессия, национальность, раса и др.) и другими особенностями и руководствующегося в своей мыслительно-речевой деятельности определёнными стереотипами, правилами, схемами, программами, планами, стратегиями. Он, следовательно, связан с психологией, социологией, этнографией, теорией речевой деятельности, логикой и другими гуманитарными науками, составляющими его макроконтекст. И в то же время, включая в себя целый ряд отраслей языкознания, приобретает качество интердисциплинарности.

Антрополингвистика 1) исследует человека в ролях говорящего и слушающего, пишущего и читающего, в роли переводчика; 2) изучает язык в тесной связи с сознанием, знанием, опытом, культурой, национальностью и верой его носителей; 3) разрабатывает ментально-языковые модели картины мира с учетом концептуализации и категоризации реальности в сознании этноса; 4) использует концепт в качестве ключевой категории, реализуемой в частных типах представления знаний – понятии, образе, картине, схеме, сценарии (скрипте), гештальте в структуре концептосферы народа; 5) определяет концептосферу и ментальность этносов на основе изучения конкретных концептов и системы их языковых репрезентативов.

Общие вопросы и принципы лингвоконцептологии, лингвокультурологии и когнитивного языкознания освещались в трудах лингвистов дальнего зарубежья, стран содружества и Кыргызстана. В них содержатся все необходимые для конкретных исследований теоретические сведения и положения по названным отраслям языкознания.

Важнейшие категории лингвоконцептологии формулировались в русском культурно-языковом пространстве: были введены термины «концепт», «концептосфера», «концептуарий», язык изучается как феномен культуры и как носитель особой ментальности и менталитета. В последних работах разработаны теоретические основы лингвокультурологии, которая будучи сама интегральной дисциплиной, внутри себя выделяет несколько направлений: 1) этическая лингвокультурология; 2) диахроническая (историческая) лингвокультурология; 3) сравнительная лингвокультурология; 4) сопоставительная лингвокультурология; 5) синхроническая (современная) лингвокультурология; 6) лингвокультурная лексикография; 7) общая лингвокультурология и др.

Необходимо отметить, что вопросы лингвокультурологии активно разрабатывались и в Кыргызстане. Лингвокультурологические исследования кыргызстанских языковедов обзорно представлены в разделе монографии по антрополингвистике. В связи с этим мы можем говорить об одной отрасли лингвокультурологии, сложившейся в Кыргызстане под названием лингвокультуроведение. Возникновение этого нового филологического направления связано с именем Л.А. Шеймана и его соратников. Основным предметом изучения лингво-

культуроведения является национально-культурная семантика слов, фразеологизмов, пословично-поговорочных изречений, различных символов и образов, создающих национально-языковую картину мира этноса.

Когнитивно-семантическое направление антрополингвистики получило развитие в различных странах мира. Его называют когнитивной лингвистикой или лингвокогнитологией. Проблематикой лингвистического когнитивизма занимались ученые дальнего зарубежья [9,82-с; 9,156-с; 9,283-си др.]. В соответствующих исследованиях излагаются основные идеи и принципы когнитивного языкознания, определяется сущность его ключевой категории – концепта, характеризуются типы концепта и их место в концептосфере этноса, освещаются различные точки зрения ученых на проблематику лингвоконцептологии, на вопросы, связанные с содержанием, определением, классификацией, источниками образования и когнитивно-языковыми признаками концепта, обсуждаются идеи и предложения когнитивистов по вопросу о классификации картин мира в этическом сознании.

В лингвокогнитологии установлено следующее:

1. Концепт есть единица сознания, памяти, передаваемая в языковых знаках.

2. Концепт выражается корневой морфемой слова, словом, словосочетанием, предложением и текстом, а также невербальными средствами.

3. Он многослоен и имеет предметно-денотативное, эмоционально-оценочное, мифологическое, логическое, этимологическое, национально-культурное, деривационное, символическое содержание.

4. Содержание концепта неоднородно, различает внутри себя ядро и периферию, концепт-минимум и концепт-максимум, микро- и макроконцепт/суперконцепт, конкретные и абстрактные концепты; индивидуальные и микрогрупповые, макрогрупповые, национальные, цивилизационные и общечеловеческие концепты, новые и устаревшие концепты и выделяет виды и разновидности (мыслительная картина, образ, представление, понятие, когнитема, схема, скрипт, фрейм, инсайт, гештальт и др.), разграничываемые также по отношениию к фону (контексту), времени, месту и источнику образования (античные образы, древнегреческие представления о богах, коммунистические идеалы, теологические концепты, культурные концепты, когнитивные концепты, эмоциональные концепты и пр.).

5. Совокупность концептов образует концептосферу человека, группы людей, нации и человечества.

6. Менталитет есть специфический способ восприятия и понимания действительности, который определяется множеством когнитивных стереотипов сознания, характерных для определенной личности, социальной или этнической группы.

7. Картина мира есть совокупность знаний о реальном и ирреальном мире, сформировавшаяся и закрепленная в индивидуальном, групповом и общественном сознании. Она бывает непосредственной и опосредованной, когнитивной и языковой, художественной и научной, наивной и философской, реальной и ирреальной и т.д.

8. Концепты, концептосфера и картины мира этноса объективируются в языковых знаках.

Проблематика лингвистического когнитивизма заинтересовала многих языковедов Кыргызстана. Общие вопросы лингвокогнитологии изучаются в трудах языковедов старшего и среднего поколения [3, 43; 3, 67; 7, 15-32].

Понятия, категории и методология когнитивного языкознания глубоко освоены и использованы в диссертациях и монографиях многих отечественных ученых.

Таким образом, мы имеем все основания утверждать, что проблематика лингвоконцептологии и лингвокогнитологии, обращая на себе внимание целого ряда молодых лингвистов, стала предметом специальных исследований с важными для науки новыми результатами.

Необходимо отметить, что в развитии сопоставительной лингвоконцептологии заметную роль сыграли исследования по теории перевода и лингвосемиотике, в которых устанавливается межъязыковое противоречивое единство означающего и означаемого.

9. В лингвистике изучению путей и способов вербализации чувств и эмоций человека отводится значительное место и уже появилось множество научных трудов, посвященных исследованию репрезентативов эмотивности в различных аспектах языка.

В эмоциональной сфере сознания человека особую позицию занимает концепт РАДОСТЬ. Он привлекателен во многих отношениях, особенно тем, что это чувство положительное, вызывается позитивными мотивами, протекает в виде удовольствия и удовлетворения от приятных ощущений, полезных приобретений, от успехов и достижений (своих и близких людей) и т.д. Способы вербализации этого концепта были предметом изучения некоторых лингвокогнитологов. В них определены сущность концепта РАДОСТЬ, его когнитивно-психологические свойства, строение и типы, охарактеризованы способы вербализации данного концепта на материале разных языков. Но он ещё не рассматривался на материале текста художественного произведения с привлечением фактов из кыргызского языка, а его номинанты – с точки зрения лингвогенетики, этимологии и общей типологии.

Список использованной литературы

1. Апресян В Ю Метафора в лексикографическом толковании эмоций // Вопросы языкознания. – 1993. № 3. – С. 27 – 35.
2. Вежбицкая А Язык. Культура. Познание.-М: Русские словари, 1996. 416 с.
3. Тагаев М Дж Кыргызский и русский языки: роли и пути их взаимодействия // Слово ру: Балтийский акцент. – 2012. – Вып № 3. – С. 43-4
4. Bamberg M Emotionaltalk(s): the role of perspective in the construction of emotions // The Language of Emotions. – Amsterdam/Philadelphia: John Benjamins Publishing House, 1997. – P. 209 – 226.
5. Diller H J Emotions and the Linguistics of English // Proceedings / edit. By W L Busse. Tbungen: Niemeier, 1992. P. 26 - 32.
6. Foolen A The expressive function of language: Towards a cognitive semantic approach // The Language of Emotions. Conceptualization, Expression, and Theoretical Foundation. – Amsterdam/Philadelphia, 1997. – P. 15 – 32.
7. Heller A A Theory of Emotions. – Assen: 1979. 210 c.
8. Kemper T D Sociological Models in the Explanation of Emotions // Handbook of Emotions / Edited by M Lewis and J M Haviland. – New York; London: The Guilford Press, 1993. – P. 41 – 52.

УДК 398

“МАНАС” ҮЧИЛТИГИНИН НЕГИЗГИ ИДЕЯСЫ

Айталиева Т.К.[1], Болотбеков К.М.[2]
[1]Талас мамлекеттик университети, Талас ш., Кыргызстан
[2]Борбор Азия эл аралык медициналык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

“Манас” үчилтиги генеологиялык принципке негизделген чыгарма. Эпосто кыргыз элинин тарыхы корком чагылдырылып берилген. Кыргыз эли - Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин бири. Элибиз узак тарыхый жолунда нечендеген кыйын учурларды, кызыл кыргын согуштарды, жоо-душмандарынын запкысын көрүп, аларга баш ийип калбастан, каруусун казык, башын токмок кылып, күрөшүшкөн. Баскынчы жоо-душмандарга чабылып, алардын көрсөткөн кордугуна туруштук бере албай туш-тушка чачылып, ата журтунан сүрүлүп, жер которуп, барган жеринде жашап кетүү үчүн бардык күчүн жумшап аракеттенишкен. Ошондой кыйчалыш учурларда да намысын бийик кармап, келечекке ишенимин жоготпой, душмандарына мүнкүрөп, тизе бүгүп, баш ийип калбай, кайрадан туулган жерибизди табабыз, эл катары өз жашообузду татыктуу улантабыз деген ишеним менен өмүр кечиришкен. Ата журт, эл-жерге болгон кусалык идеясы “Манас” үчилтигинин үч бөлүмүндө тең чагылдырылып берилген.

Ачкыч сөздөр: Үчилтик, генеололгиялык циклизация, вариант, Мекен темасы, чабылып-чачылуу, эркиндик, патриархалдык-феодалдык түзүлүш, Алтай, Букар.

ГЛАВНАЯ ИДЕЯ ТРИЛОГИИ "МАНАС"

Айталиева Т.К.[1], Болотбеков К.М.[2]
[1]Таласский государственный университет, г. Талас, Кыргызстан
[2]Центрально Азиатский международный медицинский университет, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

Трилогия «Манас» — произведение, основанное на генеалогическом принципе. В эпосе художественно отражена история кыргызского народа. Кыргызы – один из древних народов, проживающих в Средней Азии. На долгом историческом пути наш народ пережил немало тяжелых времен, кровопролитных войн и разгромов своих врагов. Из-за частых нападений врагов, кыргызы не выдержав натиска, были изгнаны с родины, переселены и рассеяны по разным уголкам земли. Несмотря на это, даже в тяжелые времена они высоко хранили свою честь, не теряли веры в будущее, не становились на колени и не покорялись врагам. Они жили с верой в то, что вновь обретут Родину, и достойно продолжат свою жизнь как народ. Идея тоски по родине и своему народу отражена во всех трех частях трилогии «Манас».

Ключевые слова: Трилогия, генеалогический цикл, вариант, тема Родины, конфликт, свобода, патриархально-феодальный строй, Алтай, Букар.

THE MAIN IDEA OF THE "MANAS" TRILOGY

Aitalieva T.K.[1], Bolotbekov K.B.[2]
[1]Talas State University, Talas city, Kyrgyzstan
[2]Central Asian International Medical University, Jalal- Abad city, Kyrgyzstan

Abstract

The trilogy "Manas" is a work that builds on the genealogical principle. The epic artistically mirrors the story of the Kyrgyz people. The Kyrgyz are among the ancient peoples living in Central Asia. Along a long historic path, our people have experienced many difficult moments, bloody wars and the defeat of their enemies. As a result of frequent enemy attacks, the Kyrgyz, unable to resist the assault, were expelled from their homeland, resettled and dispersed to

different corners of the earth. In spite of this, even in hard times, they kept their honor high, did not lose faith in the future, did not kneel or submit to their enemies. They lived with the belief that they would return to their homeland and pursue their lives with dignity. The idea of aspiration to the homeland and the people is reflected in the three parts of the Manas trilogy.

Keywords: Trilogy, genealogical cycle, variant, Motherland theme, conflict, freedom, patriarchal-feudal system, Altai, Bukar.

“Манас” эпосунда С.Каралаевдин вариантында Алөөкө менен Молтонун чапкынынан кийин Алтайга сүрүлгөн кыргыздардын тилеги келечекте кайрадан Ата Журтуна баруу болгон. Каракандын сегиз уулу баскынчы душмандарга сес көрсөтөбүз деп өз жеринен кубулушат. Жакып, Акбалтай баштаган 40 үйлүү кыргыз Алтайга бет алып баш калкалап кетишет. Алардын баарынын ичериндеги тымызын тилектери кайрадан киндик кесип, кир жууган Мекенине кайтуу болгон.

Ошпур кой кайтарып жүргөн Манастын жасаган иштери тууралуу Жакыпка даттанып келгенде, баласы жөнүндө койчусунун айткандарын укккан Чыйырды Жакыпка мындай дейт:

Кайгырбагын, бай Жакып, Чуркурап журттан бөлүндүк, Караан кылып отурган, Жалгызың Манас болбосо, Ал журтка кайдан көрүндүк. Аман болсо Манасың, Кеңкол, Талас жер табат, “Атамдан калган мураа”-деп, Аргын, кыргыз эл табат [1] Чыйырдынын бул айткандарында өзгөчө маани бар. Себеби, ал Манасты төрөп жатканда эле, ага Кыдыр Илияс дубана чал болуп көрүнүп, баланын келечеги жөнүндө баяндап берип көздөн кайым болгон.

Мекенге болгон кусалык идеясы үчилтиктин “Семетей” бөлүгүндө да улантылат. Кан Манастын көзү өткөндөн кийин, өздөн чыккан жаттар, Манастын аталаш бир туугандары Абыке, Көбөш, алты арамдардын, кастыгы менен баатырдын ордосу талоонго учурап, Каныкей Бакайдын жардамы менен Чыйырды менен Семетейди жанына алып, атасынын шаары Букарды көздөй качып кетет. Чыйырды менен Каныкей да, уулун аман-эсен эр жетилтсек, кайрадан жылгындуу Кеңкол, кең Таласка кайтып, Семетей атасынын ордун ээлеп, элин коргосо деген тилек тилешкен.

“Каныкейдин Тайторуну чапканы” аттуу эпизоддо Каныкейдин уулунун келечегине алтымыш асый Тайторуну төлгө кылып чапканы жатканын билген атасы кызын токтотууну көздөп кеңешет. Каныкей атасынын айтканына көнбөй мындай дейт:

Төлгө кылып көрөмүн, Тайтору күлүк атымды! [2]- деп атын 643 тулпар менен Тайтору күлүктү чабат.

С.Каралаевдин сүрөттөөсүндө Каныкей Тайтору анын сөзүн түшүнө тургандай кайрылып, анын артта калбай, астыга чыгып келүүсүн суранат. Бул жерде канынан жесир калып, бел болор кыргызэли жок, каран болор ногой эли жок аялдын арманы көркөм сүрөттөлүп берилген. Арманын айтып эле калбай, Тайторуда үмүтү чоң экенин, намысын колуна алып берерине ишенет. Адамдын тагдырында көптөгөн кыйынчылыктар болот. Адамдын адамдыгы ошол кыйынчылыктарга моюн бербей, андан чыгып кетүүнүн жолун издегендигинде жана жаркын келечектен эч убакта үмүт үзбөй дайыма алдыны көздөй умтулгандыгында. “Манастагы” эң негизги ушул идея кыргызды кыргыз кылып сактап келет деп айтсак болот.

Үчилтиктин үчүнчү бөлүмү “Сейтек” эпосунда да Сейтек атасы Семетей өздөн чыккан жат Канчоронун чыккынчылыгы менен душмандарынан жеңилип кайып болуп кеткенде, энеси Айчүрөк жедигерлердин Кыяз канына олжого кетет. Ошол учурда перинин кызы Айчүрөктүн үч айлык боюнда болот. Сейтек Айчүрөктүн акылдуулугу менен аман-эсен төрөлөт. Душман колунда эр жетип чоңоёт. Энеси Айчүрөк Каныкей сыяктуу эле уулунун 12 жашка чыгуусун күтөт. Эпикалык чыгармаларда келечекте баатыр 12 жашка келгенде ал-күчүнө толуп, эл-журтун башкарууга жарап калган убагы катары эсептелет. Айчүрөк да, душман колунда кечирин кестирип кул болуп жүргөн Күлчоро да, Канчоронун запкысын

көрүп кордук көргөн Бакай да, карыганда торпок кайтарып кор болгон Каныкей да, Сейтектин эр жетишин күтүшөт. Баатыр уулу эр жетип, атасынын өчүн алып, Канчоро канга кор болгон элдин өчүн алып берсе деп тилешет.

Үчилтиктин бардык бөлүмдөрүндө Манас баатырдын, анын уулу Семетейдин жана Семетейдин уулу Сейтектин балалыктары бөтөн жерде өтөт. Бирок, бардык бөлүмдөрдө баатырлардын балалык курактары куюп койгондой окшош деп айтууга болбойт. Бирок жалпылап караганда окшош жактары бар. Болочоктогу баатырларды аман-эсен эр жетилтсек, кайрадан эли-журтубузду тапсак, душмандарыбыздар өч алсак, Ата журтубузда адилет бийлик жүргүзсөк деген идея үчилтиктин ар бир бөлүмүндө чагылдырылып берилген. Үчилтиктин биринчи бөлүгүндө душмандар менен күрөшүү сүрөттөлгөн согуштук сценалар өтө кеңири сүрөттөлсө, улам кийинки бөлүмдөрдө жөнөкөйлөшө баштаганын байкоого болот. Манас баатырдын айланасында кырк жигити болсо, Семетейдин жанында Күлчоро менен Канчоро, ал эми Сейтектин жанында көрүнүктүү чоросу катары Акжолтой сүрөттөлүп берилет.

Үчилтиктин экинчи бөлүмү "Семетейде" башкы каармандар сырткы душмандар эмес, ички душмандардан кордук көрүшүп, келечектеги эл коргой турган баатыр, Манас баатырдын мурасчысы Семетейдин өмүрүн сактап калыш үчүн, энеси Каныкейдин далалаты, аракети кеңири баяндалып берилет. Семетей эр жетип, Каныкейдин көздөгөн тилеги ишке ашып, уулу кыргыз жерине барып, атасынан калган тактысына ээ болуп, элин-жерин коргоп, Коңурбайдан атасы Манастын кунун кууп жеңишке жетишет. Чыгарманын финалдык бөлүгүндө Семетей ички душман, өзүнүн эмчектеш бир тууганы Канчоронун чыккынчылыгы менен душмандарынан жаракат алып,кайып болуп кетет. Семетейдин душмандары кимдер болгон. Башкы душманы Кыяз баш болгон жедигерлер болот. Алардын душмандашып калуусу эпостогу баатырдык үйлөнүү салты менен байланыштуу, себеби Кыяздын агасы Толтойдун кудалашкан колуктуусу Чачыкейди Темиркан Семетей эр жетип, кайрадан Таласка кайта турган болгондо жээнине лып берип узатат. Манастын тууганы Шыгайдын уулу Чынкожо Толтойго: "Сенин ала турган колуктуунду Семетей алып алды, сен анын аталары бел куда болуп койгон Акундун кызы айдай сулуу Айчүрөгүн алып ал"-деп азгырат. Чынкожонун айткангын туура көргөн Толтой Айчүрөктү алам деп Акункандын шаарын камап, зордук көрсөтмөкчү болот. Толтойго күйөөгө чыгууга макул болбогон Айчүрөк ак куу кебин кийип,Семетейди издеп келип, анын ак шумкарын алып кетет. Ак шумкарын издеп, Айчүрөктүн дайынын билген Семетей Акун кандын шаарына барып, Чынкожо, Толтой менен кармашып, аларды жеңип, Айчүрөккө үйлөнөт. Жедигерлердин Кыязынын Семетей менен Күлчоро экөөндө кеги болгон, ал атасы Толтойдун өчүн алууну көздөйт. Анын иш-аракетине өздөн чыккан жат, чыккынчы Канчоро жардам берет. Натыйжада, Семетей жаракат алып кайып болот. Канчоро кан болуп, Күлчоро туткундалып, Айчүрөк олжого кетет.

Окумуштуу Б.Керимжанованын "Семетей жана Сейтек" аттуу чакан эмгеги бар жана анда эпостун изилденүү тарыхына токтолгон. "Семетей" жана "Сейтек эпосторунун мазмуну, үчилтиктин бири-бири менен болгон байланышы жана эпостордун формаларынын айрым өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алган. Эмгек көлөмү жагынан чакан болгону менен мазмуну жагынан бай экендигин байкоого болот. Б.Керимжанова эмгегинде "Манас" эпосунун башкы идеясы тууралуу мындай дейт: "Как и в эпических поэмах других среднеазиатских народов-"Кер-Оглы" и "Алпамыш", в трилогии "Манас" важнейшее место занимает идея любви к родине и народу и особенно, призывы к борьбе за безопасность своего народа. Это придает произведению высокий патриотический пафос" [3]. "Манас" үчилтигинин баштапкысынан тартып аягына чейин Ата мекенге, элге болгон сүйүү жана ага кызмат кылуу чыгармалардын негизги идеясы болуп саналат. Манас, Семетей, Сейтек-кыргыз элинин идеал туткан баатырлары.Алар өз өмүрлөрүн кыргыз элинин эркиндиги, көз карандысыздыгын коргоого арнаган. Аталары ишке ашыра албай калган иштерди балдары ишке ашырышат.

Алар бийлик жүргүзүп турганда кыргыздар байкерчиликте, тынчтыкта өмүр сүрүшкөн. Алардын ордун ички душмандар ээлеп калганда, элге эсепсиз салык салынып, калк кыйналып, баштарына кыйынчылык келген.

“Семетей” эпосунда патриархалдык-феодалдык түзүлүш мезгили кеңири чагылдырылганын окумуштуу А.Жайнакова өзүнүн “Манас” эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер” аттуу эмгегинде туура елгилеген.А.Жайнакова өз изилдөөсүндө “Манас” эпосунда Манас баатырды эл эр жүрөктүүлүгүн баалашып,урмат-сый көрсөтүшүп, эл кан шайлашканын, Манас баатыр кан болуп элин сырттан талап-тоногондорго каршы кол курап кармашса, Семетей, Сейтектер ички бийлик, мансап, байлык үчүн тутанган феодалдык-граждандык бөлүп-жаруулар менен көбүрөөк убараланыша тургандыктары тууралуу жазган [4]. Окумуштуунун пикири боюнча үчилтикте урууларды бириктирүү, ынтымакташтыруу далалаты дайыма алдыңкы планда туруп, феодалдык түзүлүштүн шартында уруу согуштарынын күчөп турган мезгилинде жогоруда айтылган аракеттер бирде ийгиликтүү ишке ашса, бирде трагедиялуу аяктаган учурлары болгон. “Манас” үчилтигинин мазмунунда кыргыздардын тарыхында узак мезгилди кучагына алган коомдук формация патриархалдык-феодалдык мамилелердин өсүп-өнүгүп отуруп, акыры кулаган мезгилине чейинки учурдун урунттуу учурлары кеңири чагылдырылып берилген. Бул болжол менен VI-XIX кылымдардын аралыгында кыргыздардын тарыхынан, жашоо-турмушунан кеңири маалымат берет деп айтууга болот.

“Манас” үчилтигиндеги Мекенди сүйүү жана аны көздүн карегиндей сактоо, баскынчы душмандардан коргоо идеясы аркылуу өсүп келе жаткан муунду тарбиялашыбыз керек.

Колдонулган адабияттар

1. Каралаев С. Манас. - Бишкек, 2010.
2. Каралаев С. Семетей. - Ф, 1987.
3. Керимжанова Б.Семетей и Сейтек. - Ф, 1961.
4. Жайнакова А. “Манас” эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер. – Бишкек, 1997.

УДК 323.269.6

1916-ЖЫЛДАГЫ ОКУЯ: ЭЛДИК ТРАГЕДИЯ ЖАНА ТАРЫХЫЙ ФАКТЫЛАР

Базарбаева Б.Т.[1]
[1]Талас мамлекеттик университети, Талас ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада 1916-жылдагы Кыргызстандагы көтөрүлүш, анын ичинде Жети-Суудагы элдердин улуттук-боштондук кыймылы көтөрүлүштүн ири борборлорунун бири катары каралат. Кыргыз элинин оор абалын, келгин дыйкандардын көчүп келиши жана кыргыздарга карата зомбулуктун күчөшү, ошол кездеги тарыхый чындыкты ачып көрсөтүүгө аракет жасалды. 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылына активдүү катышып, падышанын жарлыгына каршы чыккан массанын арасындагы эл, талап-тоноочулук жана Кытайга качуусу изилденди.

Ачкыч сөздөр: үркүн, тарых, эркиндик, факты, көтөрүлүш, эл.

СОБЫТИЯ 1916 ГОДА: НАРОДНАЯ ТРАГЕДИЯ И ИСТОРИЧЕСКИЕ ФАКТЫ

Базарбаева Б.Т.[1]
[1]Таласский государственный университет, г. Талас, Кыргызстан

Аннотация

В данной статье рассматривается восстание 1916 года в Киргизии, в том числе национально-освободительное движение народа Жети-Суу как один из крупных очагов восстания. Были предприняты попытки выявить тяжелое положение кыргызского народа, переселение инородческих крестьян и рост насилия в отношении кыргызов, историческую правду того времени. Изучены массовые беспорядки, грабежи и бегство в Китай масс, активно участвовавших в национально-освободительном движении 1916 г. и выступавших против царского указа.

Ключевые слова: смятение, история, свобода, факт, восстание, народ.

EVENTS OF 1916: PEOPLE'S TRAGEDY AND HISTORICAL FACTS

Bazarbaeva B.T.[1]
[1]Talas State University, Talas city, Kyrgyzstan

Annotation

This article examines the uprising of 1916 in Kyrgyzstan, including the national liberation movement of the Zheti-Suu people as one of the major centers of the uprising. Attempts were made to reveal the plight of the Kyrgyz people, the resettlement of non-native peasants and the increase in violence against the Kyrgyz, the historical truth of that time. Mass riots, looting and flight to China of the masses who actively participated in the national liberation movement of 1916 and opposed the tsarist decree are studied.

Keywords: confusion, history, freedom, fact, rebellion, people.

Өзүнүн көп кылымдык тарыхында кыргыз эли жана Борбордук Азия чөлкөмүнүн элдери артта калган көптөгөн оор күндөрдү башынан өткөрүштү. Алардын тарыхындагы эң трагедиялуу барактардын бири XX кылымдын башында Россия империясынын колониялык саясатына каршы багытталган 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы болгон. Бул тарыхый окуялар андан бери 100 жыл өтсө да, илимпоздорунун бүгүнкү күнгө чейин токтобогон илимий талкууларынын борборунда болууда.

Кыргыз элинин тарыхында 1916-жылдагы көтөрүлүш өзгөчө орчундуу орунду ээлегени тарыхта айтылып келет. Себеби, падыша өкмөтүнүн кыргыз элине жасаган кандуу саясаты-

нын чыныгы сырлары ушул күнгө чейин тарых барактарында айтылып, тастыкталып келет. Бул коогалаңды талдап, изилдеп билүү ар бир кыргыз атуулунун адамдык парзы деп айтсак болот. 1916-жылдагы көтөрүлүш кыргыз элине гана эмес башка улуттун элдеринин башына түшкөн оор кырдаал деп белгилесек болот.

Россия империясы туш тараптан тутанган согуштун азабынан кансырап турганда, анын эң алыскы аймагы болгон Орто Азияда 1916-жылы жайында биринчи долу түпкүлүктүү калк менен падышалык бийликтин мамилеси бузулду. Борбордук Азиялагы көтөрүлүштүн чыгышына императордун 1916-жылы 25-июнь /7июлда чыккан жарлыгы түздөнү-түз себепчи болду. Ал жарлык боюнча “башка элдердин” 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектери эмгек кошундарына (батальон) чакырылган эле. Бул жарлык дароо эле элдин тынчын кетирди: бир жагынан адамдардын иш жүзүндө эмне үчүн чакырылып жатканы түшүнүксүз болчу. Эң башкысы, империяга толук бириге элек бул аймагында адамдардын качан туулгандыгы жөнүндө маалыматтардын жоктугунан улам, чындыгында кимдер чакырылаары да так аныкталбаган эле. Ушул жагдай жергиликтүү аткаминерлердин кыямат жосундары жол ачты.

Орус падышачылыгынын колониялык бийлик келгин дыйкандарга ар тараптан колдоо көрсөтүп, кыргыздардын дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин тартып берген. Мыкты өрөөндөрүнөн ажыроосу, салыктардын өлчөмүнүн көбөйүүсү жергиликтүү элдин кыжырдануусун күчөткөн. Мисалы, түтүнгө салынуучу салык 4 сомдон 8 сомго өскөн. Өлчөмү 1 сом 84 тыйын болгон аскер салыгы да киргизилген. Падышалык аткаминерлер согушту шылтоолоп, жергиликтүү калктан жылкыларын, кийим-кече, кийиз, боз үйлөрдү жыйнап кетишкен. Аскерге кеткен орус дыйкандарынын чарбасына кыргыздарды күчтөп иштеткен. Нааразычылыктын күчөшүнө орус төрөлөрүнүн, айрым келгин дыйкандардын жергиликтүү элдин маданиятын, каада-салтын, динин, тилин басмырлоосу, падышанын укзазы, ансыз да кыжыры кайнап турган элдин каары, куралдуу аскерлерге жалтанбай күрөшкө көтөрүлгөн [5, 21-б.].

Чындыгында, 1916-жылдагы көтөрүлүш кандуу этникалык кагылышуулардын бири, анда аймактагы мигранттардын жана жергиликтүү калктын бир бөлүгү жапа чеккен. Көтөрүлүшчүлөрдүн Жети-Суунун түштүк бөлүгүндөгү келгин орустардын кыштактарына капысынан кол салуулары алардын кайгылуу кесепеттеринин бири болгон. Бул жерде негизинен Кыргызстандын Пишпек жана Пржевальск уезддеринде 94 орус конуштары талканган. Көлдүн түндүк жээгиндеги ондогон орус кыштактары да ушундай кайгылуу тагдырга кабылган. Ысык-Көл жана өзүнчө-түштүктө, ошондой эле Пржевальский районунун Ат-Башы жана Нарын жерлеринде да катталган.

Жети-Суу областындагы 1916-жылдын август, сентябрь айларында болгон өзгөчө кандуу окуялардын келип чыгыш себептерин баяндоодон мурун, бул өрөөндүн орустар тарабынан басып алынышынын тарыхый маалыматтарына кайрылсак. XIX кылымдын экинчи жарымында орус падышачылыгы кыргыз жергесин басып алгандан кийин өзүнүн оторчул-акимдик башкаруу системасын киргизген. Ошондуктан кыргыз эли өз алдынча административдик бирдик болбостон, Түркстан генерал-губернатордугунун Жети-Суу, Фергана, Самарканд областарынын, түндүктөгү кыргыздар Пишпек, Прежевальск уездинде, Таластагы кыргыздар Олуя-Ата, түштүктөгү кыргыздар Ош, Анжиан, Наманган, Маргалаң, Кокон жана Ходжент тизмегинде калышкан. Түркстан генерал-губернаторлугу 1917-жылы жоюлганга чейин, аскер министирлигинин курамында болгондуктан эл аскер акимдери тарабынан башкарылган [4: 19-б.].

Жети-Суу облусунун эң биринчи калкы орус-казактар кыргыздарды ачык эле тоноп келишкен, алар акырындык менен байланышып, кийин кыргыздар менен мамилеси жакшы болуп калган. Бирок 1906-1916-жылдары көчүп келген орустардын пайда болушу бардыгы

жаман жакка өзгөрө баштаган. Экинчи жагынан кыргыздардын башкаруу системаларындагы ички түзүлүшү да кедей калктын катмарларын оор абалга туш кылган. “Казактарда” хандардын укум-тукумдары, кыргыздарда болсо манаптар кедей-кембагалдарды эзип келген. Маселен, “Элдик сот” кошуунуна жалаң гана бай адамдар өз талапкерлигин коюшкан, көп акча жумшоо менен шайлоо бүткөндөн кийин кеткен чыгымдарды элден кайтарып алышкан. Мындай талап-тоноолор да көтөрүлүшкө чыгуунун кошумча себеби болду.

Күзгө жуук көтөрүлүшчүлөр тоо таянып, чегине баштаган. Мыкты куралданган орус аскерлерине каршы кармаштарда алар оор жоготууларга учурашкан. Сентябрь айында коргонуу мүнөзүндөгү чакан беттешүүлөр болот. Падышалык аскерлердин ырайымсыз кысымына туруштук бере албасына көзү жеткен эл жан айласы кылып, Ата журттан качууга аргасыз болгон. Ошентип, кеч күздө кайгылуу Үркүн трагедиясы башталып, 39 болуштуктун эли үрккөн. Кытайга качкан 45 миң түтүн элдин жалпы саны 160 миң адамдан ашып, анын 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Үрккөн элдин малынын көбү таланып, калганы ит-кушка жем болгон. Пржевальск уездинде гана 2,5 миллионго жакын мал талоон болгону маалым [5: 22-б.].

1917-жылдын башына карата Жети-Суу облусунда 38 миң түтүн, же 150 миң адам зыянга учураган. Ошентип көтөрүлүш жеңилүү менен аяктаган. Анын негизги себеби көтөрүлүштүн алдын ала жакшы даярдалбагандыгы болгон. Жеткиликтүү уюшулбай, көтөрүлүшчүлөр чачырабоого, бөлүнбөөгө аракеттенишкен. Бирок өз ара байланыш солгун болуп, бирдиктүү жетекчилик болбогон. Көтөрүлүшкө чыккандардын согуштук даярдыгы жок эле, куралжарак жетишсиз болгон. Жазалоочу падышалык аскерлер, албетте, согуштук машыгууну жана куралдануусу жагынан артыкчылык кылган. Падышачылык бийлик жергиликтүү элдин каршылыгын алдын алып Түркстандагы куралдуу күчтөрдөн тышкаркы келгин дыйкандарды да куралдандыра баштаган [1: 50-б.].

1916-жылдын август айында Жети-Суудагы казактар менен кыргыздар басымдуу жашаган аймактарда жер которуп келген орустар менен жергиликтүү калктын өзгөчө чыңалган мамилеси чегине жетип курчуганда, көтөрүлүш чыкты. Өтө ырайымсыз зордук-зомбулуктар Пишпекте(Бишкек), Пржевальск (Кара-кол) аймактарында болуп, 3700 жер которуп келишкен орустар өлтүрүлгөн. Ушундан кийинки башталган жазалоо чарасы болжол менен 250 000дей кыргызды чек ара аркылуу Кытайга качууга аргасыз кылган. Качкандардын көп бөлүгү Үркүндө курман болушкан.

1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизи себептери жана жалпы көрүнүштөрү жетишээрлик белгилүү болсо дагы, анын маанисин чечмелөө Россия менен Борбордук Азия республикаларынын ортосундагы карым-катнашта кылдаттыкты талап кылуучу маселе боюнча калууда. Бул бир жагынан эки тараптан тең айрым адамдар 1916-жыл жалпы эле колониялык доордун учуру экенин жокко чыгарууга аракет кылгандыгынан улам, бирок биринчи кезекте бул окуя узак убакыт бою айыкпаган жараатты канталаткан ырайымсыз улуттук зордук-зомбулуктун тутанышынан чыккандыгына байланыштуу эле. Жергиликтүүлөрдүн арасынан курман болгондордун так санын аныкташ кыйын, бирок биздин колдогу салыктар жөнүндөгү маалыматка негизделген демографиялык изилдөөлөр, дайынсыз жоголгон качкандарды кошкондо, 1916-жылы Жети-Сууда 267 000 миңге жакын адам “жок болуп ” кеткенин көрсөтүп турат. Курман болгондордун саны 150 000ге жакын болсо керек, бирок ушул сандан канчасы түздөн-түз орус аскеринин колунан өлгөнү, канчасы Кытайга качуу учурунда оорулардан жана ачкалыктан улам каза болгону белгисиз.

Алгачкы большевик изилдөөчү Г.И.Бройдо биринчи жолу көтөрүп чыккан жоромолдор башат алган. Анда көтөрүлүш жер которуп келген орустар үчүн көбүрөөк жерлерди басып алууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн бийлик тарабынан атайылап жасалган чыгым экендиги айтылат. Бройдонун жер которуп келген орустар үчүн жерлерди тартып алуу кыргыздарда

катуу нааразычылык жараткандыгын көрсөткөнү шексиз туура болгон. Жер которуп келгендерди Жети-Сууда казактар менен кыргыздардын тарабынан кыргандыгы стольпиндик реформанын натыйжасында түзүлгөн “кулактардын айылдарына” кол салуу катары түшүндүрүлгөн. Ушуга карабастан көтөрүлүшкө дагы деле болсо “улуттук-боштондук кыймылынын” көрүнүшү катары маани берилип, таптык күрөштүн түшүндүрмөлөрүнө анча шайкеш келбей калган.

1916-жылдагы окуяларга жүз жылдан ашык убакыт өткөндүгүнө карабастан, алар дагы деле улуттук жана саясий жактан кылдаттыкты талап кылат. 1916-жыл боюнча изилдөөлөрдү саясаттан ажырым кароо мүмкүндүгү/мүмкүн эместиги боюнча маселе курч бойдон калууда. Жүз жылдык убакыт аралыгы жана бир кезде кандуу кагылышуу болуп өткөн жерлерде жаңы мамлекеттердин пайда болушу, 1916-жылды акыл-эстүү жана биргелешип изилдөөгө негиз түзүп турат. Россиянын мамлекеттик аскердик-тарыхый-архиви жакында Интернетте 1916-жыл боюнча документтердин чоң жыйнагын жарыкка чыгарды. Алар, балким, толук болбосо да, генерал-губернатор Куропаткиндин күндөлүгүндөгү кайгылуулугу менен белгилүү жазуулардын түп нускасы, андагы Ысык-Көлдүн тегерегинде калган кыргыздарды Нарындын тоолуу райондоруна сүрүп чыгып, жакшы жерлерди жер которуп келген орустарга бошотуп берүү боюнча өзүнүн иш-тартибин жазганы да буга кирген. Биз үчүн адамды каргашалуу жагдайларда көрүп, түшүнүп, башкача айтканда, 1916-жылды изилдөөдө адамга тиешелүү багыты маанилүү болду. Өтүп кеткен жүз жыл бул жерде тоскоол боло албайт: архивдик булактар, оозеки чыгармалар, укум-тукумдардын эскерүүлөрү бар. Кыргыз манаптары салттуу коомдун жолдоруна ылайык аракет кылышкан: алар тарыхтын кыйчалыш учурларында уруулардын сакталуусу жана уруулаштырынын тагдыры үчүн жеке жоопкерчиликти өздөрүнө алышкан. Иван Фукалов “1916-жылдагы Кыргызстандагы көтөрүлүш жетекчилеринин бийлигинин таанымалдуулугу жана алардын жааттары” аттуу макаласында “көтөрүлүшчүлөрдүн улуттук мамлекеттик-укуктук түзүмдөрдү, биринчи кезекте, хан бийлигин кайра калыбына келтирүү” иш-аракетине көңүлүн бурган. Эгер тынччылык учурда жөнөкөй кыргыздар менен башчылардын өз ара мамилелери баш ийүү жана бийлик жүргүзүүнүн көнүмүш мүнөзүндө болсо, 1916-жылдын жайкы саналуу күндөрүндө калктын бардык катмарларынын биригүүсү болуп, ошол убакытка чейин иштебеген бийлик түзүмдөрү калыбына келтирилген [6, 145-169-б.].

Мурат Иманкуловдун “Дагы бир жолу Кыргызстандагы 1916-жылы көтөрүлүш мезгилиндеги жоготуулар жөнүндө” макаласында көтөрүлүштүн эң эле бир азаптуу маселеси-каршылык көрсөтүүлөрдөн тарта аны басуу жана Кытайга качуу учурундагы кыргыздардын арасындагы жоготуулар талдоого алынат. Макалада түздөн-түз зордук-зомбулуктарды, кагылышуулардагы жана жазалоочу отряддар куугунтукка алган учурдагы кыргынды жана жергиликтүү жашоочулардын жашоо шарты оор аймактарга сүрүп салуу таризиндеги “кыйыр” аракеттеринин бардыгы комплекстүү мамиле жасалган. Ошол мезгилге тиешелүү демографиялык жана статискалык маалыматтарды талдап, автор белгилүү илимий ыкмаларды колдонуу менен кыргыз элинин болжолдуу түрдө канчага азайганын эсептеп чыккан [6, 276-296-б.].

Бирок 1916-жылдагы кубаттуу улуттук-боштондук кыймылы тышкы күчтөрдүн диверсиялык аракеттеринин натыйжасында гана башталган деп айтууга болбойт, анткени бул бир аз жөнөкөйлөштүрүлгөн позиция. ылайык

Жогорудагы булактарга ылайык мындай аракеттер болгон, бирок көтөрүлүштүн себеби болгон ички социалдык-экономикалык татаал процесстердин чыр-чатагы, анын ичинде элдин кеңири массасынын колониялык, жер которуштурууга нааразылыгы, аймактагы падышачылыктын жүргүзгөн агрардык жана салык саясаты.

Элдин улуу трагедиясы болгон 1916-жылдагы улуу көтөрүлүш тууралуу акындар, жазуучулар тарабынан да нечен деген чыгармалардын жаралуусуна алып келди. Мисалы, Ы. Шайбеков “Кайран эл”, К. Акиев “Үркүн”, А. Токомбаев “Жараланган жүрөк”, К.Баялинов “Ажар”, Ж. Турусбеков “Ажал ордуна”, М. Элебаев “Узак жол” чыгармаларында таамай жана реалдуу чагылдырышкан [8, 25-27-б.]

Жыйынтыктап айтканда, арадан жүз жыл өтсө да, бул көтөрүлүш курчтугун жана маанисин жоготпойт, анткени 1916-жыл Кытайга качып кайра кайткан жана ошол жерде калган адамдар үчүн эле эмес, алардын экинчи, үчүнчү муундагы тукумдары үчүн да маданий жаракат болуп кала берет десек жаңылышпайбыз. Кыргыз элинин тарыхындагы бул кандуу окуя бүгүнкү күндө да учурдун эң актуалдуу темаларынан болуп эсептелинип, терең изилдөөгө, иликтөөгө алуу зарыл маселелерден экендиги талашсыз.

Колдонулган адабияттар

1. Анарбаева Г.А. Үркүн. Улуттук боштондук кыймыл.// Известия ВУЗов Кыргызстана. №4, 2017.
2. Галиев З. «Переосмысление восстания 1916 года в Центральной Азии» / Сборник статей. Б., 2017 33-40 С.
3. Дөкөнов Р.Т. Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук күрөш же үркүн // С.Нааматов атындагы НМУнун жарчысы журналы. №4, 2016, атайын чыгарылыш. 15-17-бб.
4. Каниметов А.К. 1916-жылдагы Жети-Суу элинин тагдыры. // С.Нааматов атындагы НМУнун жарчысы журналы. №4, 2016, атайын чыгарылыш. 19-17-бб.
5. Карабекова Ч.К. Үркүн-кыргыз элинин орус падышачылыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү. // С.Нааматов атындагы НМУнун жарчысы журналы. №4, 2016, атайын чыгарылыш.
6. Койчуманова М.А. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш.// С.Нааматов атындагы НМУнун жарчысы журналы. №4, 2016, атайын чыгарылыш. 40-43 -бб.
7. Морисон А., Айтпаева Г. Изучение 1916 года: деполитизация и гуманизация знаний о восстании в Центраьной Азии. Б., 2020.
8. Токторбаева Г.М. Произведения, посвященные национально-освободительному восстанию 1916 года. //Вопросы истории Кыргызстана (научный журнал) №2-3 (26), 2012.
9. Искендерова Ш.А. 1916-жылдагы улуу көтөрүлүш акындар поэзиясында. // Эл агартуу илимий-педагогикалык жана методикалык журналы. №9-10, 2016.

УДК: 371.381 (575.2)

КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ТАМАК-АШЫ: ТЫЮУЛАР ЖАНА ИШЕНИМДЕР

Байыш кызы А.[1], Чыныкеева Г. Э.[2]
[1,2]Ош мамлекеттик университети, Ош ш., Кыргызстан

Аннотация

Макалада кыргыздардын муундан-муунга ата-бабалардан келе жаткан тыюу ырымдары жөнүндө каралат. Анын азыркы учурда элдин турмушундагы мааниси, колдонулушу жана ислам дини менен байланышы баяндалат.заидов

Ачкыч сөздөр: тыюу, улут, кыргыз, каада-салт, үрп-адат, эл, тарых.

ТРАДИЦИОННАЯ ПИЩА КЫРГЫЗОВ: ЗАПРЕТЫ И ВЕРОВАНИЯ

Байыш кызы А.[1], Чыныкеева Г. Э.[2]
[1,2]Ошский государственный университет, г. Ош, Кыргызстан

Аннотация

В статье рассматривается о запретных обрядах кыргызов, которое передавались от наших предков из поколения в поколение. Также описывается его значение и влияние в жизни народа и связь с исламской религией на современном этапе.

Ключевые слова: запрет, нация, кыргыз, традиция, обычаи, народ, история.

TRADITIONAL FOOD OF KYRGYZ: PROHIBITS AND BELIEFS

Bayish kyzy A.[1], Chynykeeva G.E.[2]
[1,2]Osh State University, Osh city, Kyrgyzstan

Annotation

The article deals with the forbidden rites of the Kyrgyz, which were passed down from our ancestors from generation to generation. It also describes its significance and influence in the life of the people and the connection with the Islamic religion at the present stage.

Keywords: taboo, nation, Kyrgyz, tradition, customs, people, history.

«Баба өмүрүн билген киши – караңгыда шам чырак».
(элдик макал)

Киришүү. Чынында, байыркы баба тарыхын, маданиятын, этикасын изилдөөнүн жана айтуунун ар түркүн жолдору, ыкмалары, мүмкүнчүлүгү көп. Маданият – бул тарбиялоо дегенди да маанини билдирет. Ар бир жердин маданияты бар, мисалы; сүйлөшүү маданияты, жүрүм-турум маданияты,коомдо өзүн кандай алып жүрүү маданияты. Ал эми кыргыздар байыртадан эле жаштарды өзүнө-өзү талап коё билүүгө көнүктүргөн. Балдарга акыл-тарбия берүүдө ошол элдин кенчи болуп, элдин мүдөөсүн көздөгөн элдик педагогиканын жол-жоболорун кеңири колдонуп келишкен. Тыюлар-элдик нормаларды камтыган элдин адеп-ахлактык тарбиясы, маданияты. Убаданы аткарбоону, көпчүлүктү көзгө илбөөнү, убадалашкан мезгилден кечигип келүүнү ж.б.у.с. кыргыз эли илгертен эле айыптаган. Этика-бул этияттык, сактык, жүрүм-турум, мамиле-катнаш, бирөө менен сүйлөшүүнүн, убадалашуунун, күнүмдүк жүрүм-турум эрежесинин чен-өлчөмү, эреже - нормасы, тактикасы. Кеп этикети бирөөгө кайрылуу, учурашуу, коштошуу, кечирим суроо, алкыш айтуу,куттуктоо, каалоо-

тилек билдирүү, өтүнүчү ж.б.у.с. кырдаалдар түрүндөгү баарлашуу кебинин комплексин түшүндүрөт да, бизге кеп адеби деп аталат. Кеп адеби менен жүрүм-турум маданиятын эч качан ажыратып, бөлүп койо албайбыз. Этиканын көптөгөн элементтери кыргыз элинин жашоо-турмушунда жүрүм-турумдар деген ат менен орун алган [1].

Биз азыр кыргыздын идеологиясын таппай жатпайбызбы. Ошол идеология байыртадан эле, ырым менен, тыюулар менен куралган экен. Адам ар кандай напсисин тыя алса-бул тыюу болот. Ал түздөн-түз ырыскынын, ооматтын келишин тоспоо, ошондой ишке барбоо, адептүүлүктүн чегинен чыкпоо деген сыяктуу кыргыздын чоң философиясы, мүнөзү десек болот.

Негизги бөлүк: Төмөндө бир нече тыюу ырымдарынан келтирсек:

Сапарга чыгаарда, тамак ичээрде, жумуш баштаарда ж.б. «биссимылда» деп башта.

Адегенде нан ооз тий.

Нан ырыскың - аны тепсебе, жаман дебе, ыргытпа.

Нандын күкүмүн шыпырба, ырыс-насибиң кемийт, ачарчылык болот.

Нанды көмкөрөсүнөн койбо, бир колдоп сындырба.

Нанды тегеретип сындырбай тең болуп сындыр.

Нан менен бычак аарчыба.

Туз - насибиң, аны тепсебе, алыска жол жүрөөрдө туз таты.

Дасторконду салаарда бүктөбө, тетири салба.

Чай, суусун сунганда чыныны оң колго кармап, сол колду көкүрөккө коюп, бир аз ийилип сунуш керек, ал эми куйганда өз колуна алып куй.

Улуулардын кешигинен ооз тий.

Тамак ичээрде жылаңбаш отурба, жылаңач отуруп, жатып алып тамак ичпе.

Тамак ичип жатканда жер таянып отурба.

Тамакты чалпылдатып чайнаба, шорпону шорулдатып ууртаба.

Тамак ичип бүткөндөн кийин бата кыл, тамак ичээр замат жатпа.

Үйгө келген адамга нан ооз тийгиз.

Мейман келгенде кабагынды бүркөбө.

Тамакты сурап бербе.

Конок үйдөн чыкканча ичиндеги уйгу-туйгуңду басып тур.

Конгон мейманды эртең менен эрте ойготпо, ал кет дегенге тете.

Чайыңдын түбүн төкпөй ич, ырыскыңдан айрыласың.

Бышкан ашты таштаба.

Тамакты дасторконсуз ичпе.

Дасторконду жыйнай электе жата калба же туруп кетпе.

Тамакка сынтакпа.

Чыныны чертпе, куру казанды калдыратпа үйдөн береке качат.

Кемегени теппе - ырыскың төгүлөт.

Идиш-аякты теппе.

Идиш сынса кайгырба.

Чайдын чамасын булганыч жерге төкпө.

Супураны улагага илбе, жерге таштаба.

Акты (сут, айран, кымыз) токпо.

Бирөөдон тузду бекер алба.

Караңгыда сырттагы тамактын бетин ачык калтырба.

Нанды тебелебе.

Колунду жууп жүр, эмне жээринди билесиң, Оозуңду жууп жүр, эмне дээриңди билесиң [2].

Көрүнүп тургандай, элибиз эзелтен эле убалды билишип, коноктун урматын жайына коюуга, тамактануу маданиятына өзгөчө маани беришкен.

Ошондой эле, кээ бир тыюлардын турмуштук мааниси, колдонулуу маңызы тууралуу кеп кылсак:

«Тамакты дасторконсуз ичпе». Мында абалы дасторкон жайылат. Ал – ошол үйдүн, үй ээсинин пейили. Бата тамакка эмес, ошол дасторконго тиленет. Мунун артында «басып-туруп тамак жебе, отуруп ич, баш кийимди тамак ичээрде алба, бирөөнүн дасторконун сыйла» деген накыл жатат. Талаа-түздө, сапар жолдо, албетте, азыкты ичип-жеште дасторкон ордуна сөзсүз алдына бирдеме коет. Жеп-ичип бүткөндөн кийин бата ошого тиленет.

«Тамакка сын такпа». Бар тамак – ырыс-кешик. Бирөөнүн сен үчүн жайган дасторкону – анын ак пейили. Чайга, нанга, жармага, айранга ыраазы болбоо жакшы эмес. Бар тамагын жаркылдап алдына койсо, басмырлоо болбойт.

Кыргыздарда тамактардын эң улугу болуп – нан эсептелинип, алардын турмуш-тиричилигинде нанга байланышкан көптөгөн тыюлар жана ырым-жырымдар колдонулуп келген. Нанды тескери койбойт, бир колдоп сындырбайт, салаалап кармабайт жана үстүнө эч нерсе койбойт. Нанды, камырды жана супураны аттабайт, тебелебейт.

Түнкүсүн нандын, тамактын, суунун оозун ачык калтырбайт, шайтан аралайт.

Мындан сырткары адамдар өзүнүн актыгын далилдеш үчүн нан кармап карганышкан.

Туз сурабайт, туз - шор, бирөөнүн шорун сурап алып жатасың. Ошондуктан, кыргыздар башка журтка көчүп жатканда, баардык шорубуз ушул жерде калсын деген мааниде, эски журтуна, коломтонун жээгине тузун таштап кеткен; тузду төкпөйт, тебелебейт, чачпайт. Ишеним боюнча, туз төгүлсө ошол үйдө уруш же пикир келишпестик болот. Ошондой эле кыргыздар айрым учурларда өзүнүн актыгын далилдөө үчүн туздан атташкан.

Кыргыздарда сүттөн жасалган азыктарга өтө аяр мамиле жасап, сүттү жана сүт азыктарын жалпы жонунан «ак» деп атап коюшкан. Уйдун желини чоочуп калат же сүтү кайтып кетет деп акты колдон келишинче төгүп албоого аракеттенишкен. Эгерде сүт, айран же кымызды кокусунан жерге төгүп алса, төгүлгөн актан үч жолу алып кийиминин жакасына «ак жалгасын» деп сүйкөп коюшкан. Кишинин кийимине кокусунан ак төгүлүп кетсе, жакшы жышаан болуп эсептелинип, мындай учурда да «ак жалгасын» деп айтышкан.

Эгерде ириген сүттүн көк суусун төгүүгө туура келсе эл баспаган жерге же агын сууга төгүп жиберген. Ал эми айран, сүт, кымыз куюлган идишти жууганда да, суусун көрүнгөн жерге төкпөй итке куйган же агып жаткан сууга чачып жиберген же коломтонун жээгине чачып койгон.

Караңгыда сыртка ак алып чыккан эмес жана кеч киргенден кийин бирөөгө ак берилген эмес. Өтө зарыл же кыйбас адамы болуп, берүүгө туура келип калса, сүттүн үстүнө оттун күлүнөн чымчып салып, же суу тамызып, же үстүнө нан салып жана сөзсүз түрдө бетин жаап берет.

Кымыз-жылкынын сүтүнөн жасалган эң барктуу суусундук. Кыргыздардагы катуу сакталган адат боюнча бээ байлаган адам келген кишиден кымызын бекитпейт жана сунулган кымызды ичпейм деп баш тартпайт. Эгерде бээ саап, кымыз жасаган үйгө киши келип, ал учурда кымыз жок болуп калса, үй ээси милдеттүү түрдө сабанын түбүндө калган кымыздын көрөңгөсүнөн бир аз куюп келип келген кишиге ооз тийгизет. П.Кушнер кыргыздардын кымызга болгон мамилеси тууралуу төмөндөгүдөй жазып кеткен: Кыргыздар кымыздын бир тамчысын да жерге тамызбоо үчүн өтө этияттап ичишкен. Аларда кымызды аягына чейин ичпей калтырып коюу эң чеки иш деп эсептелинип, ал эми аны ичип бүткөндөн кийин, идиштеги анын калдыгын төгүп салуу эң чоң күнөө болуп саналган.

Күрүчтү жерге түшүрбөйт, тебелендиге таштабайт, анткени күрүч-«бейиштин тамагы». Ошондой эле аны жууган сууну да эл баспаган жерге төгүшкөн [3].

Жыйынтык: Тыюулар - элдин коомдук, саясий, экономикалык көрсөткүчү. Алар адамдын айлана-чөйрөгө, өз ара жана дүйнө менен карым-катнаштарындагы көз караштарынын философиялык туундулары, көп кылымдык тажрыйбаларынын натыйжасы. Булар жазылбаган мыйзам, эреже катары аткарууга милдеттүү болуп, айрыкча жаштарды күндөлүк турмуш-тиричиликтин маданиятына чакырган. Ошол эле учурда алар улуулардын таалим-тарбия берүүчү негизги милдети катары кабыл алынган. Жаш муунду адептүүлүккө, түз жолго, ныса-птуулукка, абийирдүүлүккө, калыстыкка, адилеттүүлүккө, ыймандуулукка ж.б. үндөгөн, тыюу ырымдары көп. Алар улам кийинки муундун акыл-туюмуна орноп, атадан балага, кылымдан кылымга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Буларда исламга чейинки диний ишенимдери: анимизмдин, тотемизмдин, шаманизмдин да, исламдын да таасирлери байкалат, ошондой эле динге эч байланышпастан нукура турмуштук зарылчылыктан, эл акылынан келип чыккан тарбиялык маанидеги тыюулары да арбын. Айтор, учурдагы ааламдашуу мезгилинде көөнөргүс мурас катары сакталып келген тыюлар жана жөрөлгөлөр чоң мааниге ээ жана керектүүсүн иргеп алып, иш жүзүндө турмуш-тиричилигибизде, жашообузда колдонуубуз мезгилдин талабына ылайык деп эсептейбиз.

Бабаларыбыз бизге,бизден кийинкилерге калган керез-накылга, өткөн бабаларыбыздын чыныгы тарыхы менен маданиятына кыргыз баласы кызыксын, билсин, суктанып, сыймыктанып, сүйсүн, өзүн башкалардан кем сезбесин! Улуу Чынар теректин бир бутагы, улуттук ак өргөөнүн бир уугу экендигин туйсун! Жаңы доордо өз тарыхыбызды, рухий маданиятыбызды жана жеке өзүбүздү таанып билели.

Колдонулган адабияттар

1. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. Б., 2000. 348 б.
2. Ата-бабалар табериги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат жана жөрөлгөлөр жыйнагы. Б., 2011. 724 б.
3. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын үй-бүлөлүк мамилелерде жана турмуш тиричилигинде колдонулган салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы). Б., 2015.

УДК:398

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ МЕДИЦИНАГА БАЙЛАНЫШТУУ СӨЗДӨР

Базарбаева М.С.[1]
[1]№60 кесиптик лицей, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, медицинасын, чарбачылыгын, салт-санаасын чагылдырган “Манас” эпосу дүйнөлүк адабиятта өзүнүн көлөмү менен гана таң калтырбайт. Ал окуяга бай, кыргыз элине тиешелүү кызыктуу маалыматтарды камтыгандыгы менен баалуу чыгарма. Андан элибизге таандык маалыматты издесең оңой эле табасың. Белгилүү окумуштуу Ч.Валиханов бекеринен “Манас”-кыргыз элинин энциклопедиясы” деп, баалуу пикирин айткан эмес. Ошондуктан да дүйнөлүк окумуштуулардын кызыгуусун туудуруп, ар кандай кызыктуу талаш-тартыштарды жаратып, изилдөөлөр жүргүзүлүп келүүдө. Бүгүнкү биздин илимий баяндамабызда аталган улуу дастандагы медициналык куралдарды кандайча колго жасап, аны кандай ооруларга колдонулгандыгы тууралуу иликтөө жүргүздүк. Байыркы аталышы менен, бүгүнкү күндөгү аталышын салыштырдык. Арым шаймандар байыркы аталышы менен эле сакталганын байкадык.

Ачкыч сөздөр: уникалдуу, баалуулук, энциклопедия, медициналык курал, термин, эпос, маданият, изилдөөлөр.

СЛОВА СВЯЗАННЫЕ С МЕДИЦИНОЙ В ЭПОСЕ “МАНАС”

Базарбаева М.С.[1]
[1]№60 Профессиональный лицей, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

Кыргыз үй-бүлөсүндө аял менен эркектердин үй тиричиликтеги милдеттери толук ажыратылган. Үй-бүлөнү материалдык жактан камсыз кылуу, азык-түлүгүн даярдоо, тигил же бул мал-мүлктү сатуу же сатып алуу үй ээсинин мойнунда болгон. Балдарын үйлөнтүп, кызын турмушка берүүдө күйөөсү чечүүчү, негизги ролду ойногон. Туугандык кеңештерде, аш, тойлордо үйдүн ээси ошол үй-бүлөнүн атынан сүйлөгөн. Үй-бүлөнүн алыш-бериш маселелерин, бирөөнүн жамандык, жакшылыгына кошо турган кошумчаны үй ээси чечкен. Ал эми аял үй-тиричиликтеги баардык иштерди жасаган. Балдарын кароо, тамак даярдоо, жүн, тери, иштетүү, кийим тигүү, уй саап, сүт азыктарынан түрлүү оокаттарды жасоо жана баш-

калар анын мойнунда болгон. Эркек талаада, короодо иш алып барган. Үйүнө суу ташып келүү, тамак даярдоо жана башка ушул сыяктуу нерселерди жасоо эркек үчүн уят иш болуп саналган деп Динара Молдокулованын кыргыздардын түндүгү боюнча жазылган эмгегинде баяндайт. Бирок кыргыздардын түштүк аймагынын мисалы, Алай жергесинде ат жана эшек менен дайрадан, булактан суу ташып, үйдөгүлөргө жардамдашып турганы боюнча Ирискулова Рапия [АТМ: 2] айтат. Демек, бул жерде кайсыл бир унаа менен аял кишиге жардамдашканын байкоого болот. Ирискулова Рапия бакан менен суу ташыбагандыгын билдирет. Ошондуктан, үй-бүлөнүн үй чарбасы дээрлик аялдын ишмердүүлүгүнө көз каранды болгон.

Күйөөсүн сыйлоо, анын кийим-кечесине, урунган буюмдарына аяр мамиле жасоо кыргыз аялына мүнөздүү сапаттардын бири болгон. Ал жубайынын кийимин, курал-жарагын жана ат жабдыктарын жерге таштаган эмес жана аларды тебелеп, аттап же алардын үстүнө олтурган эмес. Ошондой эле, балдарына да ушундай кылууну талап кылган.

Өзгөн районунун Көлдүк айылынын тургуну Жигитова Аширкандын айтуусу боюнча анын ата-энеси тээ каза болгонго чейин бири-бирине аттарын айтып кайрылган эмес, тактап айтканда "тергеген". Анын ордуна күйөөсү аялына "байбиче", "кемпир" деп кайрылган. Ал эми аялы күйөөсүнө "чал" же болбосо "абышка" деп кайрылган. Ар дайым аял киши күйөөсүн "сиз" деп урматтоо менен сый мамиле кылып турууга милдеттүү болгон дейт информатор [АТМ:3].

Кыргыздарда күйөөсү менен аялы элдин көзүнчө бири-бирине кайдыгер мамиле жасоого тийиш болгон, а түгүл жубайы алыс сапардан кайтып келгенде жөн гана баш ийкешип учурашкан. Мындай көрүнүш каракалпактарда да өкүм сүргөн. Мисалы, каракалпактарда жубайлардын бири алыс жактан кайтып келгенде бири-бири менен учурашкан эмес жана элдин көзүнчө бири-бирин билбеген чоочун адамдай карманууга тийиш болгон [3, 26-27-бб.]. Бирок бул албетте XIX-XX кк. абал. Ал эми азыркы абал такыр башкача. Бирок ошол сакталган этикеттин же болбосо салттын да терең мааниси бар. Анткени, бул жерден ата-эненин көзүнчө жакындык мамилени, баласына болгон мээримин ашыкча көрсөтүү, ата-энесине болгон сыйга караганда өз бүлөсүнө болгон, өз баласына болгон жакшы көрүү сезими ашыкчадай туюлуп, натыйжада, ата-энесинин иренжилөөсүнө себеп болот. Демек, кантсе да, биринчи орунга ата-энеге болгон сый-урмат өз ордунда болуусу керектиги белгиленет. Ал эми жубайлардын бири-ирин элдин көзүнчө анчейин тосо албагандыгы информаторлор берген маалымат боюнча элдин "көз тийүүсүнөн" чочулоосу менен түшүндүрүлөт.

Н. Изразовдун эмгегинде "кымчысы катуу" же болбосо аялын урган эркектер тууралуу мындай маалымат кезигет: күйөөсү аялын урат, өтө начар мамиле жасайт, бирок баары бир ажырашуу берилбейт. Аял күйөөсүнүн улуу агасына нааразычылыгын айта алган, ал эми инисине акыл айткан. Эгер аны укпаса, агасы атасына айткан, ал да акыл айтып, кээде баласын урган. Ушуну менен жуба йлар ортосундагы чатакка кийлигишүүсү бүткөн. Күйөөсүнүн атасы, бир тууган агасы жок болгон күндө же алар тарабынан такыр жардам, колдоо көрсөтүлбөгөн учурда аял ошол аймактын бийине же айылдын аксакалына кайрылган. Аксакалдар күйөөсүн уяткарып, насаат айтышат же болбосо коркутат. Эгер аксакалдардын аталган ыкмасы жардам бербесе, камчы менен урушкан. Эгер окуя кайрадан кайталанса, мындай иш-аракет кайталанат, бирок ажырашуу берилбейт. Бай, оокаттуу кыргыздар мындай окуядан кийин башкага үйлөнүп, аялын өзүнчө бөлүп жиберет, эгерде буга материалдык мумкүнчүлүгү жетпесе, ага үй кызматчы аялдай мамиле жасайт [3, 27-б.] Бул жерден ажырашуу маселеси жөнөкөй эле чечилчү маселе эместигин байкоого болот. Информатор Бүбайша Ташбаеванын айтуусу боюнча ал кезде да күйөөлөр урган, кээде катуу тилдеген, бирок ошого жараша үй-бүлөнү терметип, бүлөнү багып, ага кам көрө алган эркек болгон дейт. Ал эми информатор Ирискулова Рапиянын айтуусу боюнча ал учурдун аялдары намыстуу келген, "түкүнчөнүн кызы эрден чыгып келиптир" деген сыяктуу кеп болуп, кантип ата-энемдин үйүнө барам деп келин кезден намыс үчүн белди бекем бууп, турмушту алып кеткен.

Демек, ал кезде ажырашуу коомчулук үчүн жат көрүнүш болчу. Азыркыдай оңой-олтоң эле “ажырашуу” деген түк ойго келбеген жорук болгон. Кыргыздардын салттык турмушунда никеден ажырашуу аз кездешкен. Эгерде андай окуя болуп калса, бул иш бир жактуу жүргүзүлүп, тактап айтканда, күйөөсүнүн “талак” деген сөздү айткандыгы менен чектелген. Бул термин кыргыз тилине араб тилинен кирип, “аялын коё берүү, аял менен ажырашуу” деген маанини түшүндүргөн. Аялынын кош бойлуу кезинде (ал төрөгөнгө чейин) же күйөөсү мас, акыл-эсин жоготкон абалда талак берүүсү жараксыз болуп саналат. Күйөөсүнөн ажрашкан аял үй ай өтүп, боюнда жок экендиги билингенден кийин гана башка кишиге турмушка чыга алган [3, 28-б.] Демек, гендердик теңсиздикти көрүүгө болот. А бирок ошол эле учурда үй-бүлөнү кандай болгон күндө да сактап, балдарды эрезеге жеткирүү, эл ичинде ынтымактуу жашоого ар бир үй-бүлөнүн умтулуусун да көз жазымда калтырууга болбойт.

Аялы же күйөөсү өлгөндөн кийинки жесирдин абалы. Кыргыздарда өкүм сүргөн адат боюнча эркек киши аялы өлгөндөн кийин жыл маалы болуп, аш бергенге чейин аял алган эмес. Жесир аял да күйөөсүнүн ашы өткөндөн кийин гана турмушка чыга алган. Бирок, кээде кандайдыр бир шартка байланыштуу (бала-чакасы жаш, үйгө каралашар эч кимиси жок болсо) эркек кишиге аялынын кырк ашынан кийин туугандары чогулуп, төшөгүн жаңыртып беришкен. Ал эми жесир аялдын тагдыры милдеттүү түрдө күйөөсүнүн ашы өткөрүлгөндөн кийин гана чечилген [3, 31-б.] Бул маселе боюнча эзелтен бери келе жаткан күйөөсүнөн ажыраган жесир чачын жайып, бетин тытып, тээ жылга чейин арып-тозуп, азапка баткан бир кейипти кийүүсү керек болчу. Өлгөндөн калган жесир аял негизинен ошол өлгөн кишинин туугандарынын ичинде ылайыктуу бирөөнө алып берилет. Муну “баланга байлап койду” деп айтылат. Кыргызда жесирлер өз эркинче ошол үйдөн кетүүгө, өзү сүйгөн бирөөгө тийүүгө жол коюлбаган. Ушундай абалда алар өзүнөн алда канча чоң кишилер менен да, өзүнөн алда канча кичүү кишилер менен да никелешүүгө аргасыз болгон [4, 152-б.]. Дал ушундай тагдырга кабылган Өзгөн районунун Көлдүк айылынын тургуну Жигитова Аширкандын айтуусу боюнча ал өзүнөн 5-6 жаш кичүү кайинисине никелеп коюшкан. Болбосо балдарынды бербейбиз деп акыры көндүргөн. Ал күндөрдү эстеген сайын жүрөгүм ооруйт дейт. “Мындай учурлар кээде өзүнөн 10-15 жаш кичүү болгондорго да никелген, ошол менен да турмуш болгон”, - дейт информатор Бүбайша Ташбаева. Ушул жерден эмнеге мындай жолго барышаарын, ошол уруунун балдары тентип калбасын, кайра эле ошол өлгөндүн туугандары калган бүлөсүн батырып, багып алалы деген пикир менен түшүндүрүшөт. Демек, кантсе да үй-бүлөнү сактоо, балдарды, алардын тарбиясын, келечегин биринчи орунга коюу бекем сакталган жана алар барктaлган.

Жыйынтык: Демек, кыргыздардын салттуу маданий этикеттери баалуулукту сактаган, нарктуулукту жактаган, үй-бүлөнү бекемдеп, жаманды жашырып, жакшыны ашырып, намыска бекем болгон. Албетте, азыркы түшүнүгүбүздө кээ бир туура эмес жактары да бар, а бирок биз ар дайым анын туура жагын жактап, нукуралуулугун алып, эзелтен келе жатан баалуулуктарды сактоого ары заманга жараша айкалыштырып, кийинки муунга берүүгө милдеттүүбүз.

Колдонулган адабияттар:

1. http://www.stat.kg/
2. Сабыр Иптар уулу. Кыргыз жан дүйнөсү. Б., 80-б.
3. Молдокулова Д. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX к. аягы - XX к. башы). Б., 2016.
4. Кыргыздар. Түзүүчүлөр: Кеңеш Жусупов, Каныбек Иманалиев. Т. VI. Б., 2017.

АТМ (автордун талаа материалдары):

1. Бүбайша Ташбаева (уруусу: басыз (ит конок), жашы 77) Өзгөн району, Көлдүк айылы.
2. Ирискулова Рапия (уруусу: катаган, жашы: 60) Алай районунда туулган. Өзгөн, Куршаб айылы.
3. Жигитова Аширкан 1933-жылы туулган, 90 жашта, Өзгөн району, Көлдүк айылы.

УДК 323.111

ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК КӨЗ КАРАШТАРДА

Калиев А.С.[1], Ташиева Г. С.[1]
[1,2]Борбор Азия эл аралык медициналык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул илимий макалада саясий идентүүлүк түшүнүгү психологиялык жана теориялык көз караштарда анализденди. Ааламдашуу шартындагы саясий процесстердин жарандык идентүүлүктүн саясий калыптануусу менен этностор аралык мамилелердеги байланыштары теориялык көз караштарда изилденди.

Түйүндүү сөздөр: идентүүлүк, саясий идентүүлүк, жарандык идентүүлүк, социалдык коом, жаран, жарандык коом.

ГРАЖДАНСКАЯ ИДЕНТИЧНОСТЬ В ПСИХОЛОГИЧЕСКОЙ И ТЕОРЕТИЧЕСКОЙ ПЕРСПЕКТИВАХ

Калиев А. С.[1], Ташиева Г. С.[2]
[1,2]Центрально Азиатский международный медицинский университет, г. Жалал-Абад, Кыргызстан.

Аннотация

В данной научной статье было проанализировано понятие политической идентичности с психологической и теоретической точек зрения. С теоретической точки зрения изучена взаимосвязь политических процессов в условиях глобализации и политического становления гражданской идентичности в межэтнических отношениях.

Ключевые слова: идентичность, политическая идентичность, гражданская идентичность, социальное общество, гражданин, гражданское общество.

CITIZEN IDENTITY IN PSYCHOLOGICAL AND THEORETICAL PERSPECTIVES

Kaliev A. S.[1], Tashieva G. S.[2]
[1,2]Central Asian International Medical University, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

Abstract

In this scientific article, the concept of political identity was analyzed from psychological and theoretical perspectives. The relationship between political processes in the context of globalization and the political formation of civic identity in inter-ethnic relations was studied from a theoretical point of view.

Keywords: identity, political identity, civil identity, social society, citizen, civil society.

«Идентүүлүк» түшүнүгү коомдогу тынымсыз өзгөрүлүп жаткан саясий процесстерден улам, материалдык менен материалдык эмес баалуулуктардын алмашуусу, өзгөрүлүүсү жана жекеликтен жалпылыкка өтүп, этностук топтордон улуттукка, улуттуктан интернационалдык абалдарга өтүп жатканынан улам актуалдуу болуп, илимий чөйрөдө изилдөөнү жаратты. Ааламдашуу шартында саясий идентүүлүктү саясий көз карашта изилдөө зарыл. Анткени ааламдашуу шартында саясий процесстердин натыйжасында көп улуттуу мамлекеттердеги улуттар арлык мамилелер ич ара талкууга түшүп идентүүлүк терминологиясы маанилүү. Ынтымакты чыңдоо багытында ири көлөмдөгү пландар бар. Мамлекетибизге ынтымак, биримдиктин бекемделиши жарандык коомдун талыбаган аракеттери менен

жарандардын аң-сезиминин өсүү геосаясий маалыматтарды кабыл алуусу, жооп берүүсү же психологиялык кабылдоолордон улам келгенин окумуштуулар белгилеп келишет. Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилени бекемдөө концепциясы өлкөнү туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын негизинде кабыл алынган. Тилекке каршы 2013-2017 жылдар аралыгындагы концепцияда кабыл алынган милдеттер жеткиликтүү денгээлинде аткарылбай калды. Элдер биримдиги концепциялары 2040-жылга чейинки түзүлгөн жаңы стратегияда да кайрадан орун алды [7, 154].

Ааламдашуу мезгилинде, геосаясий процсстерден улам жарандардын психологиясындагы өзгөрүүлөрдөн улам коомчулук арасында улут аралык маселелер өтө курчуп барат. Мамлекеттүүлүк, улуттук мамлекет деген түшүнүктөр негизги көйгөйгө айланып келет. Саясий процесстер менен тарыхтагы коомдук түзүлүштүн тенденциясы заманбап технологиялардын өсүүсүндө Мендик түшүнүгү кабылданып, этностор аралык мамилелерге терс таасирин жаратып жарандык идентүүлүктүн саясий калыптануусун жаратты. Акыркы убактарда этностор аралык конфликттердин географиясы улам жайылып келе жатат. Этностор жана конфессиялар аралык кагылышуулардын кучагына жаңы мамлекеттер кошулуп, мамекеттердин бүтүндүгүнө, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип келет. Көмүскө күчтөр менен үчүнчү жактар мамлекетте баш аламандыкты уюштуруу, жарандардын психологиясынын бузуу, мүлктү кайра бөлүштүрүү, түрдүү аймактарда туруксуздуктардын очогун түзүүнү максат кылып келишет.

Этностор жана конфессиялар аралык көйгөйлөргө Бириккен Улуттар Уюму дагы тынчсызданууусун билдирип келет. АКШнын экс президенти Барак Обама “Учурдагы эң опурталдуу коркунуч расалардын жана диний көз караштардын негизинде мамлекеттер ортосунда жанжал жаратуу” болуп жатат деп белгилеген. Ушундай эле көз карашты Орусиянын президенти Владимир Путин да аталган көйгөйдүн актуалдуулугуна токтолуп, 2012-жылдын январь айында интернет булактарында жарык көргөн макаласында: “Улутчулдук, диний көз караштын негизинде куугунтуктоо эң радикалдуу топтордун жана агымдардын идеологиялык негизи болуп калууда. Бул көрүнүш мамлекеттерди алсыратып, талкалап, коомду ыдыратат” [7, 154] деп белгилеген. Объективдүү жана субъективдүү себептерден улам жогоруда аталган дүйнөлүк негативдүү тенденциялар Кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүүсүнө да терс таасирин тийгизип келет.

Кыргызстандын түштүгүндө этностор аралык проблемалар көп жылдар бою курч мүнөзгө ээ болуп, көмүскө өөрчүп келет. Анын себеби-дүйнөлүк тенденцияда негизинен аймактын социалдык жана экономикалык абалы менен жарандык коомдун дүйнөгө болгон көз карашы өзгөрүүсүнүн таасири менен саясий идентүүлүктүн кабыл алынбагандыгынан деп белгилесек да болот. Тилдин, тарыхтын жакын экендиги, кылымдар бою кыргыз, өзбек этностору бирге жашоо тажрыйбасына ээ экендигине карабастан, бири-бириннин кызыкчылыгын сыйлоонун, ар кандай коркунучтар менен сыноолорго саясий идентүүлүктүн, таандуулуктун биргелешип туруштук берүүнүн натыйжалуу ыкмаларын бийлик, жарандык коом тарабынан иштелип чыкпагандыгын айтсак болот. Акыркы жылдары тажрыйба көрсөтүп келгендей өлкөнүн түштүгүндөгү конфликттерден толук кандуу сабак алынган жок. Көп этностуу кыргыз мамлекетинин башка этноско тиешелүү жарандары Кыргызстандын бирдиктүү элине тиешелүү экендигин же саясий идентүүлүгүн кабыл ала албай келет. Бул өтө чоң коркунуч. Мамлекетке таандуулук же социалдык коомдо саясий идентүүлүгүн аныктоо маанилүү маселелердин бири.

Идентүүлүк түшүнүгүн саясий изилдөө менен анын көп кырдуулугу психологдор тарабынан талдана баштаган. Инсандын өнүгүү процессинде идентешүүнүн ар түрдүү багыттары кездешет. Азыркы учурда саясий көз карашта акырындык менен бул термин психология, социалдык илимдеринен тышкары коомдук илимдерде да колдонулуп, изилдөөнүн

кеңири объектисине айланып, универсалдуулугу артып жатат. Бүгүнкү күндө саясий идентүүлүктү анализдөө учурунда алгач психологиялык ыкмалар менен изилдөөлөрдү жараткан окумуштуулардын эмгектерине кайрылышат.

«Идентүүлүк» түшүнүгү латын тилинин «Identity» сөзүнөн алынып «бирдейлик», «окшоштук» дегенди туюндурса, «идентешүү» термини латын тилинин «identifico» сөзүнөн алынып «окшошуу» деген маанини билдирет [1]. Идентүүлүк түшүнүгүнө философ Поль Рикер төмөндөгүдөй аныктама берген: «Бирдейлик же окшоштук сөздөрү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Бирдейлик же окшоштук түшүнүгүнүн карама-каршылыктары менен окшоштуктары ар түрдүүлүктү билдирет. Идентешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу идентүүлүк аныкталат» [6]. Идентүүлүк концепти илимий терминологияда алгач социалдык психологияда колдонулса, кийинчерээк мааниси кеңейип, көп кырдуу түшүнүк катары изилдене баштады. Өзгөчө философия, филология, антропология, социология ж.б. социалдык илимдеринде изилденип, ар түрдүү аспектиден талданып келет.

Идентүүлүк түшүнүгүн алгач кубулуш катары карап, алгачкылардан болуп көңүл бурган америкалык социолог Дж.Г.Мид болгон. Ал балдардын эрте жаш курагындагы социалдашуу стадиясында аң-сезимдин өнүгүшүн изилдеп жатып, идентүүлүк туурасында төмөнкүлөрдү айткан: Биринчиси, тууроо стадиясы. Бул учурда бала башкаларды туурайт. Экинчиси, оюн стадиясы. Бул мезгилде бала оюнда белгилүү бир ролду жаратат, мисалы, куурчагына эне, же ата, же врачтын ролун аткарат. Үчүнчүсү, топтогу оюн стадиясы. Өзү курактуу балдардын тобунда белгилүү бир роль алып ойной баштайт [2] деген аныктамасына токтолот. Демек, Мидтин аныктамасына ылайык идентешүү бала курактагы дүйнө тааным менен социалдашуудан башталат деп белгилесек да болот. Анткен менен окумуштуулар Дж.Г.Мид, Ч.Кули жана Уильям Джеймс дагы “идентүүлүк” терминин колдонушкан эмес, бирок «өздүк» же англис тилиндеги self түшүнүгүнө негизденишкен. Жарандын инсан катары татаал түзүлүш экенине жана жарандын өздүгүн эки аспектиде караган: 1. Өздүк же жеке (анг. I – мен түшүнүгүн) аспектиде – индивид катарында, ички сезимдердин таасирлеринен улам өзүн-өзү субъективдүү элестетишин. 2. социалдык аспектте индивиддер тарабынан өздөштүрүлгөн, башкалардан өзү жөнүндө жалпылап элестетип психологиялык өзгөрүүсүн белгилеген.

Окумуштуу Дж.Г.Мид жарандын калыптануусунда социалдык чөйрө менен шарттарга, психологиясын изилдөөгө басым жасаган. Ал «инсандын» калыптануусунда, индивид өзүн таандыкмын деп эсептебеген бир дагы социалдык топ болбостугун жалпылыктын негизинде калыптанаарын далилдеген. Жарандын жекелик катары өнүгүшү үчүн психологиясы, чөйрөсүндөгү адамдардын мамилеси, адамдын социалдык алакасындагы процесстер жана саясий-социалдык мамилелер аркылуу өздүктүн кайсы социалдык топко, ким катары таандык экендиги билинет жана ошол коомго тиешелүү жүрүш-туруштардын негизинде башкарылат. Ушуну менен Дж.Г.Мид алгачкылардан болуп социалдык идентүүлүк инсандын социалдашуусу аркылуу, топтук көрсөтмөлөрдүн, баалуулуктардын жана стереотиптердин таасири астында калыптанаарын [4, 221] белгилеген.

Белгилүү психолог, окумуштуу Зигмунд Фрейд бир катар изилдөөлөрүндө идентешүү шарттарына өзгөчө басым жасаган. З.Фрейд идентешүү түшүнүгүнө кеңири маани берген жана аны бир гана кичинекей баланын ата-энеси менен эмоционалдуу байланыш катары карабай, инсан менен социалдык топтун карым-катнашынын маанилүү механизми катары караган. З.Фрейддин айтуусу боюнча инсандын өсүү мезгилинин тарыхында бала алгачкы идентешүү процессин өзүн атасына аңдоосуз окшоштуруу аркылуу баштайт [8, 215].

Иденттүүлүк терминин илимий термин катарында америкалык психолог Эрик Эриксондун 1940-1950-жылдардагы социалдык психология изилдөөлөрүнө байланыштуу кирген. 1940-жылдары «аскердик невроздор» изилдөөсүн АКШнын аскердик кызматкерлеринин кызматтарына байланыштуу изилдеген. Э.Эриксонго чейин иденттүүлүк кубулушу жөнүндө маалыматтар жазылып келген, бирок термин катары илимий чөйрөдө биринчи жолу Э.Эриксондун адамдын иденттүүлүгүнүн өнүгүүсүндөгү 8 стадиясы жөнүндөгү эмгегинде жазылган. Инсандын бүтүндүгүнүн эң маанилүү мүнөздөмөсү катары адамдын өзүнүн белгилүү социалдык топтор менен интеграцияланышы [9, 312] катарында белгилейт. Демек жаран социалдык коомдо кайсы бир топко же саясий коомго таандыктыгы белгилүү.

Э.Эриксондун иденттүүлүк концепциясы теориялык жактан немец философу К.Ясперс тарабынан экзистенциялык багытталгандык философиялык-антропологиялык изилдөөлөрүндө «Мен» жана «Сендин» өз ара карым-катнашы тууралуу ой жүгүртүшүн чагылдырган. Карл Ясперс 1913-жылы жакталган «Жалпы психопатология» темасындагы доктордук диссертациясында иденттүүлүктү аң-сезимдин формалдуу төрт аспектисинин бири катары аныктаган жана аңдоо же түшүнүү аркылуу мен ким болсом ошол бойдон калам, менин жашоомдогу бардык окуялар мен аркылуу өтөт [5] деген идеясын өз илимий эмгегинде жазган. Иденттүүлүк ар кандай тармактарда ар түрдүүчө аныктамаларга ээ болгон, ал эми адабияттарда эң кеңири колдонулган аныктамасы инсандын «мен киммин, кимге, кайсы топко таандыкмын, кимге окшош жана кимге жакындыгым бар?» деген сыяктуу суроолорго берген жообу болуп эсептелинет.

Иденттүүлүк-индивиддин физикалык, руханий, социалдык жана психологиялык жактан бири-бирине шайкеш өнүгүүсүнүн натыйжасында калыптанып, индивиддин жөндөм-шыктарын, руханий дүйнөсүн, диний ишенимдерин, негизи эле бүтүндөй жашоосун камтыган татаал түзүлүш. Бул түзүлүш канчалык деңгээлде жакшы түзүлгөн болсо, индивид өзүнүн өзгөчөлүктөрүн жана уникалдуулугун ошончолук жакшы тааный алат [9, 551] деп белгиленет.

Иденттүүлүк, жүрүш-туруштук биримдүүлүк катары, өзү тууралуу билимдердин суммасы, башкача айтканда, татаал интегративдик кубулуш. Иденттүүлүк адамдын бардык мүнөздөмөлөрүн бир түзүлүшкө келтирген анализи, синтези менен ал өзгөрүлүп турган дүйнөдө субъективдүү прагматикалык багыттын натыйжасында аныкталып өзгөртүлөт. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү жакынкы убакытка чейин колдонулган эмес, анын ордуна өзүн-өзү таануу түшүнүктөрү колдонулган. Акыркы жылдары гана кеңири колдонула баштады, мунун себеби катары геосаясий алкактагы ааламдашуусундагы саясий процесстеринин дүйнө жүзүнө кулач жаюуусу, ошондой эле руханий жана материалдык баалуулуктардын, жарандардын психологиясынын саясий өзгөрүүсү негиз болду.

Чындыгында, жарандык иденттүүлүк иденттешкен процесстин жыйынтыгы, өзүнүн жекелик мендигин сактоо аркылуу белгилүү бир топко тиешелүү «мендиктер» же болбосо жекеликтердин окшоштугу иденттүүлүктүн жалпылыгын түзөт. Ошондой эле, жарандык иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрү индивиддин эң көп кайталанган жүрүш-туруштары жана ошол гана жекеликке тиешелүү, ал ар бир индивидди башкалардан айырмалоодо башкы курал, аны менен катар иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн дагы бир мааниси индивидди изилдөө учурунда анын башкалардан кайсы мүнөздөрдө айырмалангандыгын аныктоодо жакшы көрсөткүч болуп берет.

Окумуштуулар дайыма иденттештирүү жана иденттүүлүк терминдеринин ортосундагы айырмачылыкты белгилешет. Э.Эриксондун айтуусунда, иденттештирүү же иденттешүү бул иденттүүлүккө жетүүчү процесс жана психологиялык механизмдердин жыйындысы. Инсандын иденттүүлүгү өзүнө табигый муктаждык жана жөндөмдүүлүктөрдөн тышкары,

маанилүү идентеттешүүлөрдү жана туруктуу социалдык ролдорду бириктирет [10, 10] дейт идентеттүүлүк түшүнүгүн негиздеген окумуштуу.

Идентеттешүү – бул өзүн башкаларга окшоштуруучу, жакындаштыруучу психологиялык коргогуч механизм. Идентеттешүүдө инсан башкаларга эмоционалдык жактан окшоштуктары аркылуу байланышат [3, 64].

Идентеттүүлүк – бул адамдын жашоосу боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болгон динамикалык түзүлүш. Ал өткөн чак менен келечекти байланыштырып жана аларды азыркы мезгилге бириктирип, жашоонун өзгөрүүлөрүнө адаптациялап, өз жашоосун үзгүлтүксүз аспектиде көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Идентеттүүлүккө ээ болуу-бул инсандын айлана-чөйрөгө болгон мамилелеринин бардык түрүндө өзүнүн образын, өзүн жеке кабыл алуусу, инсандын өзүнүн «Мен» деген статусуна ээ болуусунун адекваттуулук жана стабилдүүлүк сезими.

Идентеттүүлүк – адамга негизги талаптарын жана өзүнүн социалдык ордун табууга жардам берет. Немец социологу Э.Фромм идентеттүүлүктүн конкреттүү тарыхый шарттарда эркиндик менен жалгыздык сезимдердин ортосундагы татаал байланыш болгондугун белгилейт. Алардын ортосундагы баланс идентештирүү процессинде бекемделет.

Корутунду. Азыркы убакта саясий жарандык идентеттүүлүктү изилдөөдө эң негизги көйгөйлөрдүн бири анын динамикасын, адамдын оң идентеттүүлүгүнө жетүү жана аны сактоо мамлекеттин мыйзам-ченемдүүлүктөрү, инсандын психологиясы абдан маанилүү. Жаран өзүнүн «оң» образдарын жаратууга карай умтулат, ошондуктан жарандык идентеттүүлүктүн негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрүнүн бири инсандын позитивдүү идентеттүүлүккө умтулуп өзү жашап жаткан мамлекетке таандык же идентеттүү болуусу эсептелет. Саясий идентеттүүлүк түшүнүгү инсандын психологиясынан көз каранды болуп, өзүн башкалар менен салыштыруусунан башталат. Мындай салыштыруу «башка» бирөө ал жаранга «чоочун» же «душман» эле эмес, жакын таанышы да болушу мүмкүн. Инсан өзүнүн өзгөчө жагын табууга умтулуусу менен өзүн-өзү таанып, башкалар менен окшош, жакындык жагын табуусу ага жарандык идентеттүүлүк, таандыктын сезимин пайда кылат.

Пайдаланылган адабияттар

1. English Oxford Living Dictionaries [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 12.02.2012. http://www.oxforddictionaries.com/definition /english/identity
2. Mead G. Маалыматты алуу убакыт. 21.04.2017 http://www.koob.ru/mead_g/
3. Гуревич П. С. Проблема идентичности человека в философской антропологии [Текст]// Вопросы социальной теории: Научный альманах. Том IV. Человек в поисках идентичности. 2010. – С. 63-87.
4. Мид Дж.Г. От жеста к символу [Текст] / Дж.Г.Мид // в кн.: Американская социологическая мысль. Под ред. В. И. Добреньков. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – стр. 213-222.
5. Микляева А. В., Румянцева П. В. Социальная идентичность личности: содержание, структура, механизмы формирования [Электрондук ресурс]. Маалымат алуу режими: 22.04.2017. http://humanpsy.ru/miklyaeva/soc_ident_01
6. Рикер П. Повествовательная идентичность [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 15.05.2015. http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html
7. Калиев А.С. Этностор аралык конфликттерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ролу. саяс. илим. канд. дисс. – Бишкек, – 2020. 154 б.
8. Фрейд З. Я и Оно. – М.: Азбука-классика, 2015. – 288 с.
9. Эриксон, Э. Молодой Лютер. Психоаналитическое историческое исследование. Пер. с англ. А. Каримский. – М.: Медиум, 1996. – 512 с.
10. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. Пер. с англ. А. Андреева, А. Прихожан, В. Ривош, Н. Толстых – М.: Флинта, МПСИ, Прогресс, 1996. 352 с.

УДК 323.38:331.108

МАМЛЕКЕТТИН САЯСИЙ ЭЛИТАСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ КАДР САЯСАТЫНЫН РОЛУ

Карабаев Ж.Э.[1]
[1]Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Бишкек ш., Кыргызстан

Аннотация

Изилдөө темасынын актуалдуулугу мамлекеттик саясатты илгерилетүүдө жана Кыргызстанда жаңы саясий элитанын жаңы муунун калыптандырууда маанилүү курал болгон кадр саясаты институтунун маанилүүлүгү менен негизделет. Эмнеге дегенде, мамлекеттик кадр саясаты – ички жана тышкы атаандаштыктын шарттарында өлкөнүн кадрларын жана кадрдык потенциалын коомдун өнүгүү кызыкчылыгы үчүн туура башкаруунун бирден бир куралы болуп саналат.

Макалада мамлекеттин кадр саясатынын эффективдүүлүгүнө жана көйгөйлөрүнө, жаңы мундун саясий элитасын калыптандыруудагы көйгөйлөргө талдоо жүргүзүлгөн. Ошондой эле тиешелүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштар берилген.

Ачкыч сөздөр: мамлекет, элита, коом, кадр саясаты, бийлик, теория, өнүгүү.

РОЛЬ КАДРОВОЙ ПОЛИТИКИ В ФОРМИРОВАНИИ ПОЛИТИЧЕСКОЙ ЭЛИТЫ ГОСУДАРСТВА

Карабаев Ж.Э.[1]
[1]Институт государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики, г. Бишкек, Кыргызстан

Аннотация

Актуальность темы исследования обусловлена значимостью института кадровой политики, которая является важным инструментом в продвижении государственной политики и формировании нового поколения политической элиты Кыргызстана. Потому что государственная кадровая политика является единственным инструментом правильного управления кадрами и кадровым потенциалом страны в интересах развития общества в условиях внутренней и внешней конкуренции.

В статье анализируются эффективность и проблемы кадровой политики государства, проблемы формирования новой политической элиты. Также даны рекомендации по решению соответствующих проблем.

Ключевые слова: государство, элита, общество, кадровая политика, власть, теория, развитие.

THE ROLE OF PERSONNEL POLICY IN THE FORMATION OF THE POLITICAL ELITE OF THE STATE

Karabaev Zh.E.[1]
[1]Institute of State and Law of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Bishkek city, Kyrgyzstan

Abstract

The relevance of the research topic is due to the importance of the institution of personnel policy, which is an important tool in promoting state policy and forming a new generation of the political elite of Kyrgyzstan. Because the state personnel policy is the only tool for the proper management of personnel and personnel potential of the country in the interests of the development of society in the conditions of internal and external competition.

The article analyzes the effectiveness and problems of the personnel policy of the state, the problems of the formation of a new political elite. Recommendations for solving relevant problems are also given.

Keywords: state, elite, society, personnel policy, power, theory, development.

Мамлекеттин туруктуулугун сактоодо, эгемендүүлүгүн бекемдөөдө жана аны өнүгүү жолуна салууда саясатчыларды түзүү жана элитны калыптандыруу абдан маанилүү маселе. Эмнеге дегенде, саясий элита лидерден калыптанат. Лидер – ар кандай жамааттарды жетеп, аларга жол көрсөтө турган инсан. Лидер стратегиялык, идеологиялык, уюштуруучулук, интегративдик функцияларды аткарууга жөндөмдүү болуп, коомго жана мамлекеттик бийликке байкаларлык, көп учурда чечүүчү таасирин тийгизет. Жаңы түзүлгөн жана көптөн бери ишмердүүлүк жүргүзүп келе жаткан саясий уюмдарда жана кыймылдарда лидердин ролу абдан чоң. Ар бир доордун өзүнүн лидерлери болот. Саясий лидер бир эле убакта саясий процесстин субъектиси да, объектиси да болуп саналат. Өзүнүн мыкты сапаттарынын аркасында ал өзүн алдыга койгон коомчулуктун талаптарын ишке ашырып, коомдук-саясий кыймылдын жетекчиси болуп калат. Лидер эбегейсиз бийликке ээ, башкача айтканда, ал максатка жетүү үчүн адамдардын эркин, аракетин багыттоого укуктуу.

Учурдагы биздин коомдо бийлик бутактарынын биринде кызмат кылган адамды билим деңгээли, ийгиликтүү саясий карьерасы, жасаган иштеринин натыйжалуулугу сыяктуу критерийлерге карабастан, кандайдыр бир чөйрөдөгү (тар) таасирине, моралдык эмес, материалдык байлыгына карап саясий элита катары көрүү көнүмүш адатка айланган. Чындыгында андай эмес. Саясий элитаны коомдук жамы журт (коомдун көпчүлүгү) тиешелүү инсандын мамлекет алдындагы өз эмгеги менен калың элдин көзүнө, сөзүнө алынган, мактоого татыган сапаттарына карап калыптандырат.

Баарыбызга белгилүү болгондой, кыргыздардын саясий элитасынын өзөгү өткөн чактан башталып, өткөн чакка барып такалат. Тактап айтканда, кыргыздардын саясий элитасынын доорун Совет мезгилине чейинки жана Совет мезгилинен эгемендүүлүккө чейинки деп 2 топко бөлүп карасак болот.

Совет мезгилине чейинки кыргыздардын саясий элитасынын тобун Барсбек каган (Ынанчу Алп Билге), Мухаммед Кыргыз (Тагай бий), Атаке баатыр (Тынай бий уулу), Тайлак баатыр (Рыскул уулу), Ормон хан (Ниязбек уулу), Байтик баатыр (Капай уулу), Шабдан баатыр (Жантай уулу), Курманжан датка (Маматбай кызы) сыяктуу жана башка хан, каган, бий, датка, баатыр атыккан тарыхый инсандар түзгөн.

Совет мезгилинен эгемендүүлүккө чейинки кыргыздардын саясий элитасы катарын Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов, Ишеналы Арабаев, Абдыкерим Сыдыков, Баялы Исакеев, Абдыкадыр Орозбеков, Турдакун Усубалиев, Исхак Раззаков, Казы Дыйканбаев, Чыңгыз Айтматов ж.б. толуктаган.

Жогоруда аты аталган инсандардын ар биринин эмгеги зор. Бул инсандар кийики урпактарга чейин кыргыз интеллигенциясынын үлгүсү болуп калышары анык.

Ал эми Кыргызстандын эгемендүүлүктү алгандан кийинки тарыхында саясий элита деп эч бир инсанды атай албайбыз. Себеби, мамлекеттин жүргүзгөн кадр саясаты көбүн эсе элдин көзөмөлүсүз жүргүзүлүп келип, саясий элита боло турган адамдар көз жаздымда калып келет. Экинчи жагынан коомубуз да саясий элитаны калыптандырууга алсыз болууда.

Андыктан учурда өзүн өзү элита деп атагандарды «псевдо-этлиталар» деп атоого болот. Элита теориясын түзгөн бир нече окумуштуу бар. Алардын арасынан италиялык экономист, инженер жана социолог Вильфредо Федерико Дамасо Паретонун эмгеги өзгөчө бааланып келет. Анын «Элиталардын айлануу теориясы» аталышындагы эмгегиндеги 2 аныктамасы ушул кезге чейин актуалдуу.

Вильфредо Федерико Дамасо Паретонун биринчи аныктамасы боюнча, «кеңири» (бардык коомдук элитаны камтыган) жана «тар» (башкаруучу элитага гана тиешелүү) деп элитанын эки түрүн ачыктап берген. Кеңири түрү боюнча элитага ар бири өз ишмердүүлүгүндө ийгиликке жетишкен, кесиптик ишмердүүлүктүн эң жогорку эшелонуна жеткен (аз сандагы) инсандар кирет. Ал эми экинчи түрү боюнча, тар элитаны башкаруудагы жана өкмөттүн

түз же кыйыр түрдө көрүнүктүү ролду ойногон бөлүгү, тактап айтканда, башкаруучу бөлүгү түзөт.

Мында кеңири элитанын өкүлдөрү элитага мүнөздүү сапаттарга ээ, бирок социалдык абалынан улам толук кандуу бийликке ээ эмес. Убакыттын өтүшү менен башкаруучу элита (кеңири түрдөгү) деградацияланып, коомду эффективдүү эмес башкара баштайт. Андан кийин контрэлита, башкача айтканда экинчи тарап бийликти талап кылып, активдүү боло баштайт. Бирок бийликке келүү үчүн кийинки тарап массанын колдоосуна муктаж болуп, аларды аракетке үндөп, алардын (коомдун) жардамы менен башкаруучу элитаны кулатат [1].

Ошентип, кийинки элита да убакыттын өтүшү менен өзүнүн көрүнүктүү сапаттарын жоготуп, чирип, жаңы контрэлита тарабынан бийликтен четтетилет. Бир канча убакыт өткөндөн кийин элиталардын алмашуу процесси кайра-кайра кайталана берет. Вильфредо Федерико Дамасо Парето бул процесстерди элиталардын кайталанып турчу күрөшү деп атаган.

Вильфредо Федерико Дамасо Паретонун элита теорясынын экинчи аныктамасы да мактоого татырлык. Анда «арстандардын элитасы» жана «түлкүлөрдүн» элитасы деп элитанын 2 түрүн белгилеген. «Арстандар» башкаруунун күчкө салуу ыкмасын колдонуу жана консерватизм менен мүнөздөлөт. «Түлкүлөр» өз бийлигин үгүт менен колдогонду жактырышат, ошондой эле саясий жана финансылык айкалыштырууга, куулукка, айлакерликке, тапкычтыкка чебер болушат [2].

Аталган аныктамага ылайык, саясий система туруксуз болгондо, новаторлор (жаңычылдар), комбинаторлор талап кылынганда «түлкүлөрдүн» башкаруусу эффективдүү болот. Бирок «түлкүлөрдүн» зарыл учурда күч колдонууга кудурети жетпейт. Анан алардын ордуна чечкиндүү аракеттенүүгө даяр турган «арстандардын» элитасы келет. Бир элитадан экинчи элитага тынымсыз алмашуусу коомдун социалдык динамикасына байланыштуу. Элитанын ар бир түрү коомдун жетекчилигинин керектөөлөрүнө бара-бара дал келбей калган белгилүү бир сапатка ээ болот. Ошондуктан коомдук-саясий системанын тең салмактуулугун камсыз кылуу бир элитаны экинчи элита менен такай алмаштырууну талап кылат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрында № 198 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын кадр кызматы жөнүндөгү» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Кадр кызматы кадр саясатын жакшыртуу, кадрлардын жоопкерчилин кароо, кадрлар боюнча сунуштамаларды берүү функцияларын аткаруу менен мамлекеттин бирдиктүү кадр саясатын жүргүзүшү керек [3].

Кыргызстандагы кадр саясатын жүргүзүү милдети Мамлекеттик кадр кызматына жүктөлгөнү менен, ал органдын кадр саясатындагы ролу натыйжасыз бойдон калып келүүдө.

Кыргызстандын эгемендүүлүккө жеткенден берки кадр саясатына токтолсок, акыркы 32 жылда олуттуу деле өзгөрүүлөр орун алган жок. 1991-жылдан 2005-жылга чейинки А. Акаевдин башкаруусунда кадр саясатынын начарлыгы аны бийликтен кулатуунун бирден бир себеби болуп калды. Анын башкаруусунда бир гана киши бардыгын башкарып, бүт жоопкерчиликти өзүнө алган. Мисалы, кичинекей райондордун акимдерин да А. Акаев өзү дайындап турган.

А.Акаев 2012-жылы берген маегинде кадр саясатында катачылыктарды кетиргенин моюнуна алган. Анын айтымында, Курманбек Бакиевдин чакан заводдун директорлугунан чоң жетекчиге чейин көтөрүлүшү эң чоң каталардын бири болгон [4].

2005-жылдын март окуясынан кийин бийликке келген Курманбек Бакиев бийлик башына тууган-туушкандарын, досторун киргизүү жагынан өзүнөн мурунку президенттен артта калган жок. Анын бир туугандары жана уулдары мамлекеттин негизги структураларда жана ведомстволорунда жогорку кызматтарда иштешкен. Мунун баарына экинчи качкын президент: «Балдарым ушунчалык акылдуу болсо, мен эмне кылам?» деп жооп беген [5].

Белгилей кетүүчү нерсе, Садыр Жапаров 2007-жылдан 2009-жылга чейин К. Бакиевдин кеңешчиси болгон. К. Бакиев бийликтен кулатылгандан бир нече жылдан кийин дал А.

Акаевге окшоп, кадр саясатында катачылыктар кеткенин айтып чыккан. А. Акаев үчүн башкы кадрдык ката – Курманбек Бакиев болгонун айтса, Курманбек Бакиевдин өзүнүн кадр саясатындагы башкы катасы – Алмазбек Атамбаев болгонун билдирген [6].

2010-2011-жылга чейинки өткөөл мезгилде кадр саясатында башаламандыктар орун алган. Бул маселе боюнча ошол кездеги убактылуу президент Р. Отубаева: «Өткөөл мезгилдеги кадр саясатына менин түздөн түз тиешем жок. Ал кездеги кырдаал башкача болчу» деп билдирген. 2011-жылдын аягында А. Атамбаев бийлик башына келип, мурдагы президенттердей болуп үй-бүлөсүн бийликке аралаштырган жок. Бирок тууган-туушкандарынын, үй-бүлөсүнүн ордуна шоопурлары, жан сакчылары, жардамчылары жана КСДПнын мүчөлөрү түрдүү кызматтарды ээлешкен.

А.Атамбаев бийликтен кетип жатып С. Жээнбековду президенттикке сүрөгөнү анын кадр саясатындагы эң чоң жаңылыштыктарынын бири болгон. Ал катачылыкты өзү да моюнуна алган [7]. Азыркы Президент С. Жапаров да 2023-жылдын 14-майында учурдагы кадр саясатындагы көйгөйлөргө токтолуп, Кыргызстандагы татыктуу кадрлардын жетишсиздигин белгилеп, кесипкөй адистерди баалоо керек экендигин билдирген [8].

Чындыгында С. Жапаровдун учурдагы башкаруусунда да кадр саясаты кризистик кырдаалга кептелди. Президент тарабынан дайындалган айрым кызматкерлер резонанстуу чырчатактын катышуучулары же коррупцияга байланыштуу кылмыш иштери боюнча айыпталуучулар болуп калышты. Ошол эле учурда, мамлекетибизде кадр саясатын жакшыртуу жаатында аракеттер көрүлө баштаганы байкалууда.

2021-жылдын 29-январында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо системасын жана практикасын түп-тамырынан бери жакшыртуу үчүн шарттарды түзүү, кызматкерлердин моралдык сапаттарын жакшыртуу жана мамлекеттик башкаруу системасындагы коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында Кыргыз Республиаасынын Президенти «Мамлекеттин жаңы кадр саясаты жөнүндө» Жарлыкка кол койгон [9].

2021-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын натыйжалуулугун жогорулатуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун укуктук негиздерин белгилеген ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кесиптик ишинин үзгүлтүксүздүгүн, туруктуулугун жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында № 125 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамына кол койгон [10].

2022-жылдын 2-июнунда мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчынын кесиптик билимдеринин жана иш көндүмдөрүнүн ээлеген кызматына ылайыктуулугун аныктоо максатында Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында аттестация өткөрүү жана сыноо мөөнөтүн өтүү маселелери жөнүндө» Жарлыгы чыккан. Бул саясатты ишке ашыруунун алкагында «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын аттестациялоону жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жана «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында сыноо мөөнөтүн өтөөнүн тартиби жөнүндө» жоболор кабыл алынган [11].

2023-жылдын 8-февралында мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматта коомго ак ниет кызмат кылууга, мамлекеттин максаттарын, милдеттерин жана функцияларын сапаттуу аткарууга багытталган эффективдүү кесипкөй кадрдык аппаратты түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында Кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясын бекитүү жөнүндө» Жарлыкка кол койгон. Жарлыкка ылайык, 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында Кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясы жана

2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында Кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилген [12].

Жыйынтыктап айтканда, кандай гана юридикалык күчкө ээ документтер кабыл алынбасын, акыркы 32 жылда кадрларды дайындоо укугу бир гана кишинин, тактап айтканда, Президенттин колунда болууда. Кадр саясатынын бир гана адам тарабынан жүргүзүлүшү көп учурда ийгиликтүү боло бербейт. Кадр саясатын натыйжалуу жүргүзүү үчүн Президент баш болгон бийлик бутактарындагы башчылар тобокелдүү кадамдарга баруудан коркпошу керек.

Биринчиден, кадр саясатына тиешелүү кабыл алынган мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга жыл сайын талдоо жүргүзүлүп, эгер мүчүлүштүктүктөр болсо, анда аларга өзгөртүү киргизип, андагы максаттардын ишке ашуусуна жана принциптердин сакталышына көзөмөл жүргүзүү механизмдерин күчөтүп туруу керек. Экинчиден, жогорку кызмат ордуларына атайын механизмдерди иштеп чыгуу менен элдин элегинен өткөн мыкты кадрларды дайындоо керек. Мыкты кадр демекчи, өзүнөн күчтүү кадрлар менен иштешүүдөн качкан көрүнүштү жокко чыгарып, тескерисинче, ошол күчтүүлөр менен эриш-аркак иштешүүнү адат катары калыптандыруу абзел. Үчүнчүдөн, кадр тандоодо анын тиешелүү сапаттарынан тышкары, материалдык эмес, моралдык байлыгына көбүрөөк көңүл бурулушу зарыл.

Төртүнчүдөн, мамлекеттик органдардын иерархиялуулугун жана милдеттенмелеринин так бөлүнүшүн жана алардын мыйзамдарга бекилишин камсыз кылуу кажет.

Колдонулган адабияттардын тизмеси

1. Вильфредо Парето, Социалистические системы / Теоретическая социология: Антология в 2-х частях, Часть 1, М., «Университет», 2002 г., с. 269-272.
2. Васильева Н., Вильфредо Парето: провозвестник львов, в Сб.: Восстание масс, СПб, «Мидгард», 2005 г., с. 25-26.
3. Положение о Государственной кадровой службе Кыргызской Республики / Сайт Министрества юстиции КР. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61712?cl=ru-ru.
4. Акаев: Сожалею, что привел Бакиева к власти / Азаттык. (Дата обращения: 31.08.2012). URL: https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_akaev/24693684.html;
5. Кыргызстан. Зов крови / 24.kg. (Дата обращения: 09.07.2016). URL: https://24.kg/vlast/34421_kyirgyizstan_zov_krovi/.
6. «Главные ошибки» президентов Кыргызстана — в трех цитатах / Kloop. (Дата обращения: 11.12.2018). URL: https://kloop.kg/blog/2018/12/11/glavnye-oshibki-prezidentov-kyrgyzstana-v-treh-tsitatah/amp/.
7. Атамбаев: Прошу прощения за то, что привел Жээнбекова к власти / Азаттык. (Дата обращения: 17.04.2019). URL: https://rus.azattyk.org/a/29825999.html.
8. Садыр Жапаров пожаловался на кадровый голод / Kaktus media. (Дата обращения: 13.05.2023). URL: https://kaktus.media/doc/480566_naznachy_na_doljnost_daje_inoplanetianina._sadyr_japarov_pojalovalsia_na_kadrovyy_golod.html.
9. Указ Президента Садыра Жапарова «О новой государственной кадровой политике» / Сайт Президента КР. (Дата обращения: 29.01.2021). URL: https://www.president.kg/ru/sobytiya/ukazy/18511_ukaz_prezidenta_sadira_ghaparova_onovoy_gosudarstvennoy_kadrovoy_politike.
10. Подписан Закон «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» / Сайт Президента КР. (Дата обращения: 28.10.2021). URL: https://www.president.kg/ru/sobytiya/zakony/21034_podpisan_zakon_o_gosudarstvennoy_graghdanskoy_slughbe_i_municipalnoy_slughbe.
11. Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында аттестация өткөрүү жана сыноо мөөнөтүн өтүү маселелери жөнүндө Жарлыкка кол коюлду / КРдин Президентинин сайты. (Кайрылуу датасы: 02.06.2022) URL: https://www.president.kg/kg/okujalar/22642_mamlekettik_gharandik_kizmat_ghana_municipaldik_kizmat_sistemasinda_attestaciya_tkr_ghana_sinoo_mntn_t_maseleleri_ghnnd_gharlikka_kol_koyuldu.
12. 2023-2025-жылдарга Кадрларды өнүктүрүүнүн жана түзүүнүн мамлекеттик стратегиясы бекитилди / КРдин Президентинин сайты. (Кайрылуу датасы 08.02.2023). URL: https://www.president.kg/kg/okujalar/24270_2023_2025_ghildarga_kadrlardi_nktrnn_ghana_tkkkznn_mamlekettik_strategiyasi_bekitildi.

УДК 894,341

ТОЛЕРАНТНОСТЬ И МЕЖКУЛЬТУРНАЯ КОММУНИКАЦИЯ

Коконбай уулу Н.[1]
[1]Современный международный университет, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

Данная статья посвящена определению толерантности, межкультурной коммуникации. Из этих понятий можно заключить, что язык и культура взаимосвязаны, что сам человек является «продуктом своей культуры».

Ключевые слова: Толерантность, проблема толерантности, глобализация, межкультурная коммуникация, визуализация, социальные группы, психологические особенности, язык, национальный язык, национальная культура.

ТОЛЕРАНТТУУЛУК ЖАНА МАДАНИЯТТАР АРАЛЫК БААРЛАШУУ

Коконбай уулу Н.[1]
[1]Заманбап эл аралык университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макала толеранттуулукту аныктоого, маданияттар аралык баарлашууга арналган. Бул түшүнүктөрдөн биз тил менен маданият бири-бири менен байланышкан, адам өзү "анын маданиятынын жемиши" деген тыянак чыгарсак болот.

Ачкыч сөздөр. Толеранттуулук, толеранттуулук көйгөйү, глобалдашуу, маданияттар аралык баарлашуу, визуалдаштыруу, социалдык топтор, психологиялык өзгөчөлүктөр, тил, улуттук тил, улуттук маданият.

TOLERANCE AND INTERCULTURAL COMMUNICATION

Kokonbay N.[1]
[1]Modern International University, Jalal-Abad cite, Kyrgyzstan

Annotation

This article is devoted to the definition of tolerance, intercultural communication. From these concepts, we can conclude that language and culture are interconnected, that a person himself is "a product of his culture."

Keywords: Tolerance, the problem of tolerance, globalization, intercultural communication, visualization, social groups, psychological characteristics, language, national language, national culture.

Сегодня, в период глобализации экономических, научных, культурных контактов, актуально сопоставление не только языков, но и культур, во-первых, для подробного описания языков, во-вторых, для предотвращения коммуникативных неудач в межкультурной коммуникации. В этом смысле проблема толерантности в сопоставительном аспекте представляется весьма актуальной.

В межкультурной коммуникации отводится большое место проблеме «толерантности». Латинское слово «tolerantia» встречается впервые в 46 году до н.э. у Цицерона. О толерантности в условиях сильной церковной цензуры писал, например, английский философ и политический деятель Дж. Локк в "Очерках о терпимости" (1667г.) и в "Письмах о терпимости" (1685г.).

В ходе защиты естественных прав граждан мировая культура накопила демократический опыт реализации идеи толерантности и герменевтики. Он приобретает особую актуальность в период коренных общественных преобразований, слома монопольно-идеологиче-

ских концепций, обострения межнациональных конфликтов, (когда понимание других идей и взглядов становится проблемой), утверждения гуманных межгосударственных связей.

До конца XVIII века латинское слово tolerantia переводилось на русский язык словом «терпеливость». Позднее для этого понятия стало использоваться слово «терпимость». Здесь толерантность понимается как элемент снисходительности и отрицательной оценки явления или свойства человека, с которыми мирятся по необходимости или из милости. Даль определяет «толерантность» как «терпимость», когда что или кого-то терпят только по милосердию, снисхождению. Согласно Оксфордскому словарю современного английского языка, толерантность - это способность воспринимать чье-либо мнение, верование, привычки и поведение, отличающиеся от собственных (Оксфорд, 1970).

Также толерантность определяется как гуманная жизненная форма и демократическая добродетель, которые выражаются во взглядах, в мышлении и в отношениях, толерантность встречается на всех уровнях и во всех областях человеческой деятельности. Ее необходимость вырастает из общественной жизни, идентичности, различий, дистанций близости. Г.Клаус и М. Буур отмечают в философском словаре, что «толерантность (лат.) означает терпение взглядов и действий, которые отличаются от собственных».(4) В узком смысле толерантность предполагает «принять во внимание религиозное мировоззрение» и означает терпимость по отношению к другим религиям, конфессиям, культам или мировоззрениям, которые существуют в одном государстве, предоставление свободного исполнения религий и открытое признание мировоззренческих убеждений, равно как и права всех граждан. Определение толерантности из классических, научных, филологических, прежде всего, немецких словарей следующее: «толерантность лат. tolerantia: 1. (в образовании) быть толерантным; терпимость (антоним: не толерантность). Например, проявление толерантности к кому-либо, учиться не показывать не толерантное отношение к тем, которые думают по-другому»".

Во многих словарях отмечается, что толерантность (лат. tolerare - терпеть, англ. - tolerance, франц. - tolerance) tolerantia - терпение, терпимость.

В словаре Клаппенбах Х.И. Штайниц, Р. (1964-1977) толерантность переводится как умение показать толерантность, учиться толерантности.

Проблемы межкультурной коммуникации создают не только языковой барьер, но и национально-специфические особенности культур-коммуникатов. Речь идет о необходимости более глубоко изучения мира носителей языка, их культуры, их образа жизни, национального характера, менталитета и т.п. Только при сравнении, когда представитель одной культуры, столкнувшись с другой культурой, иным миром, мировоззрением может увидеть различие или конфликт культур.

Таким образом, это позволяет получить более полное и многогранное знание культуры носителей изучаемого языка, поскольку их мир представлен, во-первых так, как он выглядит в их собственных глазах, и, во-вторых, через призму родной для учащихся культуры, через столкновение этих культур, что позволяет яснее осознать различия этих культур и избежать культурного шока при реальном общении с представителями чужой культуры" [1].

На основе своих исследований И.Ю. Марковина и Ю.А. Сорокин утверждают, что не только языковой барьер - единственное препятствие на пути к взаимопониманию, но и национально-специфические особенности самых разных компонентов культур коммуникантов. Исследователи к компонентам культуры, несущим национально-специфическую окраску, относят следующие:

а) традиции, а также обычаи и обряды;

б) бытовую культуру, тесно связанную с традициями, вследствие чего ее нередко называют традиционно-бытовой культурой;

Это определение можно соотнести и к мужской половине населения нашего общества. С каждым годом возраст вступающих в брак становится старше. Видимо желание «встать на ноги», а потом думать о личной жизни, как это уже давно заведено в Европе и Америке приобретает реальные черты. Об этом говорят следующие данные по городу: в 1998 году подали заявление в ЗАГС в городе Ош – 43% женщин и 30% мужчин до 25 лет, а в 2008 году – 33% женщин и 20% мужчин до 25 лет, в 2010 году – 23,5% женщин и 27,9% мужчин, к 2022 году – 24,0% женщин и 27,8% мужчин.

Как известно, в основе семьи лежит брак - исторически обусловленная, санкционированная, регулируемая обществом форма отношений между мужчиной и женщиной, устанавливающая их права и обязанности по отношению друг к другу и к их детям.

Снижение числа заключенных браков отрицательно сказывается и на рождении детей. Малая численность браков негативно повлияла на уровень рождаемости, т.к. около 80% детей рождается у супругов в официально зарегистрированном браке.

Общественное положение женщины, удовлетворение материальных и культурных потребностей, действующее законодательство и ряд других факторов оказывают влияние на показатели плодовитости. В современном обществе количество рождений уменьшается с возрастом женщин, а значит и во времени. Женщины старшего поколения родили большее количество детей, чем молодые. Также необходимо заметить, что количество детей значительно различается у городских и сельских женщин, а также по регионам и национальностям. В городах женщины всех национальностей рожают меньше детей, чем на селе.

Сегодня в республике наблюдается усиление конфликтных внутрисемейных ситуаций. Эта проблема не только неблагополучных семей.

Диаграмма 2.1.1. - Основные социальные проблемы в городе в % от общего числа ответивших (2016-2021 гг.)



Бытовое насилие над женщиной и детьми в Кыргызстане становится нормой. Исследования семейного насилия, проведенные в последние годы в Кыргызстане, подтвердили масштабность этого явления: 70% женщин и 66% мужчин республики признают семейное насилие реально существующей в кыргызском обществе [2]. По данным МВД КР ежегодно милиция фиксирует от 8 до 10 тысяч обращений на семейно-бытовые скандалы. Примерно

такое же число обращений поступает в кризисные центры страны, из которых более 80% составляют женщины. Анализ уголовных дел женщин, осужденных по статье «убийство» и «покушение на убийство» показал, что более 85% из них совершили эти преступления в сфере семейно-бытовых отношений [5,134.] и, как правило, большинство из них были жертвами семейного насилия в течение длительного времени.

Не трудно сделать вывод о том, что социальные проблемы города напрямую влияют на уровень удовлетворенности населения, как можно проследить из диаграммы 2.1.1.

Главным фактором оценки уровня удовлетворенности общества, естественно, является уровень бедности человека.

Сегодня борьбу с бедностью можно назвать проблемой глобального характера. Более миллиарда жителей планеты живут в состоянии крайней бедности. По данным ООН - 3 миллиарда человек на земле живут на меньше доллара в день.

Бедность является социальной проблемой, то есть объективным противоречием, приводящим к нарушению пропорций социального функционирования и развития, и на этой основе к дисбалансу интересов разных социальный групп, к разрушению доминирующих социальных ценностей, вследствие чего изменяются существующие свойства социума и возникает «угроза» его первичной, устоявшейся (в этом смысле нормальной) жизнедеятельности [1, 137]. Характеристика бедности как социальной проблемы предполагает анализ соотношения между бедностью и богатством, между социальным равенством и неравенством, которые трансформируются в пропорции между высокообеспеченными слоями населения. Нарушение объективно обусловленной пропорции между нижеприведенными социальными группами ведет к обострению противоречий, а, следовательно, к дисгармонии в социальном развитии общества и семьи.

• *Таблица 2.*



Бедность является одной из составляющих социальных проблем города. В Кыргызстане до 2020 года уровень бедности в среднем чуть превышал 40%, за чертой бедности в 2019 г., проживали 1 млн.718,2 тыс. человек, из которых 75,6% являлись жителями сельских населенных пунктов.

Распространенность бедности по регионам страны неравномерна. Снижение уровня бедности в 2019 г., произошло не во всех регионах страны. Наиболее позитивные сдвиги в улучшении благосостояния населения наблюдались в Таласской области, где уровень бедности снизился на 10,0 процентных пункта, Иссык-Кульской-на 6,2, Джалал- Абадской – на 3,2, и в г. Бишкек – на 2,0 процентных пункта.

Наряду с этим отмечен рост уровня бедности в Баткенской области – на 10,7%, Чуйской области – 5,5, Нарынской области – на 1,4 и Ошской области на – 0,8%.

По данным Нацстаткома уровень бедности в Кыргызстане по итогам конца июля 2021 года составил 33,3%, то есть на 8% больше, чем в 2020-м, и на 13,2% больше, чем в 2019-м.

Необходимо отметить, что 2011 года в Кыргызстане уровень бедности постепенно снижался. И в 2011 году уровень бедности составил 36,8%, а в 2019-м - 20,1%. То есть за все эти годы уровень бедности снизился на 16,7%. Однако за два года, 2020-й и 2021-й, показатель бедности в Кыргызстане вырос на 13,2% и стал сопоставим с показателями 2010 года.

Уровень бедности в 33,3% говорит о том, что 2,2 млн кыргызстанцев из 6,7 млн населения живут ниже черты бедности, то есть дохода человека не хватает на то, чтобы удовлетворить минимальные потребности. В 2021 году бедных стало на 566 тыс. больше, чем в 2020-м.

Известно, что бедным в Кыргызстане считается тот, кто получает меньше черты бедности, а черта бедности в данном случае — это 6 268 сомов в месяц. Столько составил прожиточный минимум в Кыргызстане по итогам 2021 года.

В заключении, необходимо отметить, что если государство в период трансформации общества имеет ограниченные ресурсы по решению социальных проблем населения в условиях городской жизни, то необходимо акцентировать внимание на индикаторы удовлетворенности условий горожан. Именно в этом направлении должны строить государственные и общественные органы управления свою политику, разрабатывая государственные программы и планы работ, которые не требуют материально-финансовых затрат и ориентированы на контрольные функции территориальных государственных структур.

Использованные источники

1. Арстанбекова М.А. Социальный смысл благополучия семьи // Современность: философские и правовые проблемы. – Бишкек, 2016. - С. 137
2. Исследование «Семейное насилие: причины, масштабы и эффективность действий», ЦИОМиП. – Бишкек, 2021.
3. Кыргызстан. Общая оценка состояния страны. – Бишкек, 2021. - С. 48.
4. Омурбеков Т.Б. Социальное и экономическое положение старшего поколения в современной кыргызской семье. [Текст]: автореф. дис. канд. социологических наук. Омурбеков Т. Б - М., 1991. - С. 20.
5. Хамзаева А.Д. Предупреждение насильственных преступлений, совершенных женщинами в сфере семейных отношений. – Бишкек, 2016. – С. 134.

УДК 94. (575.2)

МОЛДО НИЯЗДЫН САНАТТАРЫНДАГЫ ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Токтогулова Г. Т.[1], Кошалиева З.А.[2]
[1,2]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Молдо Нияз таануу максатында жазылган бул илимий макалада акындын санаттарында кездешкен тарыхый көрүнүштөр тууралуу сөз болот. Октябрь революциясына чейинки мезгилдеги жазылып жана сакталып калган эмгектердин саны саналуу гана болгондуктан, бул учурдун тарыхын тактоо али күнгө чейин актуалдуу бойдон калууда. Ал эми Молдо Нияздын эмгеги болсо, дал ошол XIX кылымдын экинчи жарымындагы тарыхый окуялар, коомдук көрүнүштөр, философиялык маанилер камтылган жазма маданияттын табериги болуп саналгандыгы менен баалуу. Акындын санаттарындагы тарыхый окуялардын реалдуулугун анализдөө максатын ишке ашыруу үчүн тарыхый-генетикалык, тарыхый-объективдүүлүк, тарыхый-системалык ыкмалар колдонулду. Жыйынтыгында Молдо Нияздын санаттарында ошол доордогу тарыхый окуялар тууралуу сөз козголгондугу, кээ бир саптарда чыныгы тарых чагылдырылгандыгы, анын эмгеги Ата Мекендик тарыхты тактоонун булактык базасына кошумча кызмат аткаруусу такталды.

Түйүндүү сөздөр: жазма маданият, аталык, миң башы, чагатай тили, жазма мурас, социалдык катмар, баатыр, датка, хан, топонимдер.

ОТРАЖЕНИЕ ИСТОРИЧЕСКИХ СОБЫТИЙ В ПОУЧЕНИЯХ МОЛДО НИЯЗА

Токтогулова Г. Т.[1], Кошалиева З.А.[2]
[1,2]Жалал-Абадский государственный университет им.Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

В этой научной статье, написанной с целью признания Молдо Нияза, рассказывается об исторических явлениях, встречающихся в стихах поэта. В связи с тем, что количество письменных и сохранившихся произведений периода до Октябрьской революции ограничено, выяснение истории этого периода остается актуальным и по сей день. Что же касается творчества Молдо Нияза, то оно ценно тем, что является знаком письменной культуры, содержащей исторические события, социальные явления и философские смыслы второй половины XIX века. Для реализации цели анализа реальности исторических событий в творчестве поэта использовались историко-генетический, историко-объективный и историко-системный методы. В результате было подтверждено, что рассказы Молдо Нияза рассказывают об исторических событиях той эпохи, некоторые строки отражают реальную историю, а его творчество служит дополнительной источниковой базой для выяснения истории Родины.

Ключевые слова: письменная культура, патернализм, тысячник, чагатайский язык, письменное наследие, сословие, богатырь, датка, хан, топонимы.

REFLECTION OF HISTORICAL EVENTS IN THE TEACHINGS OF MOLDO NIYAZ

Toktogulova G.T.[1], Koshalieva Z.A.[2]
[1,2]Zhalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

Abstract

This scholarly article, written to acknowledge Moldo Niyaz, describes the historical phenomena found in the poet's poems. Due to the fact that the number of written and surviving works of the period before the October Revolution is limited, clarification of the history of this period remains relevant to this day. As for the work of Moldo Niyaz, it is valuable as a sign of written culture containing historical events, social phenomena and philosophical meanings of the

second half of the 19th century. Historical-genetic, historical-objective and historical-systematic methods were used to realize the aim of analyzing the reality of historical events in the poet's works. As a result, it was confirmed that the stories of Moldo Niyaz tell about the historical events of that era, some lines reflect the real history, and his work serves as an additional source base to clarify the history of the homeland.

Keywords: written culture, paternalism, Thousander, Chagatai language, written heritage, estate, bogatyr, datka, khan, toponyms.

Киришүү. Кыргызстандын эгемен өлкөлөрдүн катарын толуктоосу Ата Мекендик тарыхты толуктап кароого, тарыхый инсандарга тарыхтагы ордун таап берүүгө, карт тарых барактарында катылып жаткан маалыматтарды илимий өңүттө анализдөөгө кенен жол ачты. Анын алкагында азыркы мезгилде бир катар илимий жетишкендиктер жаралып, өз кезегин күтүп жаткан көйгөйлүү маселелер колго алынып, изилдөө иштери бир топ жанданганды-гын белгилей кетүүгө болот. Айрыкча, советтик мезгилге чейинки доордогу жазуу жүзүндөгү маалыматтар өтө аз болгондуктан, колдо бар маалыматтарды көздүн карегиндей сактоо менен, тыкыр иликтөөгө алуу учурдун зарыл маселелеринен экендиги белгилүү. Октябрь революциясына чейинки мезгилдин тарыхын толуктоого салым кошо турган жазуу түрүндөгү маалыматтардын бири Молдо Нияз жазып калтырган кол китептери. Демек, биздин изилдөөбүздүн объектиси XIX кылымдагы жазма маданияттагы тарыхый окуялардын чагылдырылышы болсо, изилдөө предметибиз Молдо Нияздын чыгармаларындагы тарыхый окуялардын берилишин баяндоо саналат.

Материалдар жана изилдөө методдору. Азыркы мезгилдеги Ата Мекендик тарыхты иликтөөдө, кыргыз таануу маселеси колго алынып, бир топ алгылыктуу жыйынтыктарга жетишилди. Ушул өңүттө алып караганда Молдо Нияз таануу да колго алына турган, көп тараптуу изилдөөлөрдү күтүп турган советтик мезгилге чейинки жазма маданий баалуулуктардын бири болуп саналат. Молдо Нияздын чыгармалары таптакыр изилдене элек деген пикирден алыспыз. Анткени, илимдин бир катар багыттарынын өкүлдөрү тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп келген. Эң биринчи жигердүү эмгек Б.М.Юнусалиевдей улуу окумуштууга таандык [1] экендиги белгилүү. Молдо Нияздын санаттары араб тамгасы менен жазылгандыктан, аны азыркы тамгага көчүргөн, көптөгөн илимдердин изилдөө объектисине жол ачып берген котормочу Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын улук маданий кызматкери О.Сооронов [2]. Ушул инсандардын аракеттери менен Молдо Нияз таанууга кенен жол ачылып, анын маданий мурастарын изилдөөгө бир катар илимий чөйрө тартылгандыгы маалым.

Советтик мезгилге чейинки жана советтик мезгилдеги бир катар илимий адабияттарда Октябрь революциясы жеңгенге чейин кыргыз коомунда сабаттуу адамдардын дээрлик болбогондугу жана жазуунун жоктугу тууралуу маалыматтар кездешсе, айрыкча постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр бул маалыматты төгүндөп, Орто Азияда мусулмандык билим берүүнүн болгондугу [3], XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы жадидчилик кыймылдарынын пайда болуусу [4], Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Осмонаалы Сыдык уулу, Б.Солтоноев ж.б. сыяктуу сабаттуу, жазгыч инсандардын болуусу да бир мезгилдеги бир тараптуу көз караштагы маалыматтарга тактоо киргизүүдө.

Молдо Нияздын санаттарындагы тарыхый окуяларды анализдөөдө, илимий изилдөө учурунда колдонулуучу бир топ ыкмалар колдонулду. Атап айтсак, архивдик метериалдар менен иштөө ыкмасын КР УИАнын Ч.Т.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар корунда сакталган Молдо Нияздын кол жазмалары тууралуу маалыматтарды иргөөдө колдонуп, тарыхый салыштыруу ыкмасы аркылуу советтик мезгилге чейинки доордогу тарыхый, социомаданий реалдуулук такталды. Молдо Нияздын санаттарынын саптарында кездешкен колониалдык Орусиянын кыргыз коомундагы административдик саясатын чагылдырган көз караштагы өздүк пикирлөөсү замандаштарынын ой-пикирлери,

тарыхтагы болуп өткөн окуялар менен салыштырылып, тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасынын жардамы аркылуу ишке ашты. Молдо Нияздын кыргыз коомундагы маданий-руханий өзгөрүүлөргө жасаган анализин байкоодо тарыхый-генетикалык, тарыхты өнүгүүнүн ырааттуулугу, белгилери, өзгөчөлүктөрү, өнүгүүсүнүн жалпы закон ченемдүүлүктөрү ыкмалары пайдаланылып, тарыхый ой-жүгүртүү менен далилдүү логикалуу бүтүм чыгарууда логикалык ж.б. ыкмалар колдонулду.

Тыянактар жана талкуулар. Молдо Нияз 1923-жылы Кыргызстандын түштүгүндө жарык дүйнөгө келгендиги бир катар эмгектерде айтылат. Жогоруда белгилеп өткөндөй, Молдо Нияз таанууга чыйыр салгандардын бири академик Б.М. Юнусалиев болсо, экинчиси О.Сооронов. Алардын иликтөөлөрүнө таянуу менен кийинки изилдөөлөр Молдо Нияз тарыхын толуктады. Биздин иликтөөбүздүн негизги максаты Молдо Нияздын эмгектеринде кездешкен тарыхый реалдуулуктарды илимий чөйрөгө жеткирүү эсептелет.

Биринчиден, Молдо Нияздын санаттарында Кыргызстандагы бир катар топонимдер (жер-суу аталыштары даректүү тарыхый булактар, фольклордун материалдары, этностук аталыштар, археологиялык табылгалар) кездешет. Мисалы:

Башы: Токмок, Чүй, Талас,
Кетмен-Төбө, Суусамыр.
Кочкор, Жумгал, Ат-Башы,
Алай менен Анжиян,
Азизи көп Наманган,
Паитахтуу Маргалаң (биринчи кол китептин тогузунчу бетинен) [2, 91]. Ал эми экинчи кол китептин 86-87-беттеринде:
“Көрдүм жүрүп далайды,
Каратегин Алайды,
Кашкар менен Кабакты...
Ат-Башы менен Арпаны [2, 92] же
Кашкардын үстү Гүлбакта...
Нарын суу өткөн Курткада[2, 93] ж.б. ушул сыяктуу топонимдер өтө көп кездешет.

Экинчиден, Молдо Нияздын өзүнүн жашоо тарыхы, басып өткөн жолу, аткарган иши, кыргызга таштап кеткен улуу мурасы аркылуу кыргыз коомунда советтик мезгилге чейин эле мусулмандык билим берүүнүн, сабаттуу адамдардын, жазма маданияттын болгондугун баамдайбыз. Октябрь революциясына чейин Орто Азияда мусулмандык билим берүү кандайдыр бир деңгээлде өнүккөн деп так айтуубузга, Молдо Нияздын дал ошол учурда мусулмандык мектептен кат сабатын жоюусу жана арап тамгасы менен уникалдуу эмгекти жаратуусу [2, 95] негиз боло алат. Анын башка тилдерди да билгендиги тууралуу маалыматта: “санаттарынын ичиндеги арап, фарси, осмон түркү, чагатай тилдериндеги сөздөрдүн колдонулгандыгы” (экинчи кол китептин 3-24-47-48-81-83-106-112-беттерде) айтылат [2, 93]. Молдо Нияздын чыгармасы татаал тилде жазылгандыгына карбастан, тил тарыхын байытууга салым каошо тургандыгы да тил изилдөөчүлөр тарабынан белгиленип келет [6, 601]. Демек, Молдо Нияз жазган кол китептер кыргыз элинин өз жазуусу бар эл экендигин кабарлоо менен кыргыз коомундагы тил жана жазуу тарыхын, жазма маданият тарыхын тактоого алгылыктуу салым кошот.

Үчүнчүдөн, Молдо Нияздын санаттарында кездешкен тарыхый окуяларга өзү да күбө экендиги, Кокон хандыгынын мезгилинде жашагандыгы жана эл аралап көп жүргөндүктөн, бийлик менен элдин байланышта болуусуна себепкер болгон таасирдүү адамдардан болгондугу:

“Арка жуттун баарысын-
Сардирини көргөмүн.

Атантай менен Тайлактын
Балдарыны көргөнмүн.
Ырыскым шондой чачылып,
Ырыскулбек, Акылбек,
Талканбай бийди көргөнмүн.
Качыбек бийдин баласы,
Эралини көргөнмүн [2, 92] деген саптарынан байкалат. Андан сырткары, ошол доордо жашап өткөн бир топ бийлердин аттары да аталып, айтылуу Курманжан даткага:
“Камчыбекке кабыр кыл,
Мурзапаяз, Мамытбек,
Баатырбекке сабыр кыл.
Алымбектей дарман кыл,
Абдылдабекти арман кыл” - деп кубаттоо сөзүн айткандыгы (үчүнчү кол китеп 9-10-беттер) маалым [2, 93].

Демек, жогорудагы маалыматтар Кокон хандыгынын мезгилиндеги кээ бир социосаясий көрүнүштөр, тарыхтын урунттуу учурлары тууралуу кабарласа, андан кийинки мезгил тууралуу, тактап айтканда орустардын басып келүүсүн чагылдырган көрүнүштөр да акындын санаттарынын саптарынан орун алгандыгына токтолгон автор:
“Орус келип камады
Олуя-Ата, Чымкентти.
“Алыбыз карып болду” – деп,
“Ажыратып алган” – деп,
Ат өлтүрүп суу тизгин
Алымкулга тил жетти” - деген саптардан падышалык Орусиянын Орто Азияны басып алуу планындагы Сыр-Дарыя-Сибирь аскердик линиясынын эки жактан куушуруп келип, 1864-жылы, жогоруда аталган, Түркстан, Олуя-Ата, Чымкент шаарларын алаардын алдындагы (1986-жылы жарык көргөн “История Киргизской ССР” деген китептин 73-бетинде) мусулман-орус беттешүүсүнүн күбөсү болгон Молдо Нияз “12-санат дептеринде”, б.а. Алымкул жөнүндөгү казалында Кокондун аскер башчысы Алымкул жети күндө Чимкентке жетип катуу уруш салганы, ишенген баатыры Миңбай датка жардамга келгенде душманды жакшы эле сүрүп барганын, Миңбайдын өлүмүн, кармаштын аягы тең чыгуу менен таркаганын, эки жылдан соң кайра беттешүү болгондугун сүрөттөйт” [2, 106-107] деген анализинен, Молдо Нияздын ыр саптары тарыхтын реалдуу көрүнүштөрү менен шайкеш келе тургандыгына ынанууга болот. Ал эми “Күйөмүн” деген ырында “Анжиян көтөрүлүшү” деген аталыш алган шовинисттик саясатын сынга алуусу, бирок бул окуяга катыша албагандыгы тууралуу сөз болот [5].

Төртүнчүдөн, Молдо Нияздын санаттары аркылуу кыргыз коомундагы агартуучулук тарыхынын динамикасын тактоого болот. Анткени, агартуучулуктун башаттарын дал ушул Молдо Нияз сыяктуу сабаттуу жана жазгыч акындар түзөт. Ал өз доорунда жети кол китеп жазгандыгы, алгач айыл молдосунан сабатын жойгондугу, Кара-Тегин, Маргалаң, Кашкар медреселеринде окугандыгы, агартуу доорунун алгачкы өкүлдөрүнөн экендиги [7] А.Карыеванын илимий макаласында көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, Молдо Нияздын “Санат дигарасттары” [8] жөнөкөй жашоо философиясынан баштап, көңүл буруунун чордонунда адам маселеси туруп, адамзаттык тарыхтын урунттуу окуялары баяндалып, акындык дүйнө таанымга ылайык, өз алдынча анализденип, тарыхый, онтологиялык, гносеологиялык, аксиологиялык, антропологиялык, саясий, социалдык, маданий-эстетикалык, моралдык-нравалык маселелерди козгогон уникалдуу жана баалуу эмгек болуп эсептелет.

Демек, Молдо Нияз таануу, анын санаттарын таануу аркылуу Ата Мекендик тарыхтын тарыхын булактык маалыматтар менен толуктоого болот. Молдо Нияз таануунун алкагында кыргыз коомундагы топонимдерди толуктоого, тил жана жазуу тарыхын тактоого, Кокон хандыгындагы кээ бир тарыхый жагдайларга тактоо киргизүүгө, агартуучулук доордун динамикасын болжолдоого, жазма маданияттын тарыхын байытууга боло тургандыгын белгилөө менен, Молдо Нияз санаттарынын ачылбаган сырлары көп экендигин, аны изилдөө келечектин иши экендигин кошумчалай кетүүнү туура деп эсептейбиз.

Колдонулган адабияттар

1. Юнусалиев, Б.М. Отражение диалектических особенностей в сонатах Молдо Нияза [Текст] / Б.М.Юнусалиев // Тюркологические исследования. – Фрунзе, 1970. – С. 49-72.
2. Сооронов О. Кол жазмалар жөнүндө сөз (1-китеп) [Текст] / О.Сооронов. – Бишкек: “Турар”, 2009. – 340б.
3. Шабдан Джантаев: эпоха и личность [Текст] /: Документы и материалы /Джантаев Шабдан. – Бишкек: Шам, 1999. – 280 с.
4. Кубатова А.Э Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916) [Текст]/ А.Э.Кубатова. – Бишкек, 2012. – 204 б.
5. https://kadam-media.kg/93204/ (кайрылуу датасы 1.04.2023).
6. https://sciup.org/read/14116032 (кайрылуу датасы 1.04.2023).
7. https://cyberleninka.ru/article/n/formirovanie-mirovozzreniya-kyrgyzskih-akynov-prosvetiteley-xix-v (кайрылуу датасы 1.04.2023).
8. Молдо Нияз “Санат дигарасттар” [Текст] / Түз. О. Сооронов. – Бишкек: Учкун, 1993. – 175б.

УДК:391/395

НАРИСТЕНИН ДЕН СООЛУГУНА БАЙЛАНЫШТУУ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР ЖАНА ТЫЮУЛАР

Усубалиева А. С.[1]
[1]Талас мамлекеттик университети, Талас ш., Кыргызстан

Аннотация

Наристенин жарык дүйнөгө келиши, анын чоңоюусунун алгачкы жылдары бир катар каадалар, үрп-адаттар жана ырым-жырымдар менен коштолоору тууралуу баяндалат. Адамдын бала кезине тиешелүү ырым-жырымдарды шарттуу түрдө эки циклге бөлүп каралат. Ымыркайды, наристени оору жана ар кандай коркунучтардын тоорушу айрыкча анын алгачкы жылдарында көбүрөөк кезигет. Баланын өмүрүн, ден соолугун сактоого байланыштуу ырым-жөрөлгөлөрдү биринчи циклге киргизүү туура болот. Ал эми экинчи циклине баланын бир жаш курагынан экинчисине өткөрүп, баланын статусун өзгөрткөн каада-салттар кирет. Наристеге тиешелүү ырым-жырымдарды Борбор Азиянын элдеринде мурунку учурда чоң маани берилип келсе, кийинчерээк XX кылымдын 50-жылдарында унутулуп, илгеркиден калган кызыктуу каада-салт катары гана каралып калганын илимпоздор белгилешкени чагылдырылды. Мындай пикир канчалык деңгээлде ынанымдуу экенин Талас облусунда жашаган кыргыздардын жана бул аймактагы ар кайсы улуттагы элдердин мисалында каралды.

Ачкыч сөздөр: ымыркай, эгиз, оору, өмүр, ден соолук, ырым-жырым, тыюу, ишеним.

РИТУАЛЫ И ЗАПРЕТЫ СВЯЗАННЫЕ СО ЗДОРОВЬЕМ РЕБЕНКА

Усубалиева А. С.[1]
[1]Таласский государственный университет, г. Талас, Кыргызстан

Аннотация

В этой статье рассмотренно о рождении младенца, первых годах его взросления, сопровождаемом рядом обычаев, традиций и ритуалов. Ритуалы, связанные с детством человека, условно делят на два цикла. Младенцы и малыши более подвержены заболеваниям и различным угрозам, особенно в первые годы жизни. Среди них уместно ввести в первый цикл обряды, связанные с защитой жизни и здоровья ребенка, выступающие в роли защитного оберега. И его второй цикл включает в себя ритуалы, меняющие статус ребенка от одного возраста к другому. Отражено то, что ученые отмечали, что обрядам, связанным с детством этого человека, в прошлом придавалось большое значение у народов Центральной Азии, но позднее, в 50-х годах 20 века, их истинное значение во многом было забыто и они считались только как интересная традиция из прошлого. Рассмотрено на сколько такое мнение убедительно. на примере кыргызов, проживающих в Таласской области, и народов разных национальностей в этом регионе.

Ключевые слова: ребенок, близнецы, болезнь, жизнь, здоровье, ритуал, табу, вера.

RITUALS AND PROHIBITIONS RELATED TO THE HEALTH OF THE CHILD

A.S. Usubalieva.[1]
[1]Talas State University, Talas city, Kyrgyzstan

Annotation

This article discusses the birth of a baby, the first years of his growing up, accompanied by a number of customs, traditions and rituals. Rituals associated with human childhood are conventionally divided into two cycles. Babies and toddlers are more susceptible to diseases and various threats, especially in the first years of life. Among them, it is appropriate to introduce into the first cycle rituals related to the protection of the life and health of the child, acting as a protective amulet. And his second cycle includes rituals that change the status of a child from one age to another. It is reflected that scientists noted that the rites associated with the childhood of this person in the past were given great importance among the peoples of Central Asia, but later, in the 50s of the 20th century, their true meaning was

largely forgotten and they were considered only as an interesting tradition from the past. It is considered how much such an opinion is convincing. on the example of the Kyrgyz living in the Talas region, and the peoples of different nationalities in this region.

Keywords: baby, twin, disease, life, health, ritual, prohibition, faith.

Кыргыздарда бала төрөлгөндөн кийинки ырым-жырымдарда жаңы төрөлгөн наристени эмне менен оозандырса, өмүр жолу жана келечеги ошого жараша болот деген ишенимден улам “өмүрү майлуу, сүттүү болсун”деген тилекте сары май менен оозантуу кеңири тараган. Мал чарбачылыгы менен кесиптенген эл үчүн май эң сыйлуу жана мыкты азык болуп саналган. Жаны бекем, дени сак, баатыр болуп чоңойсун үчүн бөрүнүн шилекейи менен оозантуу ырымы да учураган. Бул ишенимди тотемизм менен байланыштырууга болот, анткени бөрү бир эле кыргыздардын эмес, жалпы түрк, моңгол элдеринин тотеми болуп саналат [4: 23-б.]. Балдардын кийимине көз тийүүдөн жана жин-шайтандардан сактоочу тумар катары бөрүнүн тишин тигип коюу кеңири колдонулган. Ушул эле максатта балдардын бешигине карышкырдын ашыгын тагышкан. Таластагы жергиликтүү кыргыздар жарык дүйнөгө келген чүрпөнүн дени сак, өмүрү узун болушун каалап, шаршемби күндөрү үч же жети жолу бөрүнүн өтү менен “ата-бабаңдын жөрөлгөсү, ата-энеңдин өбөлгөсү” деп он эки мүчөсүнө тийгизип эмдешет.

Наристеге коюлган ысымдардан эле элдин маданиятын, билим деңгээлин, эстетикалык табитин байкоого болот. Бирок XX кылымдын 80-жылдарына чейин кыргыз үй-бүлөлөрүнөн Көчкөнбай, Тезекбай, Бокмурун сыяктуу ысымдарды жолуктурууга мүмкүн болгон. Кийинки муундарга жагымсыз болуп угулган мындай аттарды коюунун өз себептери бар. Тагыраак айтканда, балдары токтобогон ата-энелер, узак мезгилдер бою перзент көрбөй жүрүп балалуу болгондор наристенин өмүрүнө зыян келтирүүчү кара күчтөр, жин-шайтандар, көздүү адамдардын көзү тийбесин деген ниет менен ушундай ысымдарды коюшкан. Анын айкын мисалын “Манас” эпосунан да жолуктурабыз. Айтылуу Көкөтөй хан карыганда көргөн баласына (чындыгында аны таап алат) Бокмурун деп ат коёт. Тажиктерде кара күчтөр тийбей өтүп кетсин үчүн Партов («таштанды»), Пахол («саман»), коргоосуз балага тийбесин деп Ятим («жетим») деген аттар коюлганы белгилүү [2:10-б]. Манастын аты кыргыз баласына өтө сейрек коюулуп келет. Ал эмес анын чоролорунун ысымдары да аз кездешет. Мунун белгилүү бир сыры бар. Анткени Манас-кыргыздардын пир туткан өтө ыйык аты, керек болсо кыргыздын чакырган урааны. Ошондуктан элдин аң-сезиминде наристе бала мындай оор атты көтөрө албай ооруп калат, азап чегип кыйналат деген ишенимде азыркы күндө да бул атты балага ыйгаруудан сак-сактап, коркуп турушат.

Баланын мойну шылкылдабай, ийри болбой түз бүтсүн деген ой менен жээнтек тоюнда ымыркайдын урматына арналып союлган малдын моюнун бычак тийгизбей наристенин энеси жейт. Андан кийин таза мүлжүнгөн моюнду түз кылып тургузуп коёт. Бул ырым учурда Талас өрөөнүндө кеңири колдонулуп келе жатканын айта кетүү зарыл. Ушундай эле ырым Таласты мекендеген түрктөрдө да кездеше тургандыгын информатордон топтолгон материалдар тастыктайт. Түрктөрдө бала төрөлгөндөн кийин бир катар тыюулар колдонулат. Ага ылайык ымыркайды эч кимге көргөзбөйт, таразага тартпайт, жума күндөрү баланы киринтпейт. Төрөгөн келин жоолугунун маңдайына төөнөгүч (ийнелик) тагынып жүрөт. Төөнөгүч элдик ишенимдерге караганда эне-баланы жаман күчтөрдөн, көз тийүүдөн сактай турган касиетке ээ.

Баланын алты саны аман, саламаттыгы жакшы болуп эрезеге жетишин ар бир ата-эне тилейт. Дүйнө элдеринин ишенимдери наристенин ден соолугун чың сактоо үчүн аны жакшы багуу менен катар эле, айрым ырымдарды сактоого да байланыштуу келип чыккан. Бул изилдөөгө алынган аталган географиялык аймактын калкына да мүнөздүү. Маселен, Талас өрөөнүндөгү түрк улутунун өкүлдөрүндө салтка ылайык төрөлгөн ымыркайды барып көр-

бөйт, үйүндө жашагандардын бирин чакырып балага белек, кийим-кече берет. Алган нерсени үйгө алып келип бөлмөнүн полуна таштап, анын үстүнөн наристени “урба басылсын, сен оглым басылмасын” деп үч жолу бастырат [12].

Айылдаш эки түрк келин удаа төрөсө, алардын көзүн таңып, бир чыны сууну ичирип, андан кийин гана ал экөөнө бири-бирин көрүштүрүү ырымы жасалат. Бул ырымды аткаруу балдарды итий болуп калуу коркунучунан сактайт деген ишенимдин таасири менен аткарышат [10]. Дене-бою жагынан жакшы өнүксүн, чымыр болсун деген ой менен наристеге алып келинген жаңы кийимдин үстүнөн “кийим сени баспасын, сен кийимди бас” деп баланы үч жолу бастырат. Баланын жаткан бөлмөсүнүн эшигинин таманына темир чынжырды чоюп кагып коюшкан. Келинди караңгыга чыгарышпайт, атасынын шымын башына жаздап коюшат. Бул ырымдар баланы жин-шайтандардан коргоо максатында жасалат. Наристе келечекте жакшы адамдан болуп, узак карылыкка жетсин, коомдогу ээлеген орду жогору болсун деген тилекке умтулушкан. Аны ишке ашыруу үчүн кадыр-барктуу, өмүрү узак жашаган карыялардын дамбалдарынан сурап, жалаяк жасап пайдаланышкан. Мүнөзү жумшак, күйүмдүү болсун деп жоош балдардын кийимдерин кийгизишкен.

Төрөлгөндөн кийинки кырк күн баланын өмүрү үчүн өзгөчө кооптуу деп саналгандыктан, наристенин кыркын чыгарууга айрыкча маани берилген. Кыргыздарда баланын кыркын чыгарганда кырк күн күн-түнү менен же жыйырма күн күн-түнү менен эсептелинет. Салтка айланган бул ырым-жырымда кырк токочтун үстүнө анын каракчысы деп дагы бир токочту кошуп жасашат. Анын бирөөсүн энеси жейт да, калганын кичинекей балдарга таратып берет [9]. Кырк кашык жылуу сууга, кырк чымчым туз салып, баланын эч жерин калтырбай ар бир мүчөсүнө толук тийгизип чоң энелер кириптет. Ушул жерден баланы жуунтуп жатканда энеси оозуна сууну ууртап алып, баланын башынан ылдый куйган. Бул болсо бала менен эненин ортосундагы мээримдүүлүк байланышты бекемдеген ыкмалардын бири болгон. Баланын кыркын чыгаруу ырымы бекеринен эмес, анткени балага коюлган ысым менен наристе кырк күндө барып бири-бири менен толук айкалышып бүтөт экен. Б.а. бир бүтүндүк пайда болот деген ишенимге негизделген.

Кемегенин ичиндеги күлдүн астындагы күйүп калган кыпкызыл топуракты электен өткөзүп, кириптилген наристенин такымына, мойнуна сепкен. Бул азыркы күндөгү присыпка катары колдонулган.

Карын чачын элдин айтуусу боюнча “оозунда келмеси, башында селдеси бар” деп эсептелген адамга алдырышкан. Адатта баланын карын чачын алган мындай адамга кийит кийгизишкен. Кайрымдуу, тартиптүү болсун деген ырым менен биринчи карын чачын катып коёт [14]. Ал эми тырмагын мөмөлүү дарактай өсүп-өнсүн деген тилек менен дарактын түбүнө көмүп коюшкан.

Кириптте турган сууга тузду кошуу салты Борбордук Азиянын дээрлик бардык элдеринде кезигет. Мисалы, кыргыздарда бул татымды баланын эти бышык, денеси чымыр болсун үчүн колдонушкан [1: 110-б.]. Ал эми өзбектер тузду чымын-чиркейдин чагышынан сактоо жана наристенин денесине жара-жура чыкпасын деген максаттарда кошушкан [5: 112-б.]. Ошону менен бирге ар бир жердеги сууга салынган заттардын курамы жергиликтүү өзгөчөлүктөргө да ээ экендигин айта кетүү абзел. Андыктан бөбөктүн кыркын чыгаруудагы анын кырк кашык сууга жуундурулушунун өзүн атайын ритуал катары кароо керек. Сууга кошулган нерселердин курамы улуттук өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы: түркмөндөрдө буудайдын кырк даны, койдун кырк коргоолу, кырк таякча, жумуртканын кабыгы жана бир кесим чийки эт; өзбектерде дубалдан алган кесек, тыйын, жумуртканын кабыгы; казактарда күмүш тыйындар салынат.

Баланы жуунткан сууну “кийин көп балалуу болсун” деп ырымдап мөмөлүү дарактын түбүнө төккөн. Наристенин кыркын чыгарган күнү төрөлгөндө кийгизилген “ит көйнөгүн”

чечип, башка көйнөктү – баланын энеси коңшу үйлөрдү кыдырып, сурап алган кесинди маталарды курап тиккен “кырк көйнөктү” кийгизишкен. Улгайып калган эл арасындагы кадырлуу карыялардын эски кийимдеринин кесиндилеринен куралып тигилген көйнөктү адатта көп балалуу, урмат-сыйга татыган байбиче жакшы каалоо-тилектерди айтып кийгизген. Мында баланын өмүр жолундагы бул этап аркылуу муундардын ортосундагы гана эмес, өткөн доор, азыркы мезгил, келечектин ортосундагы байланышты байкайбыз. Бул ырымдын тартибине караганда, “кырк көйнөктү” балалуу болбой, балдары токтобой жүргөн аялдын баласына да кийгизишкен. Ошондой эле, небере, чөбөрөсүнүн ит көйнөгүн чоң энесинин, тайенесинин көзү өткөндө төшүнө жабылып, актыгы менен кошо оролуп кетсе, тиги дүйнөдөгү тозоктон куткарат деп ишенишкен [9]. Байкап тургандай, “кырк көйнөк” жакшылыктын жышаанын ыроолочу магиялык касиетке ээ мамилени талап кылган. Ошону менен катар эле аталган көйнөктөрдү алмаштыруу ритуалы баланын өсүү этабында кийинки тепкичке көтөрүлүүчү ырым болгон. Бул ырым-жырымдардан кийин наристени башка адамдардын келип көрүүсүнө тыюу салынган эмес.

Эгер баланын уйкусу алмашылып калса, кийимин тескери кийгизишкен. Наристе куса берсе кийиминин жакасын ылдый каратып жайган жана коңшусу же көчөдө бирөө суу көтөрүп келе жатса суусун төгүп, челегине жасаган май токочун салып, сүйлөбөстөн, аркасын карабастан үйүн карай качып кеткен [11]. Наристе чочуп ыйлай берсе, баткак жерди ат басканда туягынан чачыраган баткакты бешиктин алдына алып келип койгон. Ыргып кеткен баткактай баланын ыргып чочуганы басылган [13].

Түрк элинде наристе төрөлгөн үйдө кой союлбайт, эт турбайт. Эт алып келсе бала итий (рахит) болуп калат деп чочулашкан. Наристе арык (итий) болуп, бутуна тура албай калганда баланы “эт басып калды” деген ишенимде болушкан. Күн чыкканча этти жерге көмүп, баланы “эт сени баспасын, сен этти бас” деп үч күн, үч жолу көмүлгөн эттин үстүнөн бастырып эмдешкен [15]. Балага жаңыдан тиши чыгып, сүйлөй баштаганда сары майга мейиз кошуп басылган күрүч менен коңшуларына чай беришет. Алар “күрүчтөй көзү ток болсун, өмүрү майлуу-сүттүү болсун” деген тилектерди айтышып, наристеге жаркын келечек каалашкан. Түрк элинин ишеними боюнча эгиз төрөгөн аял өзгөчө күч- касиетке ээ болуп, ал бала-чаканы эмдеген. А тургай, эгиз төрөлгөндөрдүн бирине эмдеткен учурлар азыр да кездешет. Эгиздер культу жөнүндөгү маалымат кыргыз этнографиясында да кездешет. Колумбиядагы айрым урууларда эгиздер жаратылышка, айрыкча жамгырга же аба ырайына бийлик жүргүзө алышат деген ишеним кеңири тараган. Индей-цимшиандар шамал менен жамгырга: «Тынч ал, эгиздердин дем алуусу» деген дуба менен кайрылышат. Алар эгиздердин тилеги дайым аткарылат деп ишенишет. Андыктан эгиздерден коркушат: алар жаман көргөн кишисине зыян келтирип коюшу мүмкүн. Индей-квакиутлдардын ою боюнча эгиздер бала кезинде колунун кыймылы менен шамалды, жакшы же жаман аба ырайын чакыра алышат, ошондой эле чоң жыгач шалдыракты булгалап, ооруларды айыктыруу колдорунан келет [6: 80-81-б.].

Наристени бешикке бөлөөдө балага абдан жайлуу. Биринчиден, бала жылуу жатат, экинчиден, гигиеналык жактан таза болот. Илгери кыргыздар арчанын дарылык касиетин эч кандай илимий лабораториясыз эле билишип, анын түтүнү менен ар кандай жугуштуу оорулардын бактерияларын кубалоого жөндөмдүү экенин түшүнүшкөн. Совет мезгилиндеги идеологияга ылайык атеисттик көз караштан А.Жумагулов баланын бешиги туурасында: “медициналык илимдин далилдөөсү боюнча кыргыз бешиги баланын нормалдуу өсүшүнө зыян келтирет” [3: 66-б.] – деген калпыс пикирин берген. Биздин оюбузча, белгилүү илимпоз идеологиянын туткунунда калып, жогоруда келтирилген туура эмес ойду жарыялоого мажбур болсо керек. Баланы бешикке бөлөөдө аны коргоочу касиети бар ыйык пирдин ээлеген орду абдан жогору. Анын далили катары ырым үч жолу кайталанган төмөнкү сөздөр менен

коштолоорун айтсак болот. Көптү төрөгөн кадырлуу байбиче: “быссымылда, менин колум эмес Умай эне, Батма-Зууранын колу”, “Ак жолтой, жайлуу бешик бол”, “Бешик апасы бек карма”, “Умай эне уйку бер”- деп жакшы тилектерди айтып, баланы бешикке салат. Умай эне элдин түшүнүгүндө эненин, жаш балдардын колдоочусу катары кабылданган. Демек, кыргыз эли байыртадан бери баланы бешикке салуунун эрежесин жана андагы колдонулган ырым-жырымдарды муундун-муунга так колдонуп келген. Медициналык жактан алып караганда да, бала үчүн бешиктин төмөнкүдөй жакшы жактары бар экенин биз маектешкен адамдар белгилешет: бешикке жаткан баланын ден-соолугу чың болуп, анын денесинин түз өсүшүн да сактайт. Наристеге өтө ыңгайлуу болуп, анын жаткан жеринин кургактыгы, тазалыгы, жылуу-жумшактыгы менен айырмаланат.

Ал эми, кыргыздарда итий болгон баланы бир күнү тооктун ысык канына жана чий көбүгүнө, бир күнү уйдун сүтүнө жуунтуп, аны жети күн кайталайт [11]. Иттин өлгөн жерине үч шаршембиде үч жолудан оонатып коюу ырымы азыркы кезде деле жолугуп калат. Ошондой эле итий болуп ооруган баланы иттин ит аягына киринтип, өлгөн иттин куу башын матага ороп, баланын он эки мүчөсүнө тийгизүү ырымын жасаган. Итийди дарылоонун дагы бир ыкмасы катары кир самын, ийне жана койдун коргоолу менен эмдөө болгон. Мында бир килограммдай койдун коргоолун он эки мүчөсүнө тийгизип, үйдүн нымдуу жерине көмдүрөт. Коргоол нымдуулукка көпкөн сайын бала толо баштайт. Үйдүн ичинде кырк бир мыкка тумакка салып илет. Аябай өтүшүп кеткен итийди ак тоок, кара тоок менен эмдөө практикасы кызыгууну жаратат. Муздалган кара тооктун жылуу канын баланын он эки мүчөсүнө сүртөт да, тоокту киши баспаган ээн жерге көмөт. Ал эми муздалган ак тоокту баланын башынан айландырып, күн чыга электе агын сууга ыргытат. Караларын кара тоок менен жерге көмөт, ак тоокту “ак жалгасын”, “суудай өмүрү узун болсун” деп тилешет [14]. Кээ бир учурда мындай тооктун эти желгенин да кездештирүүгө болот. Анткени кайнатып бышыргандан чыккан тооктун чий көбүгүн да баланын бүт денесине сүртүлө турганын уктук [10].

Ушул сыяктуу көрүнүштөрдүн бири “жол түшүү”. Баланын башына “жол” (быжы) түшүп калса, суу кемесине түшкөн кишиге чачын алдырган. Эгер алдырбаса, баланын көзү кылый болуп калат деп ишенишкен. Өзбектерде бала хасип [7] болуп калса, кан кошулбаган быжы жасап, баланын башына түшкөн жолдун үстүнө коюп ченеп, быжыны кесип, үй ичиндегилер жеп коёт. Бул ырым азыркы учурда да Талас өрөөнүндө бир кыйла кеңири колдонулары байкалат. Наристенин чачын кайчы менен үч ирет бир кишиге алдырганын, ымыркайдын баш кийимине жем салып, эшекке жегизген ырымдын жасаларын информаторлор маалымдады.

Наристе төрөлгөндө ага барпы (кызамык, ветрянка ж.б.) оорусуна каршы алдын-ала эмдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал максатта супараны жазып, тактаны коёт да, анын үстүнө ун себет. “Умай эне, Батма-Зууранын жолу” деп ийри-буйру сызып, “баланча (баланын аты) тегирменге кетти” деп үч жолу баланы оонатып, тактадан ылдый тоголотот [9]. Белгилей кетчү нерсе, мусулман дининин таралышы менен Умай эне ыйыгы Батма -Зуура деген атты бирге колдонуу менен да чакырылган [1]. Ымыркайга терс таасир бербесин деген максатта айрым кадамдардан сактап, тыюу салуу практикасын колдонуп келишкен. Андай тыюуларга тили чыга элек баланы күзгүгө көргөзбөйт [14], жыйылган жүктүн үстүнө отургузбайт, себеби тили кеч чыгат [13]; буту баса элек баланын таманын кытыгылабайт, өппөйт, чоңойгондо жалкоо болуп калат [9] деген ишенимдер кирет. Жаңы төрөлгөн ымыркай үйгө чыгарылып келгенде кичинекей бир туугандарына анын бетин көргөзбөй, биринчи таманын көргөзөт [7]. Бул колдонулуп келе жаткан ырым бир туугандар кийин бири-бирине эрегишпей, кызганчаак болбой [11] чоңойсун деген ниет менен жасалат. Түлкүнү атып же чаап алган учурларда, анын терисин сыйрып жатып, тумшугунун учундагы сыйда кара терисин кесип алып, баланын колтугуна тагып койсо, эч нерсени унутпаган, көргөнүн эсинен чыгарбаган

эси бекем адам болот экен. Бул маалымат информаторлордон сырткары элдик оозеки чыгармалардын топтомун камтыган «Эл адабиятынын» томдуктарынын биринде да кезигет. Дал ушундай эле касиетке сүмөлөккө салынган ташты же тыйынды кичинекей балага тагып коюу ырымы да ээ, себеби ал балага көз тийүүдөн жана назарлагандан сактайт деген ишеним өзбектерде орун алат. Наристенин желкесинен өпсө мээримсиз болуп калат, чынынын түбүндөгү чайларды чогултуп ичирсе тили эрте чыгат деген ишенимдеги ырымдар да жасалат.

Наристе көз тийип назарлап, киринелеп калганда “тузар” деп эмдешкен. Мында чөйчөккө күл салып, үч чымчым туз, үч чымчым ун, арча же адырашман, сары май салып, үстүнөн майлык менен жаап, баланын он эки мүчөсүнө үч жолу тийгизет. Эмдеп бүткөндөн кийин үч чымчып коломтого салат. Чөйчөктөгү күл эңшерилип оюлуп калса же катуу болсо кирине чыккан жок деп кайра эмдешкен. Наристенин “эмгеги” бөксөрүп калса, коргошун куюп эмдеген. Эртең менен эрте күн чыга электе жана күн кызарып батканда эмдеген жакшы натыйжа берет деп эсептешкен. Анткени баткан күн жана түн менен кошо кетет деп ишенишкен. Эгер куйган коргошун майдаланып кетсе “кирине чыккан жок”, коргошун тоголок болуп калса “кирине чыкты” деп коргошунду баланын бир жерине тагып койгон. Кичине балдар “басма” оорусу менен көп ооруган. Бул оору азыркы медицинада ангина деп аталат. Тамактын сезгенишине байланыштуу мындай ооруну дарылоо максатында баланын оозун чоң ачтырып, баш бармагына көө же сары май сыйпап, аны менен кызарган тамагына басып эмдеген.

Ошентип, ар улуттагы элдердин маданиятында орун алган наристени оору-сыркоодон сактоого байланышкан ырым-жырымдарды, тыюуларды иликтөөнүн натыйжасында айрым жалпылыктар менен катар эле айырмачылыктар бар экендиги байкалат. Ошондой эле анадай ырым-жырымдарга этномаданий карым-катнаштардын тийгизген таасирин жана илимдин, медицинанын өнүгүшүнө байланыштуу өзгөрүүлөрдүн киргенин көрөбүз. Бирок муундан-муунга уланып келе жаткан элдик ишенимдердин, үрп-адаттардын азыркы күндө дагы кеңири колдонулуп келе жатышы, алардын элдик маданияттын ажырагыс бөлүгү экендигин айгинелеп турат.

Пайдаланылган адабияттар

1. Абрамзон, С.М. Рождение и детство киргизского ребенка // Сборник музея антропологии и этнографии. – М.; Л., 1949. – Т. 12. – С.78 – 138.
2. Гафуров, А.Г. Имя и история: Об именах арабов, персов, таджиков и тюрков. – М.: Наука, 1987. – 220 с.
3. Жумагулов, А. Советтик кыргыз үй – бүлөсү. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962. –114б.
4. Мурзакметов, А.К. Кыргыз ырым-жырымдары. - Ош, 2005. –110б.
5. Троицкая, А.Л. Рождение и первые годы ребенка у таджиков долины Заравшан. // Сов. этнография. – 1935. – № 6. – С. 109-135.
6. Фрезер, Дж. Дж. Золотая ветвь: исследование магии и религии. - М.: Политиздат, 1980. – 831 с.

Маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси

1. Абдразакова Махида, 56 жашта, Манас району, Үч-Коргон айылы.
2. Акматалиева Нуркыз, 48 жашта, Кара-Буура району, Арчагул айылы.
3. Байгобулова Жаңыл, 75 жашта, Кара-Буура району, Арчагул айылы.
4. Бешли оглы Инаят, 95 жашта, Манас району, Ново-Донецск айылы.
5. Мамырбаева Анарбу, 97 жашта, Кара-Буура району, Арчагул айылы.
6. Сулайманов Чило, 70 жашта, Манас району, Ново-Донецск.
7. Сүйүналиева Гүлбайра, 48 жашта, Талас району, Кырк-Казык айылы.
8. Тургунбаева Самара, 51 жашта, Кара-Буура району.
9. Чауш оглы Асифер, 91 жашта, Кара-Буура району, Аманбаев айылы.

УДК 93/94

РАЗВИТИЕ ИСТОРИЧЕСКОЙ МЫСЛИ О. КАРАЕВА В ИССЛЕДОВАНИЯХ АНГЛОЯЗЫЧНЫХ УЧЕНЫХ СОВРЕМЕННОСТИ

Фукалов И.А.[1]
[1]Французский институт исследований Центральной Азии (IFEAC), г. Бишкек, Кыргызстан

Аннотация

В данной статье автор изучает дискуссионные вопросы истории Караханидского государства, отраженные в работах англоязычных и турецких ученых за последние тридцать лет. Здесь представлен анализ трудов исследователей из таких стран как США, Израиль, Турция, Германия и Великобритания, основывающих свои утверждения на арабских и китайских первоисточниках.

Ключевые слова: Караханиды, зарубежная историография, внешняя политика, тюрки, взаимоотношения.

АЗЫРКЫ АНГЛИС ТИЛДҮҮ ОКУМУШТУУЛАРДЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ Ө.КАРАЕВДИН ТАРЫХЫЙ ОЙЛОРУНУН ӨНҮГҮҮСҮ

Фукалов И.А.[1]
[1]Француз Борбор Азия изилдөө институту (IFEAC), Бишкек ш., Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада автор акыркы отуз жылдагы англис тилдүү жана түрк окумуштууларынын эмгектеринде чагылдырылган Караханиддер мамлекетинин тарыхынын талаштуу маселелерин изилдейт. Бул жерде АКШ, Израил, Түркия, Германия жана Улуу Британия сыяктуу өлкөлөрдүн изилдөөчүлөрүнүн изилдөөлөрүнүн анализи, алардын дооматтарын араб жана кытайлык баштапкы булактарга негиздеген.

Ачкыч сөздөр: Караханиддер, тышкы тарыхнаама, тышкы саясат, түрктөр, мамилелер.

DEVELOPMENT OF HISTORICAL THOUGHT OF O. KARAYEV IN THE RESEARCH OF ENGLISH-SPEAKING SCIENTISTS OF PRESENT

Fukalov I.A.[1]
[1]French Institute for Central Asian Studies (IFEAC), Bishkek city, Kyrgyzstan

Abstract

In this article, the author studies the controversial issues of the history of the Karakhanid state, reflected in the works of English-speaking and Turkish scholars over the past thirty years. Here is an analysis of the writings of researchers from countries such as the United States, Israel, Turkey, Germany, and the United Kingdom, basing their claims on medieval Arabic and Chinese sources.

Keywords: Karakhanids, foreign historiography, foreign policy, Turks, relationships.

Важнейшим вкладом Омуркула Караева стали исследования происхождения династии Караханидов от племени чигил, которую начал еще В.Бартольд, изучение титулатуры Караханидских каганов, параллельно с трудами О. Прицака. О.Караевым был изучен широкий пласт научной литературы, позволивший дать четкую оценку в востоковедении по поводу создания ранних тюркских мусульманских государств на территории Средней Азии, им же подробно рассмотрены свидетельства мусульманских источников о кыргызах X-XII вв., помещавших их земли по соседству с турфанскими уйгурами, вдоль северных и западных границ, владений уйгурских идикутов, к востоку от земель карлуков и ягма, к северу от чигилей и к югу от кимаков. Он фактически одним из первых признал отсутствие манихей-

ских и христианских влияний на власть в Средней Азии в дочингизидскую эпоху. В своих исследованиях по государствам Чагатая и Хайду-хана, О. Караев дал подробное изложение устройства и историю становления дотимуридских государств в XIII-XIV веках и их влияние на становление этносов узбеков, кыргызов и казахов

История Караханидского государства является малоизученной темой и в отечественной, и в зарубежной историографии. Недостаток источников, отсутствие протокольных документов государственного аппарата служат главными причинами нехватки исследовательского материала. Зарубежные исследователи рассматривают Караханидское государство с разных аспектов, в том числе, как и участника международных отношений. Политика, экономика, социальные отношения и культура являются составляющими элементами изучения истории государства. Эти показатели определяют уровень его развития и характер внешних связей. Вопросы, рассмотренные зарубежными исследователями охватывают, в первую очередь, проблемы о происхождении и основателе Караханидского государства, о политическом устройстве, об их роли в распространении ислама, об отношениях с другими мусульманскими странами, об отношениях с китаеязычными странами, о предметах торговли на Шелковом пути и их значении для правителей стран Центральной Азии и Китая, о дипломатических визитах и матримониальных связях. О проблеме происхождения Караханидов и образовании Караханидского государства, о государственной структуре написано немало работ. В работе “Введение в историю тюрков” [1] американский ученый Питер Голден рассматривает историю тюркских народов, начиная с древнейших времен до Нового времени. Согласно автору Саманиды и Газневиды стояли в приоритете во внешней политике Караханидов. И при этом автор отмечает, что Караханиды как государство сформировались именно во время конфликтов с Газневидами и борьбе с Саманидами за оседлые территории. В работе “Тюркский мир у Махмуда Кашгари” [2] в отличие от предыдущей работы Питер Голден пишет о происхождении, о территории обитания, о титулах и именах правителей тюрков, отраженных в книге Махмуда Кашгари “Диван лугат ат-Турк”. Автор не скрывает своего удивления тому, что Махмуд Кашгари больше фокусировался на Караханидах, нежели на Сельджукидах. По мнению Голдена, Кашгари, даже когда Караханиды находились в подданстве у Сельджуков и Аббасидский халифат был под контролем Сельджукской военной элиты, считал тюрков не пришлым народом, а древней частью иранского, а затем ирано-мусульманского мира. Питер Голден считает, что да, тюрки были своего рода “чужаками” на этой территории, но “чужаками”, имеющими историю долгих связей, уходящими корнями в древность.

Израильский ученый Михаль Биран в разделе под названием “Илакханиды” [3], опубликованном в иранской энциклопедии, дает очень детальный и при этом небольшой анализ истории Караханидов. Автор также касается главной темы социальной истории Караханидов об отношениях кочевого и оседлого обществ, подчеркивая, что у них были симбиотические отношения. Здесь также рассматриваются отношения Караханидов с такими государствами как Северный Сун, с киданьским Ляо, с тангутским СиСя и чжурчженьским государством Цзинь. Эдмунд Босворт в своей работе “Степные народы в исламском мире” [4] рассматривает историю Газневидов, Сельджуков и Караханидов. Сравнивая процесс их становления, развития и упадка как государства, автор рассматривает их взаимоотношения, которые были неизбежны первоначально из-за общего “наследства”, доставшегося от Саманидов. Согласно Босворту, государственное устройство Газневидов и Караханидов значительно отличались. Караханские ханы никогда не пытались превратить контролируемые ими земли в какое-либо унитарное государство, не говоря уже об иерархическом государстве, управляемом военной элитой, как это делали их соседи Газневиды. Еще одно исследование, рассматривающее Караханидов как династию, изменившую историю Центральной

Чынында, Алыкулдун 1945- жылы жарык көргөн “Махабат” жыйнагы жалаң гана анын поэзиясы эмес, ошол кездеги жалпы кыргыз поэзиясындагы жаңы бурулуштун башталышын айкындаган жыйнак болчу. Жыйнактын поэтикалык күчү, жаңы табылгалары жөнүндө оң пикирлер менен бирге адилетсиз бир беткей тескери пикирлер да ал кезде басма сөздөн орун алган. Алыкулга саясий айып коюуга чейин барган ушул зыяндуу сындардын эч бирине басынып калбастан, өзү түшкөн поэтикалык жаңы жолдон тайбай, күчтүү дем менен “Махабаттан” кийин 3 жаңы ырлар, поэмалар жыйнагын жарыялады. Сан жагынан өтө эле аз, жупуну көрүнгөн ушул 3-4 жыйнак менен эле ал кыргыз поэзиясында жаңычыл акын катары орун тапты. Бирок акындын “Махабат”, андан соң чыккан 3 ырлар жыйнагы да анын көзүнүн тирүүсүндө бири да изилденген жок. Акын дүйнөдөн кайткандан 3-4 жыл соң гана оозго алынып, акындын поэзиясы 50-70-жылдары жазылган бир катар эмгектерде өзүнүн толук татыктуу баасын алды.

Алыкул өзүнүн “Жазуучулук баянында” [5: 25] “1945-жыл менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармачылыгымдын бышып жетилген мезгили деп ойлоймун” – деп жазган [2: 214] .

Бул жыйнакта ал эң биринчиден өзүн ойчул акын катары тааныта алды. Мындайча айтканда, жаңы темаларды табуу жагынан ал белсемдүү кадам шилтеди. Эл, жер, Ата Журт, согуш, өмүр, өлүм, турмуш, коом, адам, мезгил, эмгек, сүйүү, пейзаж, поэзия, акын сыяктуу масштабдуу темаларды чыныгы акындык дем менен иштеп бере алды. Т.а. көп иштелген эски теманы мурдагыдай кайталап койбой, эски темага өзүнүн жаңы көз карашын, ой-пикирин кошуп, аны өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөр, көркөм каражаттар, менен байыта алуусу акындын жаңычылдыгы эле.

Мисалы, анын “Түп суусу” деген ырында лирикалык каарман Канымгүл деген сүйгөнү үчүн чоң суунун аркы өйүзүнү кечип өтүп, ошол кыз иштеген колхозго кирип, сүйгөнүнө эмгектен көрүнмөк болуп бараткан экен.

Бар болгону 5 куплет бул чакан ырга ушул окуя сыйдырылган. Чыгармада адамдын бир учурдагы психологиялык абалы эмес, анын турмуштук максаты, эртеңки келечеги да камтылган [2: 215].

А. Осмонов жогоруда белгиленген сыяктуу ырларында чындыкты чагылдыруунун өзүнчө бир көркөм концепциясын жана ошондой эле сюжеттүү кыска ырлардын атайын кубаттуу системасын иштеп чыккан.

Албетте, мында акын көркөм сюжеттин элементтерин ыктуу колдонуп жетишкен. Мына ошол себептүү орустун улуу сынчысы Н.А.Добролюбов өз учурунда кичинекей ырдан эпикалык сюжетти көрүүгө өтө кызыккан [2: 215]. Мындай чеберчилик “Махабат” жыйнагындагы “Каркыра”, “Бүкөн”, “Отуз жаш”, “Алданба” ж.б.у.с. ырларында көрүнөт.

Көркөм ойлоонун, дүйнөнү көркөм кабылдоонун индивидуалдуу концепциясынын түзүлгөндүгүн айкындаган “Махабат” ырлар жыйнагынан кийин чыккан “Жаңы ырлар” (1947), “Менин жерим-ырдын жери“, “Жаңы ырлар” (1949) жыйнагындагы ыр китептеринде автордун поэтикалык ырлары улам тереңдеп, көркөм дүйнөсү улам байып, жаңыланып жазылган көпчүлүк ырларында көркөм сюжеттин элементтеринен тышкары жаңы ыкмаларды, жаңы композициялык түзүлүштөрдү таап колдонууга аракеттенген. Мына ушунун өзү Алыкулдун сюжеттүү ырларынын жаңылыгын арттырган өзгөчөлүк эле.

Согуштан кийнки мезгилдеги башка акындардын чыгармаларына Алыкулдукун салыштырсак, анын чыгармаларында турмуш чындыгы таамай жана ишенимдүү сүрөттөлгөндүгүн көрөбүз. Анын артыкчылыгы жаңы темаларды табууга көп күч жумшап, м.с. мурда белгилүү темага кайрылган күндө да, анын жаңыча тараптарын ачып жетишти. Ал согуштан кийинки өзүнүн поэзиясында маляр, плотник, мүнүшкөр, почтальон, корукчу, башкарма, жылкычы, коончу, бригадир, ударник, сугатчы, буудай сапырчу ж.б.у.с. кесип ээлерин башкы каарман кылып киргизди. Чынын айтуу керек мынчалык көп кесип ээлери биздин поэ-

зиябызда али чагылдырылган эмес болчу. Экинчиден, Алыкул түз эле колхоздогу ар кыл эмгек процессинин көрүнүштөрүн күүгө салып, алардын ички өзгөчөлүктөрүн, маңызы менен кооздугун ачып көрсөттү. М: “Бээ саамай”, “Жүзүм алуу”, “Буудай сапыруу”, “Алма жыйноо”, “Суу келатат” ж.б. – бул ырлардын аталышынан эле эмгектин кайнаган учурун көз алдыга келтирип жатат [2: 218].

Алыкул Осмонов бир ырын жаңы мазмунда жазууга аракет кылганда, ошол жаңы ырынын мазмунуна ылайык жаңы форманы (жаңы көркөм ыкмаларды, композициялык түзүлүштөрдү, строфалык бирдиктерди, көркөм каражаттарды, сюжеттик элементтерди ж.б.) таап, бийик идеялык көркөмдүк деңгээлдеги бир бүтүн чыгарманы жаратуу үчүн күрөшкөн, ал үчүн, албетте, көп изденген. Мисалы, ал “Ташчылар”, “Устанын сөзү”, “Эмгегиң”, “Кызыл жүк” өндүү көптөгөн ырларынын композицияларын эмгектин ритмине ылайык, болгондо да ар кыл эмгектин өзгөчөлүгүн элестетүү менен түзгөн. Ырларынын бир катарларында колхозчулардын түшүнүктөрүн, көз караштарын, психологиялык жагдайларын, алардын сөз сүйлөө, ой-жүгүртүү, баскан-турганына чейин камтып көрсөтүүгө үлгүргөн.

М: “Жаңылуу” деген ырында акын Кийизбай аттуу чалдын торпогуна орусча ат коюп алып чакырганын сүрөттөйт. Малга ат коюп чакыруу мурда кыргыздарда көп болгон эмес. Бул кыргыз турмушуна орус айылдарынын таасири менен кире баштаган жаңылык. Кийизбай карынын аки-чүкү менен иши эмне, торпокко ат коюп алып Зоя деп чакыра баштайт. Мунун укканда, айрыкча орус кошуналар боорун тырмап күлүшөт, атүгүл эркектердин атынан коюп алыңыз деп кеңеш айтышат, бирок:

Кабыл көрбөй жогоркудай сөз оңун,
Биздин ата өз кылганын жактырат,
Дөңдөн туруп эркек кашка торпогун,
-Зоя! Зоя! Зоинкалап чакырат [2: 219].

Мында көрүнүп тургандай, автор карапайым колхозчулардын түшүнүгүн, алардын аң сезиминдеги болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көз алдыга келтирип, алардын өз сөздөрүн ырдын композициясын түзө турган зарыл компонент катары пайдаланып жатат. Ушундай эле ыкманы акын “Турсун сакчы”, “Парторг келет райондон”, “Жибек кийген эрке кыз”, “Уйдун тили”, “Ай балажан, балажан”, “Бээ саамай”, “Алма жыйноо” сыяктуу ырларында кылдат колдонгон.

Алыкул Осмонов ырларынын идеялык-эстетикалык таасирдүүлүгүн арттыруу максатында образдуу сөздөрдүн жаңы курулмаларын, сөз айкаштарын, сөздөрдүн жаңы өтмө маанилерин ыктуу колдоно алган.Бул жагынан ал сөз кадырын билген чоң чебер экендигин көрсөткөн. М:“Жарым ууртам”, “Жарым кашык” деген сөздөр кыргыз тилинде тамак жаатына байланыштуу гана колдонулуп келгендиги белгилүү. Алыкул “Музыка” деген ырында бул сөздөрдү жаңы мааниде колдонгон:

Мен ыйлабайм капа тартып турганда,
Мен кубанбайм бак-дөөлөткө тунганда,
Даарым ушу кайгы жана шаттыкка
Берчи мага,
Берчи мага
Жарым ууртам музыка! [2: 219].

Мында акын бири-бири менен семантикалык байланышы жок “жарым ууртам” жана “музыка” деген эки сөздү поэтикалык тил менен данакерлештирип, жаңы өтмө маанидеги сөздүк курулманы тапты. Мындай аракет Алыкулдун көптөгөн чыгармаларында кездешет. Алсак, “Бир кап шамал карыз алып келейин”, “Жүзүм айы бир өпкөн соң кучактап”, “Жарым кашык дарыямдын түбүнө” ж.б. өндүү образдуу курулмалардын ар бири ырга канат

бүткөрүп, идеялык-эстетикалык тереңдигин арттырып, поэтикалык ырдын таасирдүүлүгүн күчөтүп турат.

Акындын поэзиясында эң мыкты иштелген, өзүнчө бир поэтикалык ажайып кооз дүйнөгө айланган пейзаждык лирикалар кеңири орун алган. Алардын ичинен Ысык-Көлдүн элеси өзүнчө бир көркөм ачылыштардын деңгээлине жеткен. “Ысык-Көл”, “Кыргыз көлү”, “Ысык-Көл – Нева суунун сүйгөн жары”, “Көлүмө”, “Ысык-Көлдө төрт мезгил”, “Жаныбарым Ысык-Көл”, “Көл ата”, “Мен көлүмө келгенде”, “Көлдүн кечки көрүнүшү ” – мына ушул бир эле темадагы ырларды окуп отуруп, алардын мазмундук, көркөмдүк жагынан бири-бирине окшобогонуна суктанасың, алардын ар бири өзүнчө көркөм дүйнө экендигине кубанасың.”... Ысык-Көл цикли – бул улуу акындын өзү туулуп өскөн жердин кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси жөнүндөгү ой толгоолору, сар санаасы, кыял-тилеги (К. Асаналиев). ”

Мындан сырткары анын кыргыз Ала-Тоосу, Фрунзе шаары ж.гү жана”Кыргызстан”, “Ат-Башы”, “Нарын дайра” ырлары далил.

Акындын жүрөгүндө жана поэзиясында чоң орунду ээлеген негизги маселе бар эле. Бул – акын, поэзия жана алардын коомдогу ролу жөнүндөгү маселе. А. Осмонов “Каламга” деген ырында поэзияны: ...өрт аралап бараткан сен доорумдун танка минген солдаты” – деп аныктайт. Демек, акындын түшүнүгүндө поэзия коомдун ак кызматын аткаруучу эң активдүү күч. Поэзиянын коом алдындагы ушул бийик жоопкечилигин сезген акын : “Кудайга миң мертебе калп айтсам да, ырыма бир мертебе калп айталбайм” – деп анын ак ниет, чынчыл болушу зарыл экендигин билдирген.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да,сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм да жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.
(“Эскерме”) [2: 220].
Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да,
Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар.
(“Менин күнүм”) [2: 221].
Бул турмушка мен да изимди калтырдым,
Кичинекей, кудум шайтан изиндей.
(“Бул турмушта”) [2: 221].

Көркөм сөздүн чыныгы устаттары, чоң таланттуу адамдар байыртан өздөрү баалап, эмгектеринин жашап калышына көздөрү жетип, ишенимин билдирген экен. Алыкулдун чыгармалары анын көзү өткөндөн кийин бааланса дагы, жогорку ырларында көрүнгөндөй, ал өз чыгармаларына өз баасын мурда эле берип койгон.

Пайдаланылган адабияттар

1. Алыкул Осмонов. Чыгармалар жыйнагы. 1-том. 1964-ж.-365 .
2. Качкынбай Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / Качкынбай Артыкбаев. – Б.: «Турар» 2015 – 656 б.
3. Классикалык изилдөөлөр жана тексттер [Текст] / Түзгөндөр: М. Көлбаева, А. Карыпбекова. - Б.: «Принт экспресс» 2019 – 508б.
4. Асаналиев К. Өрдөн өргө.-Ф.:Кыргызстан 1977, 90 б.
5. Алыкул Осмонов. Тандалган чыгармалар. 1- том.-Б.:Салам, 2014.-596.

УДК 393+82-1/-9

Ч. АЙТМАТОВДУН «ГҮЛАРАТ» ПОВЕСТИНДЕ УЛУТТУК КААДА-САЛТТАРДЫН БЕРИЛИШИ

Шерипбаев А.Р.[1]
[1]Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

Аннотация

Макалада "Гүлсарат" повестинде автордун "улуттук «орнаментти» шөкөттөөнү" максат кылбагандыгына карабастан, улуттук каада-салттарды, жөрөлгөлөрдү өзгөчө көркөм сүрөттөөгө алгандыгын ачып берүүгө аракет жасалды.

Ачкыч сөздөр: жаңы көркөм бийиктик, повесть, улуттук орнамент, улуттук оюндар, улуттук каада-салт, жөрөлгө, көчмөн цивилизация, кыргыз адабияты

ПЕРЕДАЧА НАЦИОНАЛЬНЫХ ТРАДИЦИЙ В ПОВЕСТЕ Ч. АЙТМАТОВА "ГУЛЬСАРАТ"

Шерипбаев А.Р.[1]
[1]Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызстан

Аннотация

В статье раскрывается художественное описание национальных традиций и обрядов в повести "Гульсарат", не смотря на отсутствие цели автором создать национальный "орнамент".

Ключевые слова: новая художественная высота, повесть, национальный орнамент, национальные игры, национальная традиция, кочевая цивилизация, кыргызская литература.

CHYNGYZ AITMATOV'S STORY OF GULSARAT GIVEN A NATIONAL TRADITIONS

Sheripbaev A.R.
[1]Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

Annotation

The article reveals to depict a national traditions, rituals artistically, despite the author's lack of purpose of creating a national « ornament».

Key words: new artistic height, story, national ornament, national games, national tradition, nomadic civilization, Kyrgyz literature.

Москвадан орус тилинде 1966-жылы басмадан чыккан «Гүлсарат» повести Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын дагы бир бийик сереси катары адабий коомчулуктун, карапайым окурмандардын да купулуна толгондугу белгилүү. Бул повесть чындыгында автордун чыгармачылыгындагы жаңы бийиктик, "жаңы тилке" катары кабылданды. Бул чыгарма тууралуу ой айтардан мурун автордук комментарийге кайрылып көрөлү. Жазуучу өзүнүн повести туурасында мындай дейт: «Гүлсарат» повести бир чети эң чоң чыгармачылык канагат алып келсе, бир чети аябагандай машакат-азап чектирди десем болор… Бул повестте азыркы улуттук турмуштун картинасын сүрөттөй алдым деп ойлойм, ал ошон үчүн мага кымбат. Мен анда **улуттук «орнаментти» шөкөттөөнү эмес,** улуттук чындыктын маанилүү

проблемаларын чагылдырууну, социалдык, карама-каршылыктардын маңызын иликтөөнү максат кылдым [1:53].

Мында автор эч кандай улуттук "орнаментти" шөкөттөгөн эмесмин дегенин, анын үстүнө автордун такай орус тилинде жазууга өтүшү да ушул чыгармадан башталганын эске алсак, бул повесттеги автордук баяндоолор, сүрөттөөлөр улуттук каада-салтты баяндоодон алыс болуш керек эле. Бирок, биздин баамыбызда чыгарманын өнүгүүсү такыр башка нукка кеткен. Балким, ошол мезгилдеги коммунисттик идеологиядан этият болуу максатын көздөгөндүр.

"Чоң саздагы адам менен аттын көптүгүнө Гүлсарынын башы айланды, күрү-гүү. Кызыл-тазыл жоолуктар кылактап, алоолонгон кызыл желектер кылкылдап, ак элечектер кыркаар тизилип, өзөн бою көз уялтат, асман асты азан-казан. Үзөңгүлөр шыңгырап, күмүш чапкан көмөлдүрүктөр жаркылдап, аттар да жасалган.

Чабандестер минген аттар сапка сыйбай тыбырчылап, жер чапчып, тизгиндерин жулка тартат. Мааракени башкарган аксакалдар аттарын таскактатып, жорго салдырып, ары-бери жүрүш кылат...

Жалаң баштарына бир байлам жоолукту чарт түйгөн чабандестер кыркаар турган калың катардын алдында алакан жая ээрчий бастырды. "Оомийин!" деген деми күчтүү бата сөз казганактаган элдин бу четинен тиги четине дуу этти да, жүздөгөн кол бет сылап, сакалга аккан суудай төгүлдү. [2:58]

Мындан бир туруп, тарыхы миң жылды карыткан "Манас" эпопеясындагы "Көкөтөйдүн ашынын" бир элеси келсе, бир туруп өткөн көчмөн доордогу аш-тойлордун, көчмөн цивилизациясынын этнографиялык элестери көзгө даана элестесе, бир туруп ушул күндөргө жетип келген ата-бабаларыбыздан калган эрендердин эр оюну, улуттук оюндарыбыздын кайталангыс шаан-шөкөтү кудум азыр болуп жаткандай көз алдыбызга тартылат.

"Казактар алдын тороп беттеше келерде, Танабай Гүлсарыны дагы чукул буруп кетти да, кайрып учкан куштай кууган топту четтете кайрып салды. Куугунчулар улам такымдай берерде, тизгинге элпек Гүлсары улам ойт берип тапатандан бурулуп, ойкуп-кайкып, кууган атты куйрук улаш жолотподу. Жоргосуна ыраазы болгон Танабай: "Жарайсың, жан жолдошум, ыраазымын!" – деп жалынып баратты.

Жан-жактан камалган курчоодон түлкүчө мант берип, мышыкча жерге жапырыла чуркап, кутулуп чыккан соң Гүлсары көшүлүп тике жөнөдү...

Оюндан от чыгат, бирок жообу жок. Тобокелчилик менен эрдик бир энеден жаралган эмеспи...О, эсил кайран ата-баба салтыңан!.." [2: 68] Жоокерчилик менен көчмөн турмушта жашоо кечирген кыргыз эли үчүн улуттук оюндары кан-жаны менен аралаш, тагдырлаш болгондугун мындан ашыкча сүрөттөө мүмкүн эмес жана бул жандуу сүрөттөөнү эмоциясыз окууга да мүмкүн эмес.

Кыргыз элинин «Манас» баштаган, «Семетей», «Сейтек», «Эр Табылды», «Курманбек» ж.б. баатырдык эпосторунда айтуучулар кол башчылар менен эле бирге алардын атактуу тулпарларын чоң сүймөнчүк менен сүрөттөшөт. Манастын айтылуу Аккуласы эпосто баатыр менен бир күндө туулат, анын ар дайым ишенимдүү досу, кармаштарда арка-жөлөк болуп, эчен курдай ажалдан сактап калат. Кыргыз эпосторунда күлүк аттын маанилүүлүгүн, айрым учурда, баатырдын жеңилиши менен байланыштырышат. Кара ниет атасы Тейитбек Телтору атын бербей коюп, Курманбек баатыр катуу жараланып, арман кылат .

Повесть тууралуу белгилүү профессор К.Асаналиев мындай дейт: "... кадыресе тиричилик-турмуштун этнографиялык жасалгаларын сүрөттөөдөн улуттун терең социалдык драмасын, жалпы адамзаттын философиялык маңызын ачуу зарылдыгын жазуучу түшүндү."

...Танабай Чоронун үйүн көздөй нарытан бастырып келаткан топ атчанды көрдү.

-Ойбай, баурым – ай!

“Казактар келген экен”, – деди ичинен Танабай.

Күркүрөө суусунун өйүзүндөгү казактар Чорону өз тууганындай көрүп, жалпы аймакка кадырлуу киши экенин урматтап, казасына кайгырып, суу кечип, эртелей жетип келген тура.

“Ракмат силерге, казак туугандар, – деди ичинен Танабай. – Ата-бабабыздан бери кайгырсак кайгыбыз орток, кубансак кубанчыбыз орток, мааракe тойдо байге-жарыш, көк бөрүбүз орток. Ыйлагыла, туугандар! Чородон айрылган биз менен бирге ыйлагыла!”

Ошентти да Танабай таңга маалкы айыл ичин жаңыртып, боздоп өкүрүк салды:

-Эсил , кайран бир боорум-оой! Эми кайдан көрөйүн! Боорум-оой! Оой! Ат үстүндө теңселип, дүйнөдөн көзү өтүп кеткен жан досун жоктоп, Танабайдын бели бүгүлүп, кабыргасы сөгүлүп, көзүнөн жашы төгүлдү.

Мына короо жайы, мына эл. Тигине байлануу турган Гүлсары. Кара жабуу жаап коюптур. Карага кар жаап, эрип кетип жатыры. Ээсиз калган эсил жорго. **Кара жамынган кайран жорго, эми ушинтип тул турмак!** [2: 216-217]

Кыргыз эли миңдеген жылдар бою көчмөн жашоодо турмуш кечирип, көп жолу азаттык үчүн согуштук иш-аракеттерди өткөрүп, өздөрүнө ылайык каада-салт күткөн. Илгертен баатырлар каза болуп калса, анын атына кара жаап, аса байлап ээси үчүн “жан бирге” (Бул мезгилде Гүлсарыны Чоро минип калган) жолдошу үчүн азанын белги-символикасы катары калыптанган.

“Саманчынын жолу” повестинде да Касым согушка жөнөй турган болгондо, атасы Субанкул шашылыш түрдө өздөрүнүн сары жоргосун жылкыдан кармап келет. “Окшогон жорго эле. Айылдагы кыз-келиндердин: “Астыңдагы сар жорго, салдырасың жол-жолго”, – дегендери ошол эмеспи. Уулу аскерге жөнөп жатканда, бир күн болсо да, жоргосун минип калсын десе керек атасы. ...Эртеси кечке **жайдакталган сары жоргону** арабасынын артына коштоп, Жайнак станциядан алып келди” [2: 35-37].

Мисалдан белгилүү болгондой, бул жерде Субанкулдун шашылыш түрдө жайлоодон сары жоргону кармап келиши бекеринен эмес, тээ жоокерчилик замандардан бери эле кыргыз салтында жоого жоонукундай сүр болуш керек, баатырга ылайык курал-жарак жана эң башкысы жоого ылайык күчтүү ат болуш керек. Экинчи дагы бир маселе, жоргонун түсүндө да бир белги-символика бар, кыргыз тилинде жылкыны сары деп атабайт, жээрде же башкача аталышы керек эле. Себеби айрым аймактарда сары түс да жакшылыктын жышааны катары эсептелбейт, ошондуктан жолу болбогон адамдардын сапарын “сары аяк” деп коюшат. Негизгиси, “**жайдакталган сары жоргону** арабасынын артына коштоп, Жайнактын станциядан алып келиши” да жакшы жышаан-белги эмес, илгертен жоодон жарадар же кайтыш болгон учурда, баатырдын атынын басмайылы үзүлүп жайдак, башында жүгөнү менен кишинеп, тиги же бу кырдан ээсин жоктоп окуранып, өз үйүрүнө кайтып келиши менен ассоциялап, жоокердин согуштан кайтпай калышын кыйытууда . Ошондуктан айтылуу акын А.Осмонов да “Отуз жаш” аттуу ырында: “Кечээ гана тиги кырда жок эле, кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш”, – деп өмүрдүн кыскалыгын, тездигин “**боз атка**” салыштырып жатышы **“боз”** түстүн да жакшылыктын жышаанасы эмес экендигин билдирсе, атактуу согуштун кайгы-касыретинин, арман-күйүтүнүн элегия-поэмасы “Жеңишбекте” :

Дүйнө – өмүр, уул бердин, бала бердиң,
Дүйнө – өмүр, алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
Ээри жок жайдакталып кайра келдиң? [3:268] – деп жоокерчилик замандагы кыргыз турмушунун этнографиялык элес-түшүнүктөрү, жамандыкты жоктон тапкансып сүйүнчүлөбөй, көңүл айтып акырындан угузган. Кыргыз элинде бул салт миңдеген жылдарды карытып келгени белгилүү, алсак XIII кылымда жашап өткөн Кет Бука ырчы каардуу Чынгыз

ханга уулу Жучинин өлүмүн комуздун мунду́у күүсү менен угузуп, өлүм жазасынан кутулуп кеткен.

“Түш оогондо Чорону жерге беришти. Боз чаңгыл булуттардын арасынан күндүн көзү өлүмсүк тартып суз көрүнөт. Чорону акыркы сапарына узатып чыккан азалуу эл убай-чубай желе тартып жүрүп, кыламык ак кар баскан талаа бетине жаңыдан нук салып аккан куйругу кыска из түшүрүп баратат. Алдыда кыр тактайларын түшүрүп койгон ачык машиненин үстүндө ак кийизге оролгон Чоронун сөөгү жатат. Ээрчиген эл атчан. Эки киши гана машиненин артында баштарын жерге салып, жөө келет. Бири-Чоронун уулу Самансур, экинчиси -Танабай. **Кара жабуу жабылган, бош ээр-токумдуу Гүлсары жорго** Танабайдын жетегинде” [2: 219]. Бул үзүндүдө да бекеринен кара жабуу жабылган жок, кара түс дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде жамандыктын жышаана-белгиси, аза күтүү катары туюндурулат. Бирок бул повестте аялына же жакындарына эмес, минип жүргөн атына кара жабуу жаап жетелеп баратат. Бул – адамды акыретке узатуудагы, өлүк коюу расмисиндеги улуттук каада-салт, жөрөлгө. Учурда аза күтүү, сөөктү жерге өз каада-салты менен узатууда да кыргыз салтында ача көз караштар пайда болуп, айрым учурда ислам динин өтө эле радикалдашып бараткан учурлар көп кездешүүдө жана Ч.Айтматовдун аталган повестинин, “Кылым карытар бир күн” романынын мисалында сөөк коюу расмисин көп окумуштуулар, коомдук ишмерлер (Ж.Сааданбеков, Д.Чокоева ж.б.) мисалга тартуу менен өз пикирлерин билдирүүдө. Ч.Айтматовдун чыгармалары чыныгы искусствонун туундусу катары эле эмес, кыргыз элинин жашоосунда, кыргыз улутунун өзүн-өзү таануусунда да жарык жанган жол, туура багыт катары кызмат аткарууда.

Белгилүү айтматов таануучу К.Асаналиев: «Нукура көркөм заттын сырын түбүнө чейин бүтүндөй ачуу мүмкүн эмес эле. Анын бир жагын айтсаң, бир жагы калат, бир катмары ачылса, экинчи катмары көрүнө баштайт, анткени ал ар башка учурда улам жаңы касиет-сапаттарын ачып отурат. “Гүлсарат” повести ушундай көркөм феномендин катарында турат” [4: 584], – деп көрөгөчтүк менен белгилегендей эле жазуучунун чыгармаларынын актуалдуулугу, көркөмдүк касиети күн сайын арбып, К.Асаналиев белгилегендей, “бир катмары ачылса, экинчи катмары көрүнө баштап, ал ар башка учурда улам жаңы касиет-сапаттарын ачып отурган” мезгили, образдуу айтканда “экинчи өмүрү” уланып, күн сайын таскагы арбып баратса, тетирисинче, кечээ советтик доордо көптөгөн ургаалдуу сыйлыктарга ээ болуп, авторго эчендеген атак-даңктарды алып келген жүздөгөн китептер, чыгармалар бүгүн окутуудан алынып, актуалдуулугу жоголуп, ал эмес айрым авторлор унутулуп баратат.

Айтса, чыгарманын жанры жөнүндө да кызыктуу ой-пикирлер болгондугун да эске алгандыгыбыз оң. Повесть жарык көрөрү менен эле, адаттагыдай түрдүү пикирлер айтылып, талаш-тартыштардын объектисине айланды. Ал эми москвалык көрүнүктүү сынчылар, окумуштуулар «Гүлсаратты» түз эле роман жанры катарында мүнөздөшүп, бери эле дегенде романдык мазмун сыйдырылган повесть деп баа беришти. Бул бекеринен болгон жок. Албетте, кеп «Гүлсаратты» роман же повесть деп атоодо эмес, роман деп койсо мартабасы бийиктеп, повесть дегенде төмөндөп кетпейт. Бул тууралуу белгилүү адабиятчылар А.Садыков менен К.Асаналиев “Кыргыз совет адабиятынын тарыхында” мындай баа берет: ”Бул жерде жанрдык иерархия анчейин формалдык, сырткы белги. Кеп, «Гүлсараттын» философиялык жана турмуштук маанисинде, кыргыз адабиятына жана жалпы совет адабиятына, дүйнөлүк көркөм тажрыйбага алып келген жаңылыгында, ачылгаларында. Кимдин оюнда бар эле, карапайым койчунун жана бир жылкычынын «тагдыры» заңы менен ааламдык орбитага көтөрүлүп, өзүнүн “жергиликтүү” эле болуп көрүнгөн турмуштук тажрыйбалары менен адамзат баласынын эң бир асыл, эң бир аянычтуу сезимдерин козгойт деп. Ошондуктан «Гүлсаратты» повесть дейбизби, роман дейбизби, бул анчейин кажет эмес, эң башкысы ушул чыгарманын келиши менен кыргыз адабиятында ушул убакка чейин өкүм сүрүп

келген адабий кырдаал жаңы сапаттык баскычка көтөрүлдү, кантсе да өнөр изденүүчүлүк өзүнүн жаңы закон-ченемдерин бекемдеди. Эң башкысы мына ушул” [5:603].

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повестинде улуттук каада-салт, эл-дик жөрөлгөлөр, улуттук оюндар, өң-түстөр автор өзү белгилеген “**улуттук «орнаментти» шөкөттөөнү”** максат кылбагандыгына, орус тилинде жазылгандыгына карабай, түшүнүк-төр өзгөчө чоң сүрөткерлик эргүү менен көз менен көрүп, кол менен кармап алчудай деңгээлде көркөм сүрөттөөгө алынган.

Пайдаланган адабияттар

1. Айтматов Ч. «Жер суу менен авторлошуп». Ф., 1978. -408-бет.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. III том. Б.: “Улуу тоолор”, 2014. -383-бет.
3. Осмонов А. Чыгармалар жыйнагынын III томдугу. 1-том. Ф.: “Кыргызстан”,1984. -296-бет.
4. Асаналиев А. «Чыңгыз Айтматов». // Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. II том. Ф.: Илим, 1990. -624-бет.
5. Садыков А., Асаналиев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы, 1-том. Ф.: Илим, 1987. -821-бет.

ИИМСИ ЖАРЧЫСЫ
илимий-маалыматтык журналы
№1 (5), 2023
1-бөлүк

Сдано в набор в 15.05.2023. Сдано в печать 05.07.2023
Печать офсетная. Объем 15,85 усл. печатных листов. 1/16. Тираж 100 экз.
Отпечатано в “Чакан басма”.
г. Жалал-Абад, ул. Токтогула, 22-1. Тел.: +996 703 834 624